# РАСУЛУЛЛАХТЫН (САВ) СҮРӨТТӨӨСҮ БОЮНЧА
# БЕЙИШ
# RESULULLAH'IN (SAV) DİLİNDEN
# CENNET

**Ыйман кылып чын ниеттүү иштерди жасагандар болсо бейиш калкы болушат, ал жерде түбөлүк жашашат.**

**(Бакара Сүрөсү, 82)**

**ХАРУН ЯХЬЯ – АДНАН ОКТАР**

**HARUN YAHYA**

**Bu kitapta kullanılan ayetler,**
**Ali Bulaç'ın hazırladığı**
**"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı"**
**isimli mealden alınmıştır.**

**1.Baskı Mart 2004**
**2.Baskı Ekim 2005**
**3.Baskı Ekim 2006**
**4.Baskı Mayıs 2008**
**5.Baskı Ocak 2009**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İşmerkezi
A. Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Kelebek Matbaacılık Litros Yolu
No: 4/1A Topkapı-İstanbul
Tel: (0 212) 612 43 59

w w w . h a r u n y a h y a . o r g - w w w . h a r u n y a h y a . n e t

# МАЗМУНУ

Киришүү

Аллах бейиш калкына даярдаган сый-жакшылыктар

Бейиштеги байлык жана молчулук

Бейиштеги жерлердин сулуулугу

Бейиштеги тамактар

Бейиштеги адам сулуулугу

Бейиштеги табият сулуулугу

Бейиштеги сонун жыттар

Бейиштеги үндүн жана маектердин сонундугу

Бейиштеги түбөлүк жашоо жана жаштык

Бейиште көңүл каалаган бүт нерсенин болушу

Бейиш калкынын Аллахка жакындыгы

Бейиш – Аллахтын адилеттүүлүгүнүн бир чагылуусу

Бейиш калкынын өзгөчөлүктөрү

Бейиш кубанычын сезүү

Убакыттын салыштырмалуулугу жана тагдыр

Заттын чыныгы жүзү көрсөткөн улуу акыйкат

Аяттарда бейиш

Жыйынтык

Эволюция жаңылыштыгы

# ОКУРМАНГА

Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлгөн. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада аяктаган. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алган. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууну максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, ушундайча адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну

түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, 21-кылымда дүйнөдөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттүүлүккө, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болмокчу.

# КИРИШҮҮ

Адам бул дүйнө жашоосунда напсисиндеги жамандыктарды жеңип, өмүрүн Аллах ыраазы боло тургандай өткөрүүгө милдеттүү. Бул үчүн болсо ага орточо алтымыш жетимиш жыл сыяктуу өтө аз убакыт берилген. Аллах Аны ыраазы кылган кулдары үчүн дүйнөдөгү бул кыска жашоодон соң түбөлүк жана теңдешсиз бир жашоо жараткан. Дүйнө жашоосундагы бул өмүр көз ачып жумганча бат эле өтүп бүтөт. Бул убакыт ичинде сабыр кылган, жакшы адеп-ахлакта бекем болгон, Аллахка чын жүрөктөн кул болгон пенделер акыретте өтө чоң бир сыйга; түбөлүк бейиш жашоосуна жолугушат. Албетте, бул – Раббибиздин кулдарына болгон берешендигинин, мээриминин жана сүйүүсүнүн өтө маанилүү бир чагылуусу.

Аллах бүт адамдарды бүт нерсенин эң сулуусунан, эң кемчиликсизинен ырахат ала турган жана аларды өтө каалап, самай турган бир рух менен жараткан. Ушул себептен, адам жашоону түшүнө баштаган күндөн баштап дайыма кемчиликсиздикке жетүүнү өтө эңсей берет. Дайыма сулуулук менен сый-жакшылыктарды (нематтарды) іздей берет. Бирок канчалык аны каалабасын жана ал үчүн канчалык аракет кылбасын, дүйнө жашоосунда эч качан көңүлү каалагандай кемчиликсиз жашоого жете албайт. Себеби Аллах дүйнө жашоосун атайын кемчиликтүү жана жетишсиз кылып жараткан.

Албетте, Аллахтын минтип жаратышында көптөгөн терең маанилер бар. Себеби **«Ал Аллах – жаратуучу, (эң кооз) кемчиликсиз пайда кылуучу, «калып жана келбет» берүүчү. Эң сонун ысымдар Аныкы. Асмандар менен жердегилердин баары Аны тасбих кылат. Ал – Азиз, Хаким.»** (Хашр Сүрөсү, 24) аятында айтылгандай, Аллах кемчиликсиз жаратат. Раббибиз баарына кудуреттүү, каалаганын жаратууга күчү жетет. Ошондуктан дүйнө жашоосундагы кемчиликтердин бир максаты бар. Раббибиздин мындай жаратышынын сырларынын бири – бул адамдын бейиштин бар экенин түшүнүшү жана ал үчүн чын ниеттен аракет кылышы.

Аллах адамдын табиятын бейиште гана бакубат жашай турган жана напсисинин каалоолору ал жерде гана канааттана турган кылып жараткан. Курандын көп аяттарында бул чындык адамга кабар берилген. Чыныгы жашоонун бейиште болоорун, ушул себептен бүт аракеттеринин чексиз сулуулуктар мекени болгон бейишти көздөшү керектигин эскерткен. Бул жөнүндө Куран аяттарынын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Бул дүйнө жашоосу –бир оюн жана «өзүнө тартуучу бир алаксуу» гана. Чындыгында, акырет мекени болсо – чыныгы жашоо ошол. Билишсе кана. (Анкебут Сүрөсү, 64)**

**Чындыгында жакшылар (чынчылдар) албетте сый-жакшылык ичинде. Тактылар үстүндө карап-көз жүгүртүшүүдө. Сый-жакшылыктын (нематтын) жаркыраган кубанычын сен алардын жүзүнөн көрөсүң. Аларга мөөрлүү, кошумчасыз бир шараптан ичирилет. Анын аягы жыпар жыттуу (мускус). Демек жарышкысы келгендер ушул үчүн жарышышсын. (Мутаффифин Сүрөсү, 22-26)**

**Аллах каалаганына ырыскыны кеңейтип-жайат жана кысат да. Алар болсо дүйнө жашоосуна сүйүнүштү. Чындыгында болсо дүйнө жашоосу акыретте(ги чексиз бакыттын жанында убактылуу) бир пайдалануу (мүлк) гана. (Рад Сүрөсү, 26)**

**Ал жерде каалаган нерселеринин баары алардыкы; Кабатыбызда андан да көбү бар. (Каф Сүрөсү, 35)**

Пайгамбар Мырзабыз (сав) болсо бир куттуу хадисинде дүйнө жашоосуна салыштырмалуу бейиштин адам үчүн канчалык чоң бир жакшылык экенин төмөнкүдөй мисал менен айткан:

***Бейиште жаачалык бир жер күн чыгып же баткан нерседен (дүйнөдөн) жакшыраак. [Kütüb-i Sitte-14, s. 429/2]***

Адам бул жөнүндө эч нерсе билбесе дагы, дүйнө жашоосунун кемчиликтерин жана напсисиндеги (көңүлүндөгү) сый-жакшылыктарга болгон эңсөөсүн бир саамга эле ойлонгондо, бул чындыкты оңой гана түшүнө алат. Себеби Аллах дүйнө жашоосунун чыныгы жашоо эместигин түшүнүшү үчүн адамга көптөгөн далилдерди жаратууда. Адам дээрлик ар күнү, өз денеси баш болуп, көптөгөн дүйнө жашоосунун кемчиликтерин көрөт. Аман-эсен жашаш үчүн эле канчалаган чараларды көрүшү керек. Кичине эле болсо ооруп, жаракат алып же ал тургай өлүп калышы мүмкүн. Өмүрүнүн көп бөлүгүн денесинин алсыздыктарын оңдоого жумшайт. Бирок канча аракет кылса да, жыл өткөн сайын денеси картайып, куурайт. Адам денеси сыяктуу, эң сонун гүлдөр да акырындап соолуйт; эң сонун түстүү, эң сонун жыттуу розалар, жоогазындар, фиалкалар чирип бузулат. Эң даамдуу жана эң жаңы мөмөлөр, жашылчалар кыска убакыт ичинде чирип, адам жегис болуп калат. Эң заңкайган үйлөр, буюмдар, машиналар акырындап эскирип, сынып талкаланат.

Булар адам дүйнө жашоосунда көргөн миллиондогон кемчиликтин бир канчасы гана. Бирок ушулар да адамдын көксөп самаган чыныгы мекендин дүйнө эмес экенин түшүнүшүнө жетиштүү болот.

Адам, ушундай кемчиликтерден улам, ичинен дайыма кемчиликсиздикти, мындай кемчиликтер эч болбогон бир дүйнөдө жашоону каалайт. Оорулар, өлүмдөр, согуштар, уруштар, жамандыктар, кемчиликтер, кыйынчылыктар эч болбогон бир дүйнөнү самайт. Ушул максатта эч көйгөйсүз, бактылуу бир жашоону дүйнө шарттарында түзүүнүн жолдорун издейт. Бирок Аллах Куранда адамдарга мындай жашоону бейиште гана жашай алаарын кабар берген. Ага жетүү үчүн адамга жүктөлгөн милдет болсо өтө оңой: Раббибиздин ыраазылыгына ылайык өмүр сүрүү. Мунун натыйжасында –Аллахтын каалоосу менен- өзү каалагандан жана кыялдана алгандан алда канча жакшы, кемчиликсиз жана чексиз бакытка толгон бир жашоого жетет.

Адам издеген, самаган, сүйгөн нерселеринин баарынын бейиште экенин түшүнүшү үчүн Аллах Куранда бейиш нематтары (сый-жакшылыктары) жөнүндө көп маалыматтарды берген. Бул китепте Куран аяттары менен Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын хадистеринин негизинде Раббибиз биз үчүн даярдаган ушул теңдешсиз нематтарды баян кылабыз.

Мындан тышкары, Инжилден Куран аяттары менен Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистерине туура келген сөздөргө да орун беребиз. Куран аяттарында бизге Инжилдин кийинчерээк бурмаланганы, ушул себептен ичинде туура эмес ишенимдер бар экени кабар берилет. Азыркы Инжилде акыйкат бөлүмдөр да, адамдар тарабынан кошулган туура эмес

маалыматтар да бар. Ушул себептен Инжилдеги баяндарды Куран аяттарына жана Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын хадистерине туура келээрине карап алышыбыз керек.

Бул китепте да ушул критерий эске алынып, Исламдык булактарга туура келген Инжил баяндарына орун берилген. Бул китептин максаттарынын бири – адамдарга чыныгы жашоонун дүйнөдө эмес, бейиште болоорун, көңүлдөрү каалаган бүт сулуулук, жакшылыктардын дүйнөдө эмес, бейиште экенин эске салуу. Мурда эч ойлонбогон болушса да, көңүлдөрүндөгү кемчиликсиз жашоого болгон эңсөөсүн канааттандыра турган жалгыз жашоонун бейиште экенин түшүнүшүнө көмөкчү болуу.

Дагы бир максат болсо, адамдардын бейиштин теңдешсиз кооздуктарын, түбөлүккө улана турган ырахаттарын терең ойлонушуна негиз түзүү. Себеби Куран аяттары да, Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистери да бизди көп адамдар мурда эч ойлобогон бейиш жакшылыктары жөнүндө кабардар кылат. Бейиштеги сулуулукту, чексиз сый-жакшылыкты жана сонун жашоону түшүнүү адамдардын бейишке болгон эңсөөсүн жана ал жашоого жетүү үчүн кыла турган аракетин көбөйтөт. Аллахтын чексиз мээримине жана теңдешсиз жакшылыктарына ылайыктуу болуу үчүн күчтүү бир каалоо жана чечкиндүүлүк менен соопту (жакшылык) иштерде жарышышына себепчи боло алат.

Албетте, бул китептеги бейиш сүрөттөөлөрү адам акылы жана билген түшүнүгү менен чектелет. Чындыгында болсо Аллах Куранда кабар берген жана Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде сүрөттөгөн бейиштин кемчиликсиздиги жана сулуулугу адамдын дүйнөдө ага берилген акыл менен түшүнүп, ойлоно алганынан алда канча өйдө жана теңдешсиз. Адам бейиштеги сулуулуктарды дүйнө жашоосунда билген нематтарга салыштырып, аларга окшоштуруу менен гана түшүнө алат. Бирок Раббибиз ал жерде чын ыкластуу кулдары үчүн даярдаган нематтардын сулуулугун акыретте гана чындап түшүнүп сезүүгө болот. Адам руху алардан ала турган ырахат ошол жерде гана сезиле алат. Мунун бир сыры болсо – Раббибиздин бүт сый-жакшылыктарды жана сулуулуктарды ыймандуу кулдарына гана тартуу кылышы. Аллах каапырларды (Аллахты тангандарды) бейиш нематтарынан куру кол калтырган. Аяттарда бейишке кире албаган адамдардын акыретте бейишти өтө самап, абдан бушайман болоору айтылат. Ал кишилер бейишти кусалык менен самап, түбөлүккө чейин абдан бушайман болуп бейишке кирүүнү тилешет. Албетте, алар да дүйнө жашоосунда бейиштин бар экенин, ал жердеги сулуулуктардан кабардар болушуп, бирок бул чындыкты көрмөксөн болушкан. Напсилеринин мындай каалоосун дүйнө жашоосунда канааттандыра алабыз деп ойлоп, болгон күчү менен дүйнөгө жан үрөшкөн.

Бул китепте айтылгандар ушундай чоң жаңылыштыкка түшкөн адамдардын чыныгы жашоонун акыретте болоорун түшүнүшүнө жана өмүрлөрүн Раббибиздин ыраазылыгын көздөп өткөрүшүнө себепчи болот деген үмүт бар. Ыймандуулардын болсо бейишке жетүү эңсөөсүн, чечкиндүүлүгүн күчөтүп, Аллахтын эң сүйүктүү кулдарынан болуу үчүн жакшылыктарда жарашышына шарт түзөт.

# АЛЛАХ БЕЙИШ КАЛКЫНА ДАЯРДАГАН СЫЙ-ЖАКШЫЛЫКТАР

Адамдар көңүлүндө каалаган, бирок дүйнө жашоосунда мүмкүн болбогон нерселерди кээде кинолордо, романдарда чагылдырышат. Мындай пикирлерди фантастика, утопия деп сыпаттап, турмушка ашпайт дешет. Көп адамдар мындай кыялдагы сонун нерселердин чындап болушун каалап, аларды туурайт. Бирок дүйнө шарттарында алардын ишке ашпашын билүү жана аларды жөн гана кыялдануу адамдардын рухуна терең ырахат бербейт. Тескерисинче, айланадагы кемчиликтерди андан да жакшыраак түшүнүп, дүйнөнүн чыныгы жүзүн көрүшүнө, бул болсо маанайларынын чөгүшүнө себеп болот. Албетте, мындай маанай ыймансыз кишилерге тиешелүү.

Акыреттин бар экенине анык бир илим, далилдер менен ыйман кылган ыймандуулар болсо кыялга көп сыйбаган бүт ыктымалдыктардын Аллахтын «бол» деши менен болуп калаарын, акыретте бейиш нематы катары алдыларынан чыгышы мүмкүн экенин билишет. Демек адам дүйнөдө «болсо кандай сонун болмок» деп ойлогон бүт сулуулук менен нематка бейиште жетишим мүмкүн деп үмүт кыла алат. Мындай үмүттөгү адам каалаган бүт нерсесине жетүү мүмкүн болгон бейишке татыктуу болуу үчүн болгон аракетин жумшап баштайт.

Бир хадисте Пайгамбарыбыз (сав) Аллахтын чын ыкластуу кулдары үчүн акыретте *«эч бир көз көрбөгөн, эч бир кулак укпаган жана эч бир адамдын жүрөгүнө келбеген бир катар немат-жакшылыктар»* болоорун айткан. [Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahirzaman Alametleri, s. 306/497]

Аллах бейишти сүрөттөп тааныткан аяттары аркылуу адамдарга дүйнөдөгүлөргө салыштыргыс бир немат көз-карашын ачат. **«Ал жерде каалаган нерселеринин баары алардыкы; Кабатыбызда андан да көбү бар.»** (Каф Сүрөсү, 35) аяты менен бейиштеги немат-жакшылыктардын көптүгү кабар берилүүдө. Пайгамбар Мырзабыз (сав) бир хадисинде ыймандууларга аларды күтүп турган бейиш жакшылыктары жөнүндө төмөнкү аятты эске салган:

**Эми эч бир напси (жан) кылгандары үчүн аларга көз кубанта турган эмнелердин (сансыз нематтардын) жашырылганын билбейт. (Сажда Сүрөсү, 17) [Tezkireti'l Kurtubi, s. 306/498]**

Аллах бейиште тартуулай турган сый-жакшылыктарды ойлоп жатканда, адам акылынын өтө чектүү экенин да эч унутпаш керек. Ушул себептен, адам ага убада кылынган нематтардын молчулугун, көп түрдүүлүгүн, теңдешсиз сулуулуктарын оюнда толук элестете албашы мүмкүн. Куранда жана хадистерде кабар берилген нематтар, сүрөттөөлөр адамдарга түшүнүктүү болушу үчүн дүйнөдөгү сулуулуктарга салыштырып сүрөттөлөт. Бирок алар бейиште алда канча сонун абалда болот. Себеби Аллах чексиз акылынын бир чагылуусу катары бейишти бүт кемчиликтерден тазалап, кемчиликсиз бир мекен кылып жараткан.

Адамдын чектүү ойлонуу жөндөмүн төмөнкүдөй мисал менен түшүндүрүүгө болот. Адамдын көрүү сезими болбой, даам сезүү, жыт сезүү, угуу жана тийүү сезимдери менен гана жаратылган болгондо; көрүп ырахат алынган нематтар ага канчалык сүрөттөлүп берилсе да, аларды түшүнө алмак эмес. Түстөн, жарыктан, сулуулуктан, симметриядан, көркөмдүктөн сөз кылынганда ал киши булардын баарын түшүнө алмак эмес эле. Ушул сыяктуу эле, азыр биз билбеген, бирок Аллах бейиште жарата турган жана бизге жапжаңы мүмкүнчүлүктөрдү

тартуулай турган башка сезимдер да болушу мүмкүн. Ошондуктан беш сезимибиз менен гана чектелген бул дүйнөдө кандай немат-жакшылыктардан кабарсыз экенибизди толук түшүнүшүбүз да мүмкүн болбойт.

Көз-караш жана кыялыбыздын чектүүлүгүн терезесиз бир үйдөн эч сыртка чыкпаган бир адамдын абалына да салыштырсак болот. Үйдүн сыртындагы сулуулуктардан –тоолордун, дарыялардын, дарактардын көрүнүшүнөн, бир-биринен сулуу гүлдөрдөн, сүйкүмдүү жаныбарлардан, ачык асмандан, күн нурунун жаркырашынан...- кабарсыз болгон бул киши кандай немат-жакшылыктарды сезбей жүргөнүн да биле албайт. Болгондо да, бул салыштыруу дүйнөдөгү сулуулуктар негизинде жасалган бир салыштыруу. Дүйнөнүн немат жана сулуулуктары болсо бейиш нематтарынын жанында өтө кемчиликтүү. Ошондуктан ыймандуу бир киши бейишти да чектүү илими менен, тар бир көз-карашы менен баалоодон качынып, мындай жаңылыштыкка түшпөшү керек. Себеби адам Раббибиз кабар бергендерден тышкары, бейиштеги майда-бараттардын, бейиш калкына даярдалган сюрприздердин эмнелер болушу мүмкүн экени жөнүндө жоромол да жасай албайт. Куранда ушуга басым жасалган аяттардын бирөөсүндө Аллах **«Ал жерде каалаган нерселеринин баары алардыкы; Кабатыбызда андан да көбү бар.»** (Каф Сүрөсү, 35) дейт.

Бир риваятта болсо Пайгамбарыбыз (сав) бейиш нематтарын төмөнкүдөй сүрөттөгөн:

***Бейишке чуркаган жокпу? Себеби бейиште акылга, ойго келбеген немат-жакшылык бар. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 306-307/499]***

# БЕЙИШТЕГИ БАЙЛЫК ЖАНА МОЛЧУЛУК

Динден алыс жашаган коомдордо байлык дайыма күч менен атак-даңктын символу болуп, адамдардын өмүр бою көбүнчө биринчи даражадагы максаттары арасында орун алган. Мунун себептеринин бири – ыйман кылбаган адамдардын көбүнчө бай болгондо гана чындап бактылуу боло алам деп ойлошу. Ал кишилер колдорундагы нерселерин ушундайча гана кепилдикке ала алам, бакубаттык, бейпилдик жана жактырган нерселериме да ушул жол менен жете алам деп ойлошот. Ошондуктан бүт өмүрлөрүн мал-мүлк чогултуу, акча топтоо жана туура инвестиция жасоо аракети менен өткөрүшөт. Ошол эле учурда, бир күн түгөнүп калат деп коркуп, колдорундагы мал-мүлктөрүн, буюмдарын колдонуудан, акчаларын каржоодон болушунча качынып, байлыгын сактоо үчүн бүт ыкмаларды колдонушат.

Бирок дүйнө шарттарында канчалык аракет кылынбасын, колдогу байлык адамдын рухуна күтүлгөндөй бир ырахат бербейт. Кээ бир тараптардан кишиге комфорт берсе да, кемчиликтерге толгон дүйнө шарттарындагы байлык да кемчиликтүү болот. «Дүйнө» сөзү арап тилиндеги «дений» сөзүнөн келип чыккан. Бул сөз болсо төмөн, жөнөкөй, баркы жок дегендей мааниlerге келет.

Аллахтын дүйнөнү ушундай кемчиликтүү, убактылуу сыяктуу сыпаттарда жаратышынын бир сыры болсо адамдардын бейиштеги сулуулуктардын баркын жакшыраак түшүнүшүнө шарт түзүү болушу да мүмкүн. Муну төмөнкүдөй бир мисал менен ойлонсок болот: жаш кезинен баштап жокчулукта жашаган бир киши өтө кооз буюмдар, теңдешсиз сулуу искусство эмгектери турган, дасторконго сонун тамактар жайылган, баалуу таштар менен кооздолгон бир жерге чакырылса, ал жердин сулуулугунан өтө таасирленип, абдан кубанат. Албетте, ал киши сезген ырахат менен кубанычы жаш кезинен мындай шарттарда жашаган бир кишиге салыштырмалуу өтө күчтүү болот. Биздин дүйнөдөгү абалыбызды да кандайдыр бир мааниде ушундай жокчулук менен жакырчылыкта жашаган адамдын абалына окшотууга болот. Бирок бул жерде бир нерсени белгилей кетүү керек: дүйнөдөгү эң бай киши дагы бейиш шарттары эске алынганда, жакыр бир киши болуп калат. Болгондо да, адам дүйнө шарттарында бул байлыкка чыныгы мааниде эч качан ээ боло албайт. Себеби дүйнөнүн эң бай кишиси болсо да, аягында бир канча метр кепинге оролуп, топуракка көмүлөт, жана колундагы бүт нерсеси, бүт байлыгы артында калат. Аллах бир аятта дүйнөдөгү нематтардын убактылуулугун төмөнкүчө кабар берет:

**Дүйнө жашоосунун мисалы – Биз асмандан түшүргөн, аны менен адамдар жана жаныбарлар жеген жер жүзүнүн өсүмдүгү аралашкан бир суу сыяктуу гана. Жер сулуулугун жамынып, кооздонгондо жана ал жердин эли чындыгында аны биз кылдык деп ойлоп жатканда (дал ушул учурда) түнкүсүн же күндүз ага буйругубуз келип, кечээ эч кандай байлыгы жоктой аны тамырынан жулунуп ыргытылган сыяктуу кылабыз. Ойлонгон бир коом үчүн Биз аяттарды ушундайча бир-бирден түшүндүрөбүз. (Йунус Сүрөсү, 24)**

Бейиште тартууланган байлык болсо дүйнө шарттарынын тескерисинче, адамдар көңүлдөгүдөй жашай турган, эч качан түгөнөт деп тынчсызданбай турган түбөлүк бир байлык. Куранда кабар берилген **«Кайсы тарапты карасаң, бир немат-жакшылык менен көп**

**мүлктү көрөсүң»** (Инсан Сүрөсү, 20) аяты менен бейиштеги ушундай байлыкка көңүл бурулган.

Инжилде да бейиштин өзгөчөлүгү катары молчулук сүрөттөлөт:

*Силердегини бергиле, силерге берилет. Жакшылап бастырылып, чайпалып жана ашып-ташып кучагыңарга толо берилет. Кандай өлчөмдө берсеңер, ошондой өлчөмдө аласыңар. (Лука, 6-бөлүм, 38)*

Бейиштеги байлык – Аллахтын чексиз сулуу чеберчилигинин чагылыштарын жана көз жоосун алган өтө көркөмдүү, эң бийик сулуулук менен гармонияны тартуулаган бир байлык. Жана бүт сулуулуктар ыймандуулардын каалоо, эңсөөсүнө жараша тартууланат. Себеби байлык ушундай сулуулуктарга айланганда гана адамдын рухуна ырахат берет.

Төмөндө «Бейиштеги жерлердин сулуулугу» темасында каралган көп хадистер ошол эле учурда бейиштеги байлыкка да басым жасайт. Себеби ал жерлердин сулуулугунун себеби кооз болушунан тышкары, кооздук үчүн колдонулган материалдардын өтө баалуу болушунда. Бир хадисте Пайгамбарыбыз (сав) бейиштин эмнелерден курулганын сураган бир кишиге төмөнкүчө жооп берген:

***Күмүш кирпичтен жана алтын кирпичтен! Аралашмасы да жыпар жыттуу. Бейиштин таштары бермет менен жакуттан, топурагы болсо заапаран... [(Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 451/6]***

Унутпаш керек болгон дагы бир жагдай болсо; бейиш калкына убада кылынган байлыктын чексиз, түгөнбөгөн молчулукта болушу.

## Бейиш казыналары:

Хадистерде айтылган казыналар да бейиштеги кереметтүү байлыкка басым жасайт. Бул байлыкты ойлогондо, мунун өтө кудуреттүү, мүлкү чексиз Аллахтын жараткан нерсеси экенин, Раббибиздин кулдарынын каалаганына бул нематтарды берээрин унутпаш керек. Пайгамбар Мырзабыз (сав) бул чындыкты төмөнкү сөздөрү менен эске салган:

***Сага алтындан, бейиш казыналарынан бир сөзду айтайынбы? Мындай дейсиң: «Ла хавле вела кувветe Илла Биллах» (Аллахтан башка тосо турган да, кыла турган да бир күч-кубат жок.) Ошондо Аллах айтат: «Кулум моюн сунду жана саламаттык тапты.» [Ramuz el-Ehadis-1, s. 166/3]***

Дүйнөдөгү байлык адамдын колундагы бүт нерселер сыяктуу убактылуу жана бир күнү түгөнөт. Бир адам канчалык бай болбосун, ал байлыгы бир канча он жыл менен чектелет. Мындан көбүрөөгүнө баарынан мурда адамдын өз өмүрү жетпейт. Ушул себептен ыймансыз кишилердин дүйнөдө эң негизги максаттарынын бирин түзгөн, алардын ач көз болушуна себеп болгон байлык эңсөөсү өтө кыска убакытка созулат. Инжилде да дүйнө байлыгынын убактылуу экени, туруктуу нерсенин болсо бейиштеги казыналар экендиги жана ушул себептен ыймандуулардын акырет үчүн аракет кылышы керектиги жазылган:

*Жер жүзүндө өзүңөргө казыналар чогултпагыла. Бул жерде күбө (моль) менен дат аларды жеп түгөтөт, уурулар да кирип уурдап кетишет. Анын ордуна өзүңөргө асманда казыналар чогулткула. Ал жерде күбө менен дат да аларды жеп түгөтпөйт, уурулар да кирип уурдашпайт. Казынаңар каякта болсо, жүрөгүңөр да ошол жакта болот. (Матфей, 6-бөлүм, 19-21)*

Ошондой эле, канчалык көп байлык болсо да, керек болгондо аны баа менен өлчөп, жыйындысын сан менен көрсөтүүгө болот. Бейиш нематтары болсо баа бычылгыс сулуулук менен сыпаттарда болот. Жана Аллах ыраазы болгон кулдарына эсепсиз тартууланат. Аллах Куранда **«Күмөнсүз, бул Биздин ырыскыбыз, эч түгөнбөйт.»** (Сад Сүрөсү, 54) аяты менен бейиш нематтарынын ушул өзгөчөлүгүн кабар берген. Башка бир аятта болсо Аллах **«Токтоп-түгөнбөгөн жана тыюу салынбаган (мөмөлөр).»** (Вакыа Сүрөсү, 33) деп бейиштеги тамактардын да ушундай өзгөчөлүктө болоорун кабар берет. Аллах билдиргендей, бейиш нематтарында түгөнүү, азайуу, жоголуу деген нерсе болбойт. Ал нематтар бейиш калкына тынымсыз берилет. Бейиш казыналары, албетте, Аллах ыймандуу кулдарына бейиште тартуулай турган нематтардан. Бүт мүлктүн ээси Аллах бейиш үчүн тандаган кулдарына ал казыналарды эсепсиз, түбөлүк берет.

## Бейиштеги мүлктүн көптүгү:

Мүлктүн, байлыктын эсепсиз көп болушу бейишке тиешелүү бир өзгөчөлүк. Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде бейиштеги мүлктүн көптүгү жөнүндө мындай деген:

***Бейиш калкынын эң төмөнкү даражадагысынын бейиштеги мүлкүн кыдырып көрүп чыгышы эки миң жылга созулат жана ал мүлктүн эң алыстагысын эң жакынындагыдай көрөт... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 113/8]***

***Эгер бейиштеги нерселерден бир тырмакчалыгы көрүнгөндө, жер менен асман арасын кооздукка бөлөмөк. Эгер бейиш калкынан бир адам көрүнүп билериктерин көрсөткөндө, күндүн жылдыздардын нурун басып салышы сыяктуу күндүн нурун басып салмак. [(Tirmizi), Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 409/10096]***

Хадисте да көңүл бурулгандай, бейиштеги немат-жакшылыктардын аз бир бөлүгү эле дүйнө критерийлери менен караганда укмуш көптүктү көрсөтүүдө. Жогорудагы хадистердин бирөөсүндө билериктердин жылдыздардан да жаркыраган нурдуу экени, көз жоосун алаары айтылса, башка бир хадисте болсо бейиш калкынын жасалгаларынын чыканакка чейин болоору айтылып, молчулукка басым жасалган:

***Бейиш калкынын зыйнаттары даарат суусу жеткен даарат жерлерине чейин жетет. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 247/7]***

## Кымбат баалуу таштардын жана металлдардын молчулугу:

Аллах Курандагы **«Кылдаттык менен жасалган зергердик тактылар үстүндө.»** (Вакыа Сүрөсү, 15) жана **«Адн бейиштери (алардыкы); ал жакка киришет, ал жерде алтындан билериктер менен жана берметтер менен жасанышат...»** (Фатыр Сүрөсү, 33) аяттары аркылуу бейиште ар кандай зергердик буюмдар менен кымбат баалуу таштардын бар экенине көңүл бурат. Бейиш жөнүндө Куран менен хадистерде айтылган зергердик буюмдар адамзат тарыхында дайыма байлык менен даңазалуу сулуктун символдору болуп келген. Өтө кымбат баалуу бул зер буюмдары табиятта аз кездешкен кооздукка ээ. Алмаз, бермет, жакут, алтын, күмүш сыяктуу зыйнаттар – бүт адамдар жактырып, алар менен кооздолгон буюмдарды көрүүдөн ырахат алган кооздуктар.

Бейиш нематы катары берметтен сөз кылынган хадистердин бир канчасы төмөнкүдөй:

***Бейиштиктердин баштарында таажылар бар. Таажыдагы бир бермет мешрик (чыгыш) менен магриб (батыш) арасын жарык кылат. [(Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 451/6]***

***... Аялдын мойнундагы берметтердин бирөөсү гарб (батыш) менен шарк (чыгыш) арасын жарык кылат... Башындагы таажылардын эң кичинекей бермети да шарк менен гарб арасын жарык кылат. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 99/8]***

Бермет бейиштеги нематтардын аз кездешкен баалуулугуна басым жасашы жагынан маанилүү бир мисал. Берметти чыгаруу үчүн деңиздерге көп жолу терең сүңгүш керек. Болгондо да көп санда чогултулган устрицалардын аз бөлүгүндө гана бул баалуу зыйнат кездешет. Бул кичинекей таштын сулуулугунан тышкары, аны баалуу кылган дагы бир өзгөчөлүк болсо – бул жерде айтылгандай, көп кыйынчылыктар менен алынышы.

Дүйнөдө аны алуу үчүн көп убакыт, эмгек жана каражат талап кылган бул баалуу таш акыретте мол санда болот. Өтө баалуу, аз кездешкен бир коздуктун мол болушу, албетте, адамдын рухунда башкача бир толкундануу жаратат. Мындан тышкары, аяттарда айтылган бейиш нематтары биз элестеткенден алда канча сулуу болушу мүмкүн. Хадистерде «чыгыш менен батыштын арасын жарык кыла турган бир бермет» деп айтылганда, биз мындай берметтин жалтырак коздугун толук элестете албашыбыз мүмкүн.

# БЕЙИШТЕГИ ЖЕРЛЕРДИН СУЛУУЛУГУ

Дүйнөнүн эң сулуу жерлери арасында сарайлар, заңгыраган үйлөр дайыма башкы орундарда турат. Ал жерлердин сулуулуктары сүрөттөлүп жатканда да дайыма сулуу бир пейзажы, буюмдарынын өтө баалуу болушу, жасалгаларынын сулуулугу, устундардын, алтын жалатылган тактылардын, эмеректердин даңазалуу сулуулугу айтылат.

Аллах Куранда билдирген бейиш жөнүндөгү аяттарда да адамдар жактырган жерлер – заңгыраган үйлөр, сарайлар, бакчалар, чатырлар- көп айтылат. Дүйнөдө аз санда кездешкен мындай жерлер бейиште кемчиликсиз жана эң кооз абалда Аллахтын сүйгөн кулдары жашаган жерлер катары түбөлүккө чейин бар болот.

Бейиштеги байлык менен молчулук сүрөттөлгөн хадистердин кээ бирлери мындай:

***Бир кирпичи күмүш, бир кирпичи алтын, аралашмасы кескин жыпар жыттуу, асты бермет менен жакут, топурагы болсо заапаран болуп, ал жерге кирген бактылуу болот, үмүтсүз болбойт, түбөлүктүү болот, өлбөйт... [Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 408/10088]***

***... Бейиштин шагылдары бермет менен жакуттан, топурагы болсо заапаран (шафран)... [(Tirmizi); Kütüb-i Sitte-14, s. 451/6]***

Хадистерде бейиштеги жерлердин бүт материалдарынын өтө баалуулугуна көңүл бурулуп, шагыл сыяктуу көп кездешчү майда таштардын ордуна да бермет менен жакут болоору кабар берилген.

## Бейиштеги заңкайган үйлөр:

Дүйнөдөгү сулуулуктар дүйнө шарттарында канчалык кемчиликсиз болсо да, баары бир көп кемчиликтери болот. Ошондуктан дүйнөдөгү эң кооз үй да бейиш үйлөрүнө салыштырмалуу өтө жупуну болуп калат. Эң биринчиден, убакыт дүйнөдөгү көп сулуулуктарды бузуп, талкалайт. Мисалы, кандайдыр бир үй эч колдонулбаса дагы, каралбай ташталса, акырындап эскире берет. Ичиндеги буюмдар эскирип, нымдын таасиринен көгөрөт жана чирип баштайт. Төшөктөрдүн бекемдиги барган сайын азайып, кездемелердин өңдөрү соолуп баштайт. Ошондой эле, буюмдардын үстүн калың чаң басып, айлананы жөргөмүш торлору каптайт. Ошентип ал кооз жер убакыттын өтүшү менен адам жашагыс болуп калат. Бейиштеги үйлөр болсо бүт мындай кемчиликтерден, убакыттын эскиртүүчү таасирлеринен алыс. Куранда бейиш үйлөрү айтылып жатканда, ал үйлөрдүн астыларынан суулар агаары, бийик жана коопсуз жерлер экени кабар берилет:

**Ыйман кылып салих амал кылгандар; аларды ичинде түбөлүк калуучулар кылып, астынан дарыялар аккан бейиштин бийик сарайларына сөзсүз жайгаштырабыз. (Салих) Амалдарды кылгандардын сыйлыгы кандай сонун. (Анкебут Сүрөсү, 58)**

**Биздин Кабатыбызда силерди (Бизге) жакындата турган силердин мал-мүлкүңөр же бала-чакаңар эмес; бир гана ыйман келтирип, ыкластуу амалдарды кылгандар башка. Мына ошолор; алар үчүн кылгандарынын акысы катары эсе эсе сыйлыктар бар жана алар бийик сарайларында бейпилдик (тынчтык) ичинде. (Саба Сүрөсү, 37)**

Пайгамбарыбыз (сав)дын бир хадисинде болсо бейиш үйлөрү төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

***Гурфелер (бейиш сарайлары) кызыл жакут, жашыл зымырыт (изумруд) жана ак берметтен. Аларда эч кандай кемчилик жок. Бейиш калкы аларга силердин асманда чыгыш менен батыштагы жылдыздарды караганыңардай карашат... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 225/6]***

Инжилде болсо Аллах акыретте даярдаган орундардан төмөнкүчө сөз кылынат:

*Биз билебиз; жашап жаткан бул дүнүйөлүк чатырыбыз куласа, асмандарда Аллах бизге берчү бир турак жай, кол менен курулбаган жана түбөлүк тура турган үйүбүз бар. (Корунттуктарга экинчи кат, 5-бөлүм, 1)*

Бейиш сүрөттөөлөрүндөгү байлык жөнүндө айтылгандардын баары – бүт доорлордо жашаган адамдардын баары жактыра турган кооздуктар. Байлык менен даңазалуу сулуулуктун символу деп кабыл алынган жакут, изумруд, бермет сыяктуу баалуу таштар – бул бүт адамдар өзүндө болушун каалаган өтө баалуу жана сейрек таштар. Ушул себептен бейиш үйлөрүнүн ушул таштардан жасалышы алардын теңдешсиз баалуулугуна басым жасоо жагынан өтө маанилүү.

Булардан кызыл өңдүү айнек сымал бир таш болгон жакут жер жүзүндөгү төрт баалуу таштардын арасынан эң сейреги. Бермет болсо жалтырак, седептей өңү, жылмакайлыгы жана тоголок формасы менен өтө кооз. Көп кыйынчылыктар менен алынган бул кичинекей бөлүкчөнүн пайда болушу да өтө өзгөчө. Устрицанын ичиндеги кичинекей кумдун айланасынын акырындап кальций карбонат менен оролушу натыйжасында ушундай көз жоосун алган кооздук пайда болот. Албетте, бейиш жөнүндө айтылган бул салыштыруу жана сүрөттөөлөр да дүйнө шарттарына жараша берилген мисалдар. Бул адамдардын көз-карашынын кеңейиши, бейишти ойлонушуна себепчи болушу жагынан керектүү. Бирок бейиште бул сулуулуктар алда канча сонун болот.

Бейиштеги бүт нерселер эң жагымдуу сулуулукта жаратылган. Бейиш үйлөрү жөнүндө Пайгамбар Мырзабыз (сав) башка бир хадисинде мындай дейт:

***Бейиште бир сарай бар. Айланасы мунаралар, чөптүү, суулуу жерлер менен курчалган. Беш миң эшиги бар... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 125/5]***

Ал сарайлардын сулуулугуна сулуулук кошкон дагы бир өзгөчөлүк болсо – ал сарайлардын өтө кооз жерлерде жайгашышы. Мисалы, жогорудагы хадисте да сүрөттөлгөндөй, кээ бир сарайлардын жашыл майсаң менен курчалышы жана суунун жээгинде орун алышы өзүнчө бир сулуулук. Ал сарайлар деңиз жээктеринде, океан пляждарында, көл жээктеринде, дарыялардын жанында, шаркыратманын маңдайында жана ушул сыяктуу таң калтырчу жерлерде курулган болушу мүмкүн.

Мындан тышкары, бейиш сарайлары жөнүндө төмөнкүдөй дагы бир өзгөчөлүккө көңүл бурулат:

***Бейиште ушундай сарайлар бар; ичиндеги сыртындагыны, сыртындагы ичиндегини көрөт... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 125/9]***

***Бейиште бийик жерлер бар. Сырты ичинен, ичи сыртынан көрүнөт. [Kütüb-i Sitte-14, s. 447/2]***

Бул хадистерден түшүнгөнүбүз боюнча, бейиштеги кээ бир сарайлар адамдар ичин да, сыртын да көрө ала турган айнек же башка бир тунук материалдан жаратылган болушу мүмкүн. Полдун, дубалдардын жана шыптын мындай тунук болушу болсо ичинде отурган кишилерге ырахат тартуулоочу бир сулуулук болуп саналат.

Бул хадисте бейиште кишилердин ички да, сыртты да бир учурда көрө ала турган өзгөчө бир көрүү жөндөмүнө да ишарат кылынып жатышы мүмкүн. Б.а. бейиште дүйнөдөгүдөн башкача бир көрүү жөндөмү да болушу ыктымал. Себеби адам кээде турган жеринен башка бир жердегилерди да көргүсү келиши мүмкүн.

Мисалы, асманды караганыбызда каалаганда планеталарды, жылдыздарды эч бир технологиялык каражатсыз бүт майда-чүйдөлөрүнө чейин көргүбүз келет. Бирок жаркыраган чекиттерди гана көрө алабыз. Бир буюмду караганыбызда анын атом деңгээлиндеги көрүнүшүн да көз менен көрө албайбыз. Ошондуктан көрүү аймагыбыз турган жерибиз жана көзүбүздүн көрө алгандары менен эле чектелет. Бейиште көздүн көрүү кескиндиги каалоого жараша бир аймакка тигилип, майда-бараттарды көрө алышы, дубал сыяктуу эч нерсе көрүүгө тоскоол боло албашы мүмкүн. Себеби бейиште бүт нерсе кишинин каалоосуна жараша жаратылат жана бейиш калкы көргүсү келген бүт нерсесин көрө алат. Аллах бул чындыкты Куранда **«...ал жерде напсилер (көңүлдөр) каалаган жана көздөр ырахат алган бүт нерсе бар...»** (Зухруф Сүрөсү, 71) аяты менен сүйүнчүлөйт.

Ошондой эле, Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринин биреөсүндө болсо бейиш сарайларынын эч нерсеге таянбастан тураары айтылат. Албетте, бул да теңдешсиз жана көңүл толкута турган бир сулуулукка ишарат кылат:

***Бир күнү Расулуллах «Бейиште ушундай сарайлар бар; аны жогоруда кармап тура турган карматкычтары да, астында тирөөчтөрү да жок» деди. Муну уккан сахабалар «Эй Аллахтын Элчиси, ал сарайлардын тургундары ага кантип киришет?» деп сурашты. Расулуллах (а.с.м.) «Алар куштар сыяктуу учуп киришет» деди. [Dünya Ötesi Yolculuk, s. 294]***

## Бейиштеги шаарлар:

***Бейиште «Реййан» деп аталган бир дарыя бар. Үстүндө маржандан бир шаар курулган. Анын алтын менен күмүштөн жетимиш миң эшиги бар. Бул Куран жолундагыларга тиешелүү. [Ramuz el-Ehadis-2, s. 326/4]***

Бул хадисте Пайгамбарыбыз (сав) көңүл бурган алтын менен күмүш даңазалуулуктун, байлыктын жана искусствонун символу болгон металлдар. Экөө тең жалтырак, бекем, формага оңой кирген жана алынышы кыйын металлдар катары тарых бою өтө маанилүү болуп келген. Алтын жер жүзүндө тоннасына 0,004 грамм кездешет. Алтын кендеринде болсо алтындын көлөмү тоннасына 6-12 грамм арасында өзгөрөт. Ошондуктан кичинекей алтынды алуу үчүн тонналаган салмак ташты процесстен өткөрүү керек болот. Алтындын кыйынчылык менен алынышы жана жер жүзүндө башка металлдарга салыштырмалуу аз көлөмдө кездешиши аны өтө баалуу кылууда. Жалтырак, бекем, оңой формага кирген бул баалуу металлдын адамдарга ырахат тартуулоодо да маанилүү орду бар.

Бул болсо кооз жана чеберчилиги жогору болгон эмгектерди жасоодо алтындын тандалышына себеп болот. Бизге кооз көрүнгөн, бай жана даңазалуу сезилген көп нерселер же алтындан жасалган же алтын менен кооздолгон. Мындан тышкары, алтын буюмдарды кооздоо, мукаба, каллиграфия, декорациялоо, жарыктандыруу сыяктуу көп искусство тармактарында да орду алмаштырылгыс бир материал. Бул жагынан хадистерде айтылган жерлерде көп санда алтындын колдонулушу да адамдардын көңүлүнө жаккан, баалуу бир нематтын ишараты. Дүйнө шарттарында адамдар алтынды куйма абалында гана көрүшөт. Кээ-кээде гана бир катар

буюм же аксессуарларды, балким бир сарайда алтын менен капталган устундарды көрүшү мүмкүн. Булар алтынды кичинекей бир катар зыйнат буюмдарында көрүп көнгөн адамдарды өтө таң калтырат. Сом алтындан курулган бир бийик имаратты же бир сарайды, вилланы, особнякты элестетүү да кыйын. Мунун чындык экенин ойлоп коюу эле адам рухуна зор толкундануу менен ырахат тартуулайт. Төмөнкү хадисте болсо бейиштеги имараттардын кирпичтеринин алтын менен күмүштөн экени айтылат. Бул ансыз да өтө кооз болгон бейиш үйлөрүнүн сулуулугун андан да арттырып, аларды андан да сонун кылат:

***Бейиш имараттарынын бир кирпичи алтын, бир кирпичи күмүш, аралашмасы жыпар жыттуу, шагылы бермет менен жакут жана топурагы болсо заапаран (шафран)... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 200/6]***

Төмөнкү хадисте болсо алтын бир тирөөчтөн сөз болуп, бейиштеги байлык менен даңазалуулуктун башка тарабы айтылат:

***Бейиште алтындан бир тирөөч жана үстүндө изумруддан (жалтырак, жашыл, кымбат баалуу бир таш) шаарлар бар; алар бейиште жылдыздар сыяктуу жарык чачышат... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 125/6]***

Бул хадисте көңүл бурулган дагы бир нерсе болсо шаарлардын бийиктиги болушу мүмкүн. Албетте, дүйнө шарттарында бийик бир шаар пейзажы жана көңүлгө ырахат тартуулашы жагынан жактырылат. Бейиштеги шаарлардын сонун пейзаждардын ичинде экенин эске алсак, ал жерлердин адам рухуна канчалык ырахат тартуулашын жакшыраак түшүнөбүз. Хадистердеги мындай жерлер –тирөөчтөр үстүндөгү шаарлар- Куранда айтылган бийик сарайлар жөнүндөгү аяттарга окшошот:

**Бирок Раббилеринен коркуп-тартынгандар болсо; аларга бийик сарайлар бар, алардын үстүндө болсо бийик сарайлар курулган. Алардын астында суулар агып турат. (Бул) Аллахтын убадасы. Аллах убадасынан кайтпайт. (Зүмер Сүрөсү, 20)**

Шаар жашоосун ойлогонубузда эсибизге эң биринчиден көптөгөн көйгөйлөр келет. Көчөлөр, медицина, транспорт, абанын булганычтыгы, инфраструктура, суу, электр энергиясы, телефон, коопсуздук сыяктуу көп жагдайлар адамдардын өмүр бою алектенген маселелерине айланган. Ал тургай, адамдардын бакубат, бейпил өмүр сүрүшүн камсыздоо жана бул маселелерди чечүү үчүн көптөгөн адистиктер да пайда болгон.

Бейиш шаарларында болсо мындай маселелер да, аларга себеп болчу факторлор да жок кылынган болот. Ошондой эле, Аллах **«... Ал жерде (күйгүзүүчү) бир күн да, тоңдура турган суук да көрүшпөйт.»** (Инсан Сүрөсү, 13) аятында билдиргендей, бейиште аба адам руху менен денеси эң ырахат алып, бейпил боло тургандай температурада болот. Ушул себептен атайын бир жылытуу же салкындатуу системасына да муктаждык болбойт. Ошол сыяктуу, кийинки бөлүмдөрдө каралгандай, бейиште транспорт кыйынчылыгы да болбойт. Туурасын Аллах билет.

Хадисте бейиштеги имараттар жөнүндө айтылып жатканда алардын материалынын жыпар жыттуу бир зат болоору сүрөттөлүүдө. Көрүнүп тургандай, Аллах бейиште жараткан нематтар бүт сезимдерибизге ырахат тартуулай турган абалда жаратылат. Сонун жыт адамдар үчүн өтө чоң бир немат. Розанын, гвоздиканын, лилиянын, гиацинттин, сиреньдин, акациянын жана арчалардын жыттары адамдар үчүн сонун тартуулар болот. Мындан тышкары, ар кандай сонун жыттар адамдын көңүлүнө абдан жагат. Бейиштеги сонун жыттар дүйнөдөгүгө

салыштыргыс жана адамдар эч күтпөгөндөй болот. Пайгамбарыбыз (сав) хадисинде билдиргендей, имараттардын материалдарынын жыпар жыттуу болушу мунун эң сонун мисалдарынын бири. Албетте, материалы жыпар жыттуу болгон бир имарат – Аллах бейиште ыймандууларга даярдаган сонун нерселердин бирөөсү гана.

## Бейиштеги чоң сарайлар:

Бир хадисте бейиштеги сарайлардан төмөнкүчө сөз кылынат:

***Бейиштин ичинде берметтен бир сарай бар. Ал сарайдын ичинде кызыл жакуттан жетимиш особняк бар. Ар особняктын ичинде жашыл изумруддан (жалтырак, жашыл, кымбат баалуу бир таш) жетимиш үй бар. Ар үйдүн ичинде жетимиш такты, ар тактынын үстүндө болсо ар кандай түстө жетимиш төшөк бар. Ар үйдүн ичинде жетимиш дасторкон, ар дасторкондун үстүндө болсо жетимиш түрдүү тамак бар. Ошондой эле, ар үйдүн ичинде жетимиш кызматчы бар... [Tezkireti'l Kurtubi, s. 323/554]***

Бул жөнүндө башка бир хадис болсо төмөнкүдөй:

***Сөзсүз, бейиш сарайларынан бир сарайдын ичинде жетимиш түр (жер, дүйнө, үй) болот. Ар биринде ичине кирүү үчүн жетимиш эшик, ар эшиктен башкаларынан кирип жаткан жыттан башка бейиш жыттарынан жыт кирет... [Tezkireti'l Kurtubi, s. 323-324/555]***

Хадистерде бейиш сарайларынын эң баалуу таштардан жасалганы, эң кооз жана эң комфорттуу жасалгаланганы, ичтеринде немат толо экени айтылууда. Дүйнө жашоосуна ыраазы болбогон жана бул жашоонун убактылуу кооздуктарына алданбаган ыймандуулар акыретте бүт немат-жакшылыктардын чыныгысы, эң сонуну жана түбөлүктүүсү менен сыйланышат. Акырет мекенин каалап болгон аракетин кылганы үчүн чыныгы ырахаттануу менен кубанычты бир-биринен сулуу бейиш мекендеринде түбөлүккө сезет. Ал жердеги чөйрө ар кандай люксту, сулуулукту, байлыкты камтуу менен бирге, бейиш калкы дайыма Аллахты эстеген жана Ага чын көңүлдөн шүгүр кылган бийик жана таза чөйрө болот. Аллах бир аятта бейиш калкы шүгүр кылып, бактылуу жашашын төмөнкүчө кабар берет:

**(Алар болсо) Мындай дешти: «Бизге болгон убадасында бекем турган жана бизди бул жерге мураскор кылган Аллахка мактоолор болсун; бейиштен каалаган жерибизде жашай алабыз. (Чын ыкластуу) Иштерди кылгандардын сыйлыгы кандай сонун. (Зүмер Сүрөсү, 74)**

## Бейиштеги чатырлар:

Бейиштеги чатырлар да көп хадистерде сүрөттөлгөн. Бул хадистердин бир канчасы төмөнкүдөй:

***Сөзсүз, бейиште (ыймандуу үчүн) ичи бошотулган нагыз берметтен бир чатыр бар. Ал чатырдын туурасы алтымыш миль (болжол менен 100 км). Анын ар бурчунда (ыймандууга тиешелүү) бир катар тургундар бар; алар башкаларын (б.а. бир-бирлерин) көрө алышпайт. Ал эми момун (ыймандуу) болсо аларды кыдырып зыярат кылат. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 325/560]***

***Бейиште момундун (ыймандуунун) бийиктиги алтымыш миль (болжол менен 100 км) болгон бир бермет чатыры бар. [Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 408/10091]***

***Туурасы да ошондой (б.а. алтымыш миль). Ал жерде ыймандуунун үй-бүлөлөрү болот. Момун (ыймандуу) аларды бир-бирден кыдырат... [(Buhari, Müslim ve Tirmizi); Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 408/10092]***

***Бейиш калкынан даражасы эң төмөн адамдын сексен миң кызматчысы бар. Ал үчүн берметтен, изумруддан жана жакуттан бир чатыр курулат. Ал чатырдын чоңдугу Жабиядан Санъага чейин созулат. [(Tirmizi), Büyük Hadis Külliyatı- 5, s. 412/10114]***

Бүт нерсе эң сонун абалда жаратылган бейиште чатырлар да эң жогорку комфорт менен, ыймандуулардын ырахатына, бейпилдигине ылайык жаратылат. Пайгамбарыбыз (сав) кабар бергендей, баалуу таштардан жасалган ал чатырлар өтө чоң болот. Хадистерде бейиште кишилердин өтө кенен жана бийик берметтердин ичинде, үй-бүлөлөрү жана жакындары менен сонун өмүр сүрөөрү кабар берилүүдө. Албетте, бул Раббибиздин теңдешсиз жаратуу кудуретинин жана чеберчилигинин бир чагылуусу. Дүйнө жашоосунда сансыз кемчиликтер менен алсыздыктар ичинде жашаган адамдын мындай сулуулукту элестетиши эле аны канчалык толкундантат. Сулуулугу менен чоңдугунан тышкары, изумруд менен жакуттан жасалган бейиш чатырларынын ичинде бир кишиге кызмат кылгандардын саны да дүйнөдө Аллахтын ыраазылыгын, мээримин жана бейишин үмүттөнүп, аракет кылып чарчаган бүт адамдар үчүн сонун бир сүйүнүчтүү кабар.

## Бейиштеги базарлар:

Базарлар, маркеттер адамдар муктаждыгын камсыздашы үчүн алдыларына көп варианттарды сунган соода жерлери болуп саналат. Мындай соода борборлорунда ар кандай тамак-аш менен буюмдар ар кандай түрдө, ар кандай пакеттерде (таңгакталып) турат. Адамдар жакшы тамактануу, ар кандай даамдарды татуу, жарашыктуу кийинүү, ишин жеңилдете турган каражаттарды сатып алуу, көңүлүнө жаккан жана комфорт бере турган буюмдарды алуу каалоосу менен базарларга барышат. Дүйнө шарттарында адамдарга жаккан бул нематты Аллах бейиште да эң сонун абалда жаратат. Бейиштеги базарлар сансыз түрдүү нематтары менен, молчулук кубанычын тартуулаган көрүнүштөрү менен бейиш калкынын ичиндеги ушул каалоосун канааттандырат. Болгондо да, бейиште дүйнөдөгү мүмкүнчүлүк чектүүлүктөрү да жок болот. Мисалы, дүйнөдө адамдар соода борборлорун кыдыруудан ырахат алса да, андан чарчашат. Көп адамдардын ал жерлерди кенен кыдыра турган убактысы да жок. Мындан тышкары, каалаганын сатып алуу мүмкүнчүлүгү бар адамдардан тышкары, андан ырахат алса да, каалаганын сатып алуу мүмкүнчүлүгү болбогон адамдар да бар. Адамдар акчасын төлөсө, көптөгөн түрлөрдүн арасынан каалаганын сатып ала алат. Бирок эгер жетиштүү акчасы болбосо, аларды кыдырып көрүү менен гана чектелиши керек болот. Пайгамбарыбыз (сав) хадистерде айтышы боюнча, бейиш базарларында адамдар каалаган нерселеринин баарынан каалаганча ала алышат. Ал жерде соода жок, бүт адамдар каалаганын ала алат. Ал жерлердеги немат түрлөрү болсо адамдар мурда эч көрбөгөн жана элестете да албаган нематтар болот. Аллах берешендиги менен бүт адамдарга каалаганын берип, эч кимдин эч кандай муктаждыгы калбайт.

Хадистерде бул мындайча айтылат:

***Сөзсүз, бейиште бир базар бар, периштелер аны зыярат кылышат. Ал жерде көз көрбөгөн, кулак укпаган жана көңүлгө келбеген нематтар бар. Көңүлүбүз каалаган нерселердин баары бизге алып келинет. Бирок ал жерде эч нерсе алынып сатылбайт. Ал жерде бейиш калкынын кээ бири кээ бирлерине жолугат. Алардын арасында жолуккан***

***кишинин кийген кооз кийимин көрүп суктангыдай, бир нерсеси кем эч ким жок. Сөзү аяктай электе андан да кооз кийимдүү болуп калат. Бейиште эч ким эч качан кайгырып, көңүлү чөкпөйт. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 325-326/563]***

***Күмөнсүз, бейиште бир базар бар. Бирок ал жерде эч нерсе сатып алынып, эч нерсе сатылбайт. Эркектер менен аялдардын жүзү жана келбеттери бар. Ал жерде кайсы келбетти кааласа ошого кирип калат. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 326/564]***

Хадисте дагы бир немат катары эркек менен аялдын келбеттеринин болоору да айтылууда. Каалаганда каалагандай келбетте болуу, ар кандай сулуу көрүнүштөрдө боло алуу көп адамдар дүйнөдө кыялданган нерсе. Ар бир адам жүзү менен денесинин кемчиликсиз сулуулукта болушун самайт. Чачынын түсү, көзүнүн өңү, бет түзүлүшү, терисинин түсү, бою, дене түзүлүшү сыяктуу көп өзгөчөлүктөр адамдарга тубаса белгиленген. Дүйнөдө бир түрдүү гана сулуулук натыйжасында келип чыккан монотондуулуктун бейиште болбошу, сулуулуктун киши каалагандай өзгөрүшү да адамдын рухуна ырахат тартуулай турган өзүнчө бир немат-жакшылык.

Башка бир хадисте болсо бейиштеги базарларда ыймандуулар отура турган сонун жыттуу, кооз жерлердин бар экени, бейиш калкынын ал жерлерде таанышып маектешээри, кыскасы, адамдын көңүлүнө жага турган бир социалдык жашоонун бар экени айтылат:

***Сөзсүз, бейиште ушундай базарлар бар; ал жерде соода-сатык жок. Бейиш калкы ал жерге барганда жаңы жана жалтырак бермет жана жыпар жыттуу топурак үстүнө жазданып отурушат. Дүйнөдөгү сыяктуу ал бейиштерде таанышышат. Дүйнөдө кандай болушканын жана Раббилерине ибадаттарынын кандай болгонун, түндөлөрү кантип жанданышканын, күндүздөрү кантип орозо кармашканын, дүйнөнүн байлыгы менен кедейлигинин кандай болгонун, өлүмдүн кандай экенин жана ... кантип бейиш тургундарынан болушканын сүйлөшүп маек курушат. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 326/565]***

# БЕЙИШТЕГИ ТАМАКТАР

Бейиште адамдардын көңүлүнө жага турган, жандары каалаган жана самаган өтө даамдуу көп тамактар бар экени Куранда жана Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде кабар берилет. Өзгөчө дүйнөдө да жагымдуу тамактар арасында болгон эт менен мөмө-чөмөнүн ар түрдүүсү бейиш калкына көп-көптөн тартууланат. Аллах аяттарында бейиш калкына сунулган даамдардын сонундугун төмөнкүчө кабар берет:

**Каалап-тандай турган мөмөлөр, жандары тарткан куш эти. (Вакыа Сүрөсү, 20-21)**

**Кылгандарына сыйлык катары (аларга тартууланат); (Вакыа Сүрөсү, 24)**

Куран аяттарында да, хадистерде да бейиш калкына тартууланган кээ бир нематтардын дүйнөдөгүлөргө окшош экенине көңүл бурулат. Аллах бул чындыкты бир аятта төмөнкүчө кабар берет:

**(Эй Мухаммед) ыйман келтирип салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандарды сүйүнчүлө. Чындыгында алар үчүн астыларынан дарыялар аккан бейиштер бар. Аларга ырыскы катары ал түшүмдөрдөн ар жедирилгенде: «муну мурда да жегенбиз» дешет. Бул аларга (дүйнөдөгүгө) окшош кылып тартылат. Ал жерде алар үчүн таптаза жубайлар бар жана алар ал жерде түбөлүк жашашат. (Бакара Сүрөсү, 25)**

Бейиш нематы катары тартылган тамактардын баары көрүнүшү жагынан да кооз, даамы да өтө таттуу тамактар болот. Алардан өзгөчө мөмөлөр көрүнүшү, түсү, жыты жана өзгөчө даамдары менен бир-биринен сонун болушат.

Мисалы, кулпунайды көп адамдар сүйүп жеп, жыты менен даамын өтө жактырышат. Бирок сонун болсо да, кулпунайды көп жегенде кээ бир денелерде аллергияга себеп болушу мүмкүн. Бул дүйнө жашоосуна тиешелүү бир кемчилик. Дүйнөдө бүт нематтар сыяктуу мөмөлөрдүн да көптөгөн кемчиликтүү тараптары бар. Тигип өстүрүүдөн баштап, сатып алуу, жууп тазалоого чейин көп эмгекти талап кылат. Канча аракет кылынса да, кээде чирип, кээде болсо даамдары жакшы болбойт. Кыскасы, адамдар бир нерселерди жеп жатканда негизи көп кемчиликтер, кыйынчылыктарга туш болушат. Дүйнө жашоосундагы тамактардын баары белгилүү бир кемчилик менен жаратылып, адамдардын бул нематтардын чыныгысын самашына себеп болушат. Болгондо да, тамак канчалык көңүлгө жакса да, аны көп жегенде андан башындагыдай көп ырахат алынбайт.

Бейиштеги тамак менен мөмөлөр болсо бейиш калкынын алдына кемчиликсиз жана кыйынчылыксыз келет. Аллах Куранда **«(Мөмөлөрдүн) Көлөкөлөрү аларга өтө жакын жана үзүлүшү өтө жеңилдетилген.»** (Инсан Сүрөсү, 14) аяты менен ал мөмөлөргө жетүүнүн өтө оңой экенин кабар берген. Бейиште бутагынан жулунган мөмөлөр чаңы, кири жок таптаза жана даамы болсо кемчиликсиз болот. Башка аяттарда болсо Аллах бейиш мөмөлөрү жөнүндө мындай дейт:

**Кылгандарыңар үчүн мураскор болгон бейишиңер мына ушул. Ал жерде силер үчүн көптөгөн мөмөлөр бар; алардан жейсиңер. (Зухруф Сүрөсү, 72-73)**

Пайгамбарыбыз (сав) болсо бир хадисте бейишке кире турган ыймандууларга ***«Аны мөмөлөрү төмөн самсаалаган бийик бейишке койгула!»*** деп айтылаарын кабар берет. [Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 413/10120]

Ыймандуулар бейиште тамакты муктаж болгону үчүн (б.а. курсагы ачканы үчүн) эмес, Аллахтан бир немат жана тартуу катары ырахат үчүн жешет. Ал жерде ыймандуулардан курсак ачуу, суусоо сыяктуу дүйнөгө тиешелүү алсыздыктар алып салынган болот. Инжилде да бейишке ылайыктуу кишилер жөнүндө, *«Эми курсагыңар ачпайт, эми суусабайсыңар...»* деп айтылат (Иоанн алган аян, 7-бөлүм, 16)

Бейиш нематтарынын аят менен хадистерде айтылган дагы бир өзгөчөлүгү болсо – бул өтө берекелүү болушу. Аллах акырет мекени жөнүндө ал жерде ырыскынын эсепсиз экенин жана эч түгөнбөй турганын Сад Сүрөсүндөгү аяттарда төмөнкүчө кабар берет:

**Сурак күнү силерге убада кылынган мына ушул. Күмөнсүз, бул Биздин ырыскыбыз, эч түгөнбөйт дагы. (Сад Сүрөсү, 53-54)**

Инжилде болсо тамактардын түгөнбөшүнө ишарат кылган бир маалымат төмөнкүдөй орун алат:

*Убактылуу тамак үчүн эмес, түбөлүк жашоо бою боло турган тамак үчүн иштегиле... (Иоанн, 6-бөлүм, 27)*

## Мөмөлөрдүн молчулугу:

Мөмөлөр – бул денени уулуу таасирлерден тазалоочу, ооруларга каршы денеге иммунитет берүүчү, витамин менен минералдарга өтө бай, адамга ырахат, ден-соолук жана сулуулук берүүчү таптаза азыктар. Бул бейиш нематы жөнүндө бир хадисинде Пайгамбарыбыз (сав) мындай дейт:

***Сидретүл-Мүнтеха дарагынын мөмөсүнөн ар мөмө жарылганда ичинен жетимиш эки түстөгү жана ошончо түрдүү тамак чыгат; алардын эч биринин түсү менен түрү экинчисине окшобойт. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 312/517]***

Пайгамбарыбыз (сав) бул хадисинде бейиштеги мөмөлөрдүн түсү менен түрлөрүнө көңүл бурган. Нематтардын көп түрдүү болушу адамдардын көңүлүнө өтө жагат. Бир нерсенин формасынын, жытынын, даамынын же түсүнүн дайыма бирдей болбой, ар жолкусунда биринчи жолу көрүп жаткандай өзгөртүп жаратылып турушу өтө чоң бир сюрприз болот. Бул ошол эле учурда Аллахтын чексиз жаратуу кудуретинин жана чеберчилигинин далилдеринен бирөөсү гана. Мындай көп түрдүүлүк бейиште чексиз болушу мүмкүн. Бейиштеги мөмөлөрдүн көп түрдүү болооруна көңүл бурган дагы бир хадис болсо төмөнкүдөй:

***Бейиш калкынын эң төмөнкү даражалуусунун башында 10000 кызматчы, ар кызматчынын колунда ар башка түстө алтын менен күмүштөн эки идиш жана ичинде түрдүү түрдүү мөмөлөр бар. Эң акыркы жегенин да биринчи табит (ач тургандагы каалоо, ырахаттануу) менен жейт... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 71/5]***

Хадистен көрүнүп тургандай, бейиштеги нематтар бейиш калкына эң ырахат ала тургандай кылып тартууланат. Аларга кызмат кылышы үчүн жаратылган жана ал кызматын чын көңүлдөн, өтө кылдаттык менен аткарган кызматкерлер алтын менен күмүш идиштерде сунган ар түрдүү мөмөлөр бейиш калкына Аллахтын бир сыйы болот. Аллах аяттарда мындай дейт:

**... Ал жерде напсиңер (көңүлүңөр) каалаган нерселердин баары силердики жана каалаган нерселериңердин баары да силердики. Өтө кечиримдүү, өтө боорукер (Аллах)тан бир сый катары. (Фуссилет Сүрөсү, 31-32)**

Мындан тышкары, Пайгамбарыбыз (сав) бейиште бир мөмө бутагынан үзүлгөндө, ал мөмөнүн орду бошоп калбашын, ордуна жаңысынын пайда болоорун кабар берген:

***... Бейиштин мөмөсүнөн үзүлгөндө, ордуна жаңысы чыгып калат. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 98/9]***

Башка бир риваятта Пайгамбарыбыз (сав)дын төмөнкү сөздөрү орун алат:

***Бир айылдык арап «Эй Аллахтын Расулу (Пайгамбары) бейиштин ичинде мөмө барбы?» деп сурады. Расулуллах:***

***«Ооба, Туба деп аталган бир дарак бар» деди. Ал киши:***

***«Эй Расулуллах, биздин жерибиздеги кайсы дарак ага окшошот?» деди.***

***Расулуллах:***

***«Сенин жериңдеги дарактардын эч бири ага окшобойт. Бирок сен Шамга (Дамаскка) барган белең? Себеби ал жерде жаңгак деп аталган бир дарак бар, бир сөңгөктөн чыгып үстү –б.а. бутактары- жайылат. Мына ошол дарак Туба дарагына окшошот» деди. Ал зат:***

***«Эй Расулуллах, ал дарактын түпкү сөңгөгүнүн жоондугу канчалык?» деди. Аллахтын Расулу:***

***«Сенин үйүңдөгү төөлөрдөн беш жашка жеткен жаш бир төө жолго чыкса, түбүн кыдырып айлангычакты, картайып өлөт» деди. Айылдык арап:***

***«Бейиште жүзүм барбы?» деп кайрадан сурады. Расулуллах:***

***«Ооба бар» деди. Ал зат:***

***«Ал жүзүмдүн шиңгилинин чоңдугу канчалык?» деди. Улуу Пайгамбар:***

***«Ала карга эч тынымсыз бир ай учуп жете турган аралыгынчалык» деди. Ал зат:***

***«Ал жүзүмдүн бир даанасы(нын чоңдугу) канчалык?» деди. Аллахтын Расулу:***

***«Чоң чакадай» деди. Ал зат:***

***«Эй Аллахтын Расулу, ал жүзүмдүн бир даанасы мени менен үй-бүлөмдү сөзсүз тойгузат» деди. Расулуллах:***

***«Ооба сени менен үй-бүлөңдүн жана туугандарыңдын канчасын тойгузат... Бейиштин курмасы дарактын түбүнөн бутактарын көздөй тартип менен тизилип коюлган. Мөмөлөрү чоң кумуралар сыяктуу. Бир мөмө үзүлгөн сайын ордуна башкасы келип турат. Бейиштин суусу чуңкур эмес жерлерден агат. Бейиш жүзүмүнүн ар бир шиңгили он эки аршын (чакырым).» [Tezkireti'l Kurtubi, s. 312-313/518]***

Бейиш мөмөлөрүн ойлогондо, дүйнөдөгүлөр менен эле чектелбеш керек. Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын жогорудагы хадисинде бир канча мөмө гана мисал катары берилген. Бейиш – адам каалаган бүт нерсе эң сонун абалда боло турган, акылыбызга келбеген, бирок көңүлүбүзгө өтө жага турган дагы көп нематтарга толгон бир мекен.

Куранда бейиш мөмөлөрүнөн сөз кылынган аяттардын бир канчасы төмөнкүдөй:

**Оор бутактары ийилген алча (дарактары). Үстү-үстүнө тизилген мөмөлөрү төгүлгөн банан дарактары. (Вакыа Сүрөсү, 28-29)**

**Ичтеринде (ар түрдүү) мөмө, теңдешсиз курма жана теңдешсиз анар бар. (Рахман Сүрөсү, 68)**

**Жана (дагы) көптөгөн мөмөлөр арасында түгөнүп-азайбаган жана тыюу салынбаган (мөмөлөр). (Вакыа Сүрөсү, 32-33)**

**Мына ошолор; алар үчүн белгилүү бир ырыскы бар. Ар түрдүү мөмөлөр. Алар даам татышат. Немат-жакшылыктарга толгон (наим) бейиштерде. (Саффат Сүрөсү, 41-43)**

## Бейиштеги тамактардан мисалдар:

## Курма:

Бир хадисте курма жөнүндө төмөнкүдөй риваят кылынган:

***Бир киши «Эй Расулуллах бейиштин ичинде курма барбы? Себеби мен курманы жакшы көрөм» деп сурады. Расулуллах:***

***«Ооба бар. ... бейиш курмаларынын алтындан бутактары бар. Бутактарынын баштары алтындан. Алтындан бутактары бар. Ааламдардан кайсы бир адам көргөн кийимдердин эң сулуусундай жалбырактары бар. Алтындан курма шиңгилдери бар. Курма шиңгилдеринин ыпыр-сыпырлары да алтындан. Алтындан курма данынын түбүндө жабышкан мөөр сыяктуу нерселер бар. Чоң кумурадай мөмөлөр бар; (алар) көбүктөн жумшак, балдан таттуу.» [Tezkireti'l Kurtubi, s. 315/522]***

Курма сүрөттөлгөн дагы бир хадис болсо төмөнкүдөй:

***Бейиштеги курма дарагынын бутактары кызыл алтын. Шактары жашыл изумруд. Жалбырактары жибек сыяктуу. Мөмөсү мунара сыяктуу ири, каймактан жумшак жана данексиз. [Ramuz el-Ehadis-2, s. 451/4]***

Көңүл бурулган болсо, бейиштеги бүт нерселер биз билген эң кооз жана баалуу нерселерге салыштырылып, көрүнүшү жана даамы менен канчалык сонун немат экени айтылууда. Мисалы, бейиштеги курма дарагынын бутактары алтынга, жалбырактары өтө кооз жана баалуу бир кездеме жибекке окшотулган.

Бейиштеги курмалардын чоңдугуна көңүл бурган башка бир хадис болсо төмөнкүдөй:

***Бейиште курма дарактарынын бутактары жашыл изумруд. Шактары кызыл алтын. Жалбырактары бейиш калкы үчүн кийе турган кийимдер. Анын бир бөлүгү кыска (ич) кийимдер, бир бөлүгү болсо ичи жасалгаланган тышкы кийимдер. Бейиш курмасынын мөмөсү чоң кумуралар жана чакалар сыяктуу. Сүттөн да агыраак, балдан таттуу, көбүктөн жумшак. Ичинде болсо данек жок. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 314]***

Бул хадисте баалуу таштар менен сүрөттөлгөн курманын көрүнүшүнөн тышкары, даамынын да, Аллахтын каалоосу менен, өтө сонун болоору айтылууда.

## Инжир (анжир):

Бир риваят боюнча Пайгамбар Мырзабыз (сав) инжир жөнүндө мындай деген:

***Пайгамбар Мырзабыз (сав) бир табак инжир тартуу алып, андан жеди жана сахабаларына: «Мындан жегиле. Эгер мен бир мөмөнүн бейиштен түшкөнүн айта турган болсом, мына бейиштен түшкөн мөмө ушул инжир.» деди. (Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahirzaman Alametleri, s. 313)***

Инжир Куранда айтылган жана көңүл бурулган мөмөлөрдүн бири (Тин Сүрөсү, 1). Эң минералдарга бай мөмөлөрдүн бири болгон инжир энергия берүүчү бир азык катары да зор мааниге ээ.

## Дарбыз:

Пайгамбарыбыз (сав)дын бир хадисинде дарбыз жөнүндө мындай дегени риваят кылынган:

***Дарбыздан пайдалангыла жана ага таазим (урмат) кылгыла. Себеби анын суусу бейиштен, даамы да бейиш даамынан... дарбыз бейиштен (бейиш мөмөлөрүнөн). (Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahirzaman Alametleri, s. 313)***

## Банан:

Хадистерде айтылган дагы бир бейиш мөмөсү болсо – бул банан:

***Дүйнөдө бейиш мөмөсүнө окшогон нерсе бир гана банан. Себеби Аллах Таала (бейиштин жемиши жөнүндө) «Анын жемиштери дайыма болот» деген. Сен болсо бананды жай, кыш болсун жылдын ар мезгилинде таба аласың. (Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahirzaman Alametleri, s. 312-313)***

Бейиш сүрөттөлгөн аяттарда Аллах бул мөмө жөнүндө мындай дейт:

**Оор бутактары ийилген алча (дарактары). Үстү-үстүнө тизилген мөмөлөрү төгүлгөн банан дарактары. Жайылып-созулган көлөкөлөр, токтобой аккан суу(лар); жана (дагы) көптөгөн мөмөлөр арасында түгөнүп-азайбаган жана тыюу салынбаган (мөмөлөр). (Вакыа Сүрөсү, 28-33)**

Банан – өзгөчө ароматы, теңдешсиз даамы жана сансыз пайдасы менен көп адамдар жактырган бир немат-жакшылык. Бирок, албетте, бейиштеги банан да башка бүт нематтар сыяктуу, дүйнөдөгүдөн алда канча сонун, алда канча даамдуу жана сонун жыттуу болот. Туурасын Аллах билет.

## Эт:

Аят менен хадистерде мөмөдөн тышкары, айтылган нематтардын бири – бул эт. Аллах бир аятында **«Аларга эңсеп-каалаган мөмөлөрдөн жана эттен мол мол бердик.»** (Тур Сүрөсү, 22) деп эттин бир бейиш нематы (сыйы) экенин кабар берет.

Пайгамбарыбыз (сав) да бир хадисте эт жөнүндө мындай дейт:

***Бейиш калкынын нанга кошуп жегенинин эң сонуну – эт. Ааламдардын Рабби Аллахка мактоолор болсун. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 363/654]***

Куранда жана хадистерде өзгөчө көңүл бурулган эт түрү болсо – бул канаттуунун эти. Куранда **«жандары тарткан (каалаган) куш эти»** аяты менен кабар берилген (Вакыа Сүрөсү, 21) куш эти бир хадисте төмөнкүдөй айтылат:

***Бейиште сенин жаның кушту каалайт. Ошол замат куурулуп алдыңа алып келип коюлат. [Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 414/10123]***

Эт түрлөрү арасынан Куранда айтылгандардан өзгөчө «бөдөнө эти» жагымдуу бир тамак болуп саналат. Бул сый тамак бейиште мол болуп, Мусулмандарга эң сонун кылып тартууланат. (Туурасын Аллах билет.)

# БЕЙИШТЕГИ АДАМ СУЛУУЛУГУ

Дүйнөдөгү эң чоң немат-жакшылыктардын бири – бул адам сулуулугу. Адамдын эң сонун үйлөрү болсо, эң сонун тамактарды жесе жана сонун жерлерди кыдырса да, жападан жалгыз болсо, алардан көп ырахат ала албайт. Себеби бул нематтардын баарынын киши айланасындагы жакындары жана достору менен бирге болгондо гана бир мааниси болот. Аллах Өз рухунан үйлөгөн адам мүнөзү, такыбалыгы жана сонун адеп-ахлагы менен өтө баалуу болот. Мындай өзгөчөлүктөр менен бирге денесинин да өтө сулуу болушун бүт адамдар самайт.

Бейиштеги адам сулуулугу сүрөттөлгөн хадистердин бири төмөнкүдөй:

***Бейиштеги үр кыздар (сулуу кыздар) жакут менен маржан сыяктуу. Адам алардын бирөөсүн карап, өзүн анын бетинде күзгүдө көргөнүнөн да тунугураак көрөт. Алардын берметтеринин эң эднасы (эң кичинекейи) чыгыш менен батышты жарык кылат. [Ramuz el-Ehadis-2, s. 337/7]***

Бейиштеги үр кыздардын сулуулугу жакут сыяктуу сейрек бир баалуу ташка, маржан сыяктуу өзгөчө көрүнүштүү табигый бир сулуулукка окшотулган. Ошондой эле, караган киши өзүн күзгүдөн да тунугураак көрөт деп алардын терилеринин жылмакай сулуу болооруна жана жүздөрүндөгү тунуктукка, нурдуулукка көңүл бурулган.

Дүйнө шарттарында теринин жылмакайлыгы, тунуктугу кыска убакытка гана созулат. Жаш бала кездеги теринин тунуктугу жана сулуулугу жаш өткөн сайын бир катар тери проблемалары себебинен жана башка себептерден эскирип, тырышып баштайт. Ошондуктан бул сулуулук дүйнө шарттарында убактылуу гана сакталат. Бирок Аллах ыраазы болгон кулдарына бейиште бул сулуулуктардын кемчиликсизин жана түбөлүктүүсүн убада кылат. Пайгамбарыбыз (сав) бир хадисте бейиштеги сулуулук менен жаштыктын түбөлүктүү экенин төмөнкүчө айтат:

***Бейиш калкынын денеси түксүз, жүзү сакалсыз, көздөрү сурмалуу, жаштыгы түгөнбөйт, кийимдери эскирбейт. [(Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 451/6]***

***Бейиш калкы бейишке отуз же отуз үч жашта сакалсыз, түксүз жана көздөрү сурмалуу болуп киришет. [Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 411/10109]***

***... Ага кирген нематка (сыйга) бөлөнөт, азап тартпайт, түбөлүктүүлүккө жетет, өлүмгө жолукпайт. Кийими эскирбейт, жаштыгы жоголбойт. [(Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 451/6]***

Хадистерде бейиш калкынын көздөрүнүн табиятынан сурмалуу болоору да айтылууда. Сурма көздүн түсү менен формасын сулуулантат. Дүйнө шарттарында жасалма жол менен жасоого аракет кылынган, бирок ошондо да жетишсиз болгон бул сулуулук акыретте ыймандууларда табиятынан бар болот.

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын бейиштеги адам сулуулугу жөнүндө ага узатылган суроолорго мындайча жооп бергени риваят кылынган:

***«Эй Расулуллах! Аллах Тааланын: «Ири көздүү үр кыздары» (Вакыа Сүрөсү, 22) деген сөзүн мага түшүндүрүп бер» дедим.***

***«Алар ак жүздүү, чоң көздүү, кара куштун канаттарындай сурмалуу» деди.***

***«Эй Расулуллах! Аллахтын: «ал аялдар бир жакут менен маржан сыяктуу» (Рахман Сүрөсү, 58) аятын түшүндүрүп бер» дедим.***

***«Алар кол тийбеген седептеги бермет сымал сулуу» деди.***

***«Эй Расулуллах! Аллахтын: «Ал бейиштерде жакшы адеп-ахлактуу сулуу аялдар бар» (Рахман Сүрөсү, 70) аятын түшүндүрүп бер» дедим.***

***«Алар өтө жакшы мүнөздүү жана сулуу жүздүү» деди.***

***«Эй Расулуллах! Аллахтын: «Алар чаң конбогон жумуртка сыяктуу» (Саффат Сүрөсү, 49) аятын түшүндүрүп бер» дедим.***

***«Алар жумуртканын сырты сыяктуу ак жана назик» деди.***

***«Эй Расулуллах! Аллахтын: «Күйөөлөрүнө сүйкүмдүү жана бир-бири менен бирдей жашта» (Вакыа Сүрөсү, 37) аятын түшүндүрүп бер» дедим.***

***«Алар дүйнөдө улгайып, көздөрүнөн жаш куюлуп, чачтары агарып, алсыз болуп өлүшкөндө, Аллах аларды бейиште кыз бойдон, күйөөлөрүнө сүйкүмдүү, ашык жана өтө жакын, бир-бири менен бирдей жашта кылат» деди.***

***«Эй Расулуллах! Дүйнө аялдары өйдөбү, же ири көздүү үр кыздарбы?» дедим.***

***«Кийимдин сырты ички жасалгасынан баалуу болгон сыяктуу, дүйнө аялдары да үр кыздардан өйдө» деди.***

***«Эмне үчүн эй Расулуллах?» дедим, мындайча түшүндүрдү:***

***«Намаздары, орозолору жана Аллахка ибадаттары себептүү Аллах алардын жүздөрүн нурдантып, аларга жибек кийимдер кийгизет. Алардын денеси ак, кийимдери жашыл, зыйнаттары сары, атыр идиштери бермет жана тарактары алтын. Алар мындай дешет:***

***«Биз бул жерде түбөлүк жашайбыз. Биз сүйкүмдүү жана бактылуубуз. Эч качан кайгырып кыйналбайбыз. Башка ааламга көчпөй дайыма бул жерде болобуз. Биз бул абалыбыздан ыраазыбыз жана бүт нерсеге ыраазыбыз. Эч кимге ачууланып, кыжырданбайбыз. Биз аларга жубай болуп, алар бизге жубай болгондор кандай бактылуу.» [Gençlik ve Ölüm, s. 422-423]***

Көрүнүп тургандай, Куранда (Рахман Сүрөсү, 70) жана хадистерде бейиш аялдарынын сонун мүнөздүү болооруна да көңүл бурулган. Башка бир хадисте болсо бейиштеги адамдардын жана ал жердин сулуулугу төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

**Ал жерде мүнөздөрү сонун, жүздөрү сулуу аялдар бар. (Рахман Сүрөсү, 70)**

Башка бир хадисте болсо бейиштеги адам сулуулугу төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

***... Үр кыздардан ар аялдын үстүндө жетимиш кабат кийим бар; бир-бирине түсү окшобойт. Жана ага экинчисинде жок жетимиш түрдүү түстөгү жыт берилет. Үр кыздардан ар аял үчүн бермет менен коолдолгон кызыл жакуттан жетимиш такты, ар тактынын үстүндө жетимиш төшөк, ар төшөк үстүндө кресло бар. Үр кыздардын ар бири үчүн муктаждыгы жана кызматы үчүн жетимиш миң кызматчы кыз жана жетимиш миң кызматчы эркек бар. Ар кызматчыда ичинде ар кандай тамактары бар алтындан идиштер бар; ыймандуулардын бирөө алардан мурдакы идиштерде көрбөгөн даамды табат... [Tezkireti'l Kurtubi, s. 333/591]***

Көп хадистерде болсо бейиш калкынын өзгөчө жүзүнүн сулуулугуна көңүл бурулуп, ал тургай сулуулуктарынын тынымсыз көбөйөөрү кабар берилген:

***Бейиш калкынын бир базары бар. Ар жума күнү ал жерге келишет. Анан түндүк шамалы согуп, кийимдери менен жүзүн сылайт. Анын таасири менен сулуулуктары жана***

***жүздөрүнүн сулуулугу көбөйөт. Анан үй-бүлөлөрүнө андан да сулуу болуп кайтышат. Аялдары:***

***«Аллахка ант болсун, бизден чыккан соң силердин жамалыңар менен сулуулугуңар көбөйүптүр!» дешет. Эркектер болсо:***

***«Силер да Аллахка ант болсун, бизден соң алда канча сулуу болуп калыпсыңар.» дешет. [(Müslim), Kütüb-i Sitte-14, s. 433/16]***

Бейиш аялдарынын нурдуу сулуулугу жөнүндө башка бир хадисте болсо мындай деп айтылат:

***... Эгер бейиш аялдарынан бир аял жердеги адамдарга көрүнгөндө, дүйнөнү жана андагыларды нурга бөлөмөк жана экөөсүнүн арасын сонун жытка толтурмак... [(Tirmizi), Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 409/10095]***

Белгилүү Ислам аалымы Бедиүззаман Азрети болсо хадистерде сүрөттөлгөн бул сулуулуктун кандай экени андан суралганда мындай деп жооп берген:

***Мааниси өтө кооз жана кооздугу өтө таттуу. Мобул начар, өлүк, жамид (супсак, жансыз) жана көпчүлүгү кышыр (кабык, тышкы көрүнүш) болгон дүйнөдө сулуулук жана жамал (жүз сулуулугу) көзгө гана кооз көрүнүп үлфетке (көнүмүш адат) тоскоол болбосо жетет. Кооз, жандуу, көз жоосун алган сулуулуктагы, толугу менен кышырсыз (кабыксыз), маңыз жана тышсыз ич болгон бейиште көз сыяктуу бүт адамдын сезимдери сөздөрү жумшак, жагымдуу болгон үр кыздардан жана үр кыздар сыяктуу жана андан да сулуу, дүйнөдөн келген бейиштеги дүйнө аялдарынан өз-өзүнчө ырахатын, ар кандай жыргалын сезгиси келет... Демек, үр кыздар бейиштин бөлүмдөрү зыйнатынан жетимиш түрүн, бир түрдүү болбогондуктан бир-бирин жаппай турган абалда кийип; өз денелеринен жана напси менен денелеринен, балким жетимиш даражага караганда өз-өзүнчө сулуулук менен жамалдын (жүз сулуулугу) бөлүмдөрүн көрсөтүшөт. [Sözler, s. 469-470]***

## Кийимдердин кооздугу жана көп түрдүүлүгү:

Сапаттуу кездемелерден жасалган жагымдуу жана кооз кийимдерди кийүү бүт адамдарга жагат. Бейиштеги кийимдер дал ушундай болот. Дүйнө шарттарында кийимдер канчалык сулуу болбосун, дайыма бир кемчиликтүү болот. Бүт кийимдер убакыт өткөн сайын эскирип, өңү өчүп, адамга биринчи кийгендегидей ырахат бербей баштайт. Бир адамдын дүйнөдө көп санда кийими болсо да, баары бир маанисиз болот, себеби ал кийимдерден алынган ырахат адамдын өмүрү менен чектелет. Өлүм менен бирге, башка бүт буюмдар сыяктуу, булар да артында калат. Ал эми бейиш кийимдери болсо өтө сулуу жана ар түрдүү болот, жана түбөлүккө чейин бар болот. Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын бейиш кийимдеринин бул өзгөчөлүгүн айткан бир хадиси төмөнкүдөй:

***... Ал жерде кереметтүү сарайлар, кенен дарыялар, мол жана жетилген мөмөлөр, сулуу аялдар, түбөлүктүү көптөгөн жана түркүн түстүү кооз кийимдер бар. Ал жер бийик, кооз жана бейпил мекендерден жаркын өмүр сүрө турган бир жер... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 170/1]***

Мындан тышкары, кийимдер ушунчалык көп болгондуктан, эч кимге жетпей калып, бир кыйынчылык туулбайт. Бир хадисте буга мындайча көңүл бурулган:

***... Алардын ичинде жолуккан кишиси кийген кооз кийимдерге суктанып кызгана тургандай кайсы бир нерсеси кем болгон эч ким жок. Сүйлөп бүтө электе үстүнө андан да кооз бир кийим кийилип калат... [Tezkireti'l Kurtubi, s. 325-326/563]***

Бейиш калкынын кийимдери да эң жагымдуу жаратылган. Кийилген кийимдер бейиштеги кемчиликсиздик жана сулуулук ичинде эч бир кыйынчылыкка себеп болбойт. Дүйнөгө тиешелүү кемчиликтер –кийимдин эскириши, тырышышы, кирдеши ж.б.- да бейиште жок. Мындан тышкары, бейиште кийимдердин кездемелерин токуу, тигүү сыяктуу даярдоо этаптары да жок. Бейиште Аллахтан бир сый-немат катары бүт нерселер дайыма эч кемчиликсиз даяр турат. Бейиштеги ыймандуулардын кийимдери жөнүндө кабар берилген башка маалыматтар мындай:

***... Бейиштин кийимдери токулбайт. Бейиштин мөмөлөрү жарылып, андан кийим чыгат... [Tezkire-i Kurtubi-1, s. 21]***

***Бейиште курма дарактарынын бутактары жашыл изумруд. Шактары кызыл алтын. Жалбырактары бейиш калкы үчүн кийе турган кийимдер. Анын бир бөлүгү кыска (ички) кийимдер, бир бөлүгү болсо ичи жасалгаланган тышкы кийимдер... [Tezkireti'l Kurtubi, s. 314]***

***... Үстүндө жетимиш кабат кийими болот. Эң төмөнкүсү Туба дарагынан жасалган, гүл сыяктуу... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 99/8]***

Аяттарда да бейиштеги кийимдердин жибектен экени жана коздолгону төмөнкүчө кабар берилген:

**Алардын үстүндө жеңил жибек менен өтө кылдат жасалган атластан жашыл кийимдер бар... (Инсан Сүрөсү, 21)**

**Эч күмөнсүз Аллах ыймандууларды жана чын ыкластуу иштерди кылгандарды астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизет, ал жерде алтындан билериктер менен жана берметтер менен жасанышат; ал жердеги кийимдери жибек(тен). (Хаж Сүрөсү, 23)**

# БЕЙИШТЕГИ ТАБИЯТ СУЛУУЛУГУ

Адамдын руху сулуулуктан, симметриядан, кооздуктан, тазалыктан, тартиптен, түс гармониясынан, кыскасы, кемчиликсиздиктен ырахат ала турган болуп жаратылган. Табияттагы бүт түстөр, пейзаждар да адамдын рухуна жага турган гармония менен сулуулукту чагылдырат.

Адамдардын ырахаттанып эс алуу үчүн тандаган жерлери да дайыма табигый сулуулуктарга бай жерлер болот. Көк майсаң, бак-дарактуу, деңиздин жээги же дарыянын бою сыяктуу жерлерде таза аба, жерге жана сууга жакын болуу адамдарга бейпилдик жана бакыт берет.

Күн нурлары менен таза аба түздөн-түз кирбеген, табигый сулуулуктардан алыс жерлер болсо көбүнчө адамдарга жакпайт.

Адамдын табигый сулуулукту издешинин себептеринин бири – бул Аллахтын адамды бейиш сулуулуктарынан ырахат ала турган кылып жаратkandыгы. Адам байкаса да, байкабаса да, негизи дайыма бейиш нематтарын эңсей берет. Аяттарда бейиштин табигый сулуулуктарга толо болоору төмөнкүчө кабар берилет:

**Күмөнсүз, ыйман келтирип, чын ыкластуу иштерди жасагандарга болсо; алар үчүн астынан дарыялар аккан бейиштер бар. Чоң «кутулуу жана бакыт» мына ошол. (Буруж Сүрөсү, 11)**

**Ар кандай «назиктиктерге жана кооздуктарга» (же ар түрдүү жыш дарактарга) бай. (Рахман Сүрөсү, 48)**

## Бейиш дарактары:

Бак-дарактуу жерлер адамдар руханий ырахат алчу жерлерден болуп саналат. Адамдар имараттарга толгон шаар борборлорунда жашаганы менен, көбүнчө бак-дарактуу, көк майсаң чөптүү жерлерде болгулары келет. Бак-дарактуу бир жерге көз салуу же мындай сүрөттү кароо да адамдарга көп ырахат тартуулайт. Дүйнөдө көп пайдалары менен бирге жаратылган дарактар – Раббибиз адамдарга тартуулаган немат-сыйлардан. Кооз көрүнүшү, теңдешсиз түрлөрү, ар кандай түстөрү, салкындатуучу көлөкөлөрү менен дарактар адамдарга ырахат тартуулай турган кылып жаратылышкан. Аллах **«Бойлору бир-бири менен жарышкан жана жыш дарактуу бакчалар»** (Абаса Сүрөсү, 30) аяты аркылуу кабар берген дарактар акыретте бейишке тиешелүү жогорку өзгөчөлүктөрү менен жаратылган. Соолубастан, куурабастан, жалбырактары төгүлбөстөн, сулуу көрүнүштөрү менен дарактар да бейиштеги кемчиликсиздикте жаратылышкан. Төмөнкү хадистерде болсо дарактардын өзгөчө көлөкөсү бир бейиш нематы катары көп айтылат:

***Бейиште ушундай бир дарак бар, бир атчан анын көлөкөсүндө жетимиш же жүз жыл жүрүп (да аягына чыга албайт). Ал түбөлүктүүлүк дарагы... Бейиште бир дарак бар, бир адам төрт жашка чыккан бир төө баласын же беш жашка чыккан ургаачы бир төөнү минип, анан дарактын түп жагын айланып баштаса, бир айланып чыга электе төө картайып кулайт... Анын жаңы бутактары бейиш дубалдарынын ар жагындагыларга***

***жетет. Бейиштеги ар дарыя сөзсүз ал дарактын түбүнөн чыгат... [Tezkireti'l Kurtubi, s. 311/513]***

***Бейиште бир дарак бар, улоочон (атчан) бир киши жүз жыл көлөкөсүндө жүрүп, аны кыдыра албайт. Кааласаңар төмөнкү аятты окугула: «Алар түбөлүктүү көлөкөдө, шаркырап аккан суу баштарында.» [(Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 427/9]***

Куранда «көлөкөдө болуу» бир бейиш нематы катары төмөнкүчө айтылат:

**Ыйман келтирип, чын ыкластуу иштерди кылгандарды астынан дарыялар аккан, ичинде түбөлүк жашай турган бейиштерге киргизебиз. Анда алар үчүн таптаза жубайлар бар. Жана аларды «ысык да эмес, суук да эмес, дал көңүлдөгүдөй көлөкөгө» киргизебиз. (Ниса Сүрөсү, 57)**

**Такыба (Аллахтан корккон) адамдарга убада кылынган бейиш; анын астынан дарыялар агат, жемиштери менен көлөкөлөрү түбөлүктүү. Бул коркуп-тартынгандардын (бактылуу) натыйжасы, каапырлардын аягы болсо от. (Рад Сүрөсү, 35)**

**Өздөрү жана жубайлары көлөкөлөрдө, тактылар үстүндө жазданышат. (Йасин Сүрөсү, 56)**

**Күмөнсүз, муттакилер (Аллахтан корккондор) көлөкөлөрдө жана булак баштарында; (Мурселат Сүрөсү, 41)**

**Ал жерде тактылар үстүндө жазданып-сүйөнүшөт. Ал жерде (күйгүзүүчү) бир күн да жана тоңдуруучу бир суук да көрүшпөйт. (Инсан Сүрөсү, 13)**

Бурмаланган Инжилде да бейиш жөнүндө Курандагы сүрөттөөлөргө окшош *«... Күн да, күйгүзүүчү бир ысык да аларга тийбейт.»* деп айтылат. (Иоаннга келген аян, 7-бөлүм, 16)

Бейиштеги табият сулуулуктары сүрөттөлгөн көп хадистерде Туба дарагынан жана анын өзгөчөлүктөрүнөн сөз кылынат. Бул дарак жөнүндө Пайгамбарыбыз (сав)дын сүрөттөөсү төмөнкүдөй:

***... Туба бейиштеги бир дарак. Көлөмү жүз жылдык жерди ээлейт. Жана бейиш кийимдери анын бүчүрлөрүнөн жасалат. [Ramuz el-Ehadis-2, s. 313/7]***

Туба дарагынын өзгөчөлүктөрү теңдешсиз жана көлөмү өтө чоң. Ошондой эле, дүйнөдөгү себептер жоголгон бейиште бейиш кийимдеринин да ушул дарактан жасалаары айтылууда. Башка хадистерде Пайгамбарыбыз (сав)дын бейиштеги дарактар жөнүндөгү сүрөттөөлөрү болсо төмөнкүдөй:

***... Бейиш дарактарынын ылдыйкы сөңгөгү бермет менен алтын, үстү болсо мөмө. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 315/523]***

***Бейиште сөңгөгү алтындан болбогон бир дагы дарак жок. [(Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 427/10]***

Бейиште Аллахтын теңдешсиз, чексиз жаратуусуна күбө болгонубуз үчүн, бүт нерсе мүмкүн. Мисалы, бейиш дарактарынын мөмөлөрү жакут, алмаз, сапфир сыяктуу баалуу таштардай көрүнүп, колго алганда жей турган абалга келиши да мүмкүн.

Бейиштеги дарактардын маңызын сураган бир сахабага Пайгамбарыбыз (сав)дын мындай деп айтканы риваят кылынган:

***Ал дарактардын бутактары куурабайт, жалбырактары түшпөйт, суусу жоголбойт, мөмөсү түгөнбөйт. [İlahi Dinlerde Cennet İnancı, s. 54]***

## Бейиштеги дарыялар жана деңиздер:

Суу ошол аймакка береке берип, ал жерди жандантып тазалайт. Мындан тышкары, сууга жакын жерлерде климат да жашоого ыңгайлуу жана адамдардын көңүлүнө жага турган жылуулукта болот. Мына ушул себептен адамдар эс алуу үчүн деңиз, көл же дарыя жээгине жакын жерлерди тандашат. Куранда такыба кишилердин Аллахтан бир сый катары **«бейиштерде жана дарыя баштарында»** (Хижр Сүрөсү, 45) болоору кабар берилген.

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде бейиштеги дарыялар көп айтылат:

***Бейиш дарыялары мускус (жыпар) тоолорунун же мускус дөбөлөрүнүн астынан чыгат. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 307/501]***

***Бейиште бал деңизи, шарап деңизи, сүт деңизи жана суу деңизи бар. Башка дарыялар ошолордон чыгат. [(Tirmizi), Büyük Hadis Külliyatı-5, s.409/10097]***

Хадисте бейиште балдан, сүттөн, шараптан деңиздердин болоору айтылууда. Бирок бул жерде айтылган сүт, бал жана шарап дүйнөдөгүдөн такыр башкача, бейишке ылайык өзгөчөлүктөрү менен жаратылган. Бейиште булардын баары таптаза, ырахат тартуулаган ичимдиктер болот. Мисалы, бейиште тартууланган шарап дүйнөдөгүгө окшобойт. Бейиш калкын мас кылбайт, ичкендердин башын айландырбайт. Аллах бейиш үчүн даярдаган ичимдик **«Аппак; ичкендерге ырахат (берүүчү бир ичимдик). Анда баш ооруу да жок, өздөрүнөн кетип, акылдары да тунарбайт»** (Саффат Сүрөсү, 46-47) аяттары аркылуу Куранда сүрөттөлүүдө.

Мындан тышкары, бул мисалдар –сүт, бал жана шараптан дарыялар- бейиште Аллах ыраазы болгон кулдарды күтүп жаткан ар кандай сонун нерселердин болушу мүмкүн экенине ишарат кылууда. Сүт бат эскирип бузулуучу тамак болгонуна карабастан, бейиште сүттөн деңиз менен дарыялардын болушу ал жердеги нематтардын кемчиликсиздигине сонун бир мисал. Бейиш калкы кааласа мындай көрүнүштөрдү жаратуу Аллах үчүн өтө оңой.

Бул нематтар сүрөттөлүп жатканда дарыя жана деңиз сөздөрүнүн колдонулушу болсо өзгөчө бейиштеги молчулукка басым жасайт. Адамдар дүйнөдө бул нематтарды дайыма чектүү санда көрүшөт. Банкаларда, айнек идиштерде же кандайдыр бир идиште сатып алынган бул продукттардын бейиште суудай агып турушу, бузулбастан, кирдебестен, эң сонун даамда аларга мол мол таттырылышы өтө кубанычтуу бир сый-жакшылык жана кооздук.

Куранда да бул дарыялардын өзгөчөлүктөрү терең баяндалат:

**Такыба ээлерине (Аллахтан коркkондорго) убада кылынган бейиштин мисалы (мындай): ичинде бузулбаган суудан дарыялар, даамы өзгөрбөгөн сүттөн дарыялар, ичкендер үчүн ырахат берүүчү шараптан дарыялар жана таза балдан дарыялар бар жана ал жерде алар үчүн мөмөлөрдүн ар түрдүүсүнөн жана Раббилеринен бир кечирим бар... (Мухаммед Сүрөсү, 15)**

Аятта сүт, бал, шарап сыяктуу бир канча немат мисал катары берилген. Бирок адамдын көңүлүнө жаккан кандайдыр бир нематтын дарыядай агышы, суудай мол, таза болушу, бузулбастан турушу да мүмкүн болушу ыктымал. Мындан тышкары, Аллах бейиште ичимдиктердин рюмкалар менен сунулаарын жана ал ичимдиктерден бейиш калкынын баштарынын оорубашын, өздөрүнөн кетип акылдарынын тунарбашын кабар берет. Аллах башка бир аятта **«булактан (толтурулган) рюмкалар менен айланаларында жүрүшөт»** (Саффат Сүрөсү, 45) деп билдирет. Ыймандуулар үчүн бейиште **«аягы жыпар жыттуу, аралашмасы таснимден (бейиш суусунан), мөөрдүү, таза бир шарап»** (Мутаффифин Сүрөсү, 25-27) даярдалган. (Тасним: **бейиштеги булактардын бирөөсүнүн аты.)**

Аяттарда да айтылгандай, бул суусундуктардын жыты да сонун. Ошондой эле, бейиште деңиздердин астында, дарыялардын түбүндө биздин кыялыбызга да келбеген кереметтүү сонун нерселер да болушу мүмкүн. Аллах каалаган адам эч дем алуу кыйынчылыгысыз сууга чумкуй турган, деңиз астындагы сулуулуктарды куралсыз көз менен тунук көрө турган кылып коюшу мүмкүн. Дүйнөдө даректүү тасмалар менен гана көрүүгө мүмкүн болгон деңиз астындагы сулуулуктар бейиште ыймандуулар эч кыйынчылыксыз көрө ала турган жана өтө ырахат ала турган абалда болушу мүмкүн

## Бейиш топурагынын кооздугу:

Бейиштеги топурактын кооздугу Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде төмөнкүдөй айтылган:

***Бейиштин тигиле турган дарактарын көп тиккиле. Себеби анын суусу таттуу, топурагы сонун... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 72/14]***

***Бейиш имараттарынын бир кирпичи алтын, бир кирпичи күмүш, аралашмасы жыпар жыттуу, шагылы бермет жана топурагы болсо заапаран (шафран)... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 200/6]***

Хадисте бейиштеги топурак заапаран аттуу, баалуу бир өсүмдүктөн алынган бир специяга окшотулган. Бул өсүмдүк ванилла сымал ароматы, жандуу, жалтырак, алтын сыяктуу өңү менен специялар арасында маанилүү бир орунга ээ. 1 кг заапаран (шафран) алуу үчүн 70000 менен 250000 арасы гүл чогултуу керек болот. Бүгүнкү күндө заапаран өндүрүшү барган сайын азайып баратат. Мунун эң негизги себеби болсо ал өсүмдүктү өстүрүүнүн кыйындыгы. Себеби заапарандан 3-4 жылда гана түшүм алынат. Дүйнө шарттарында өстүрүү өтө оор болгон жана көп эмгек талап кылган бул баалуу өсүмдүктүн бейиште топуракты түзө тургандай көп санда болушу ал жерде нематтардын сансыз болооруна ишарат кылууда. (Тууррасын Аллах билет.)

## Бейиштин кенендиги:

***Аллах Таала бейиш калкын бейиште жайгаштырганда, кенен жер артып калат. Аллах Таала ал жерге ар бири жаратылгандан аягына чыга турган күнгө чейинки дүйнөдөн да чоңураак болгон, үч жүз алтымыш ааламды жайгаштырат. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 30/5]***

Пайгамбар Мырзабыз (сав) бул хадисинде көңүл бургандай, бейиште кенендик, бейпилдик бар. Куранда тозок жөнүндө айтылган тар жерлерге тескерисинче, бейиш кенен жерлерден турат. Себеби адамдын руху көз алдынын ачык болушунан, кенен жерлерден ырахат ала турган кылып жаратылган. Куранда бейиштин кенендиги төмөнкүдөй айтылат:

**Раббиңерден болгон кечиримге жана туурасы асмандар менен жердей болгон бейишке (жетүү үчүн) жарышкыла; ал муттакилер (Аллахтан корккондор) үчүн даярдалган. (Али Имран Сүрөсү, 133)**

# БЕЙИШТЕГИ СОНУН ЖЫТТАР

Сонун жыт Аллах адамдарга тартуулаган өтө сонун бир немат. Бирок дүйнөдө эң сонун жыттын таасири да өтө кыска убакытка созулат. Жыт молекулаларынын абада таркашы жана мурундун белгилүү убакыттан соң ал жытка көнүп калышы ал нематтан алынган ырахатты чектейт. Ошондуктан жыттын сонундугунан тышкары туруктуулугу да чоң мааниге ээ. Пайгамбар Мырзабыз (сав) хадистеринде бейиштеги жыттардын сонундугуна жана таасирине төмөнкүчө ишарат кылган:

***Бейиш аялдарынан бир аял жер жүзүн караса, жыпар жытынан жер жүзү толмок жана жүзүнүн нуру күн менен айдын жарыгын басып коймок. [Ramuz el-Ehadis-2, s. 355/5]***

***Эгер бир үр кызы манжаларынын бирөөсүн дүйнөгө көрсөтсө (жер жана асмандагы) бүт жандуулар анын жытын сезмек. [Ramuz el-Ehadis-2, s. 355/4]***

***Бейиштин жыты беш жүз жылдык жерден сезилет. Бейиштин ал жытын акырет иши менен дүйнөнү талап кылган киши сезе албайт. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 292/3]***

Пайгамбарыбыз (сав) ***«... азыктардан жыттардын эң жагымдуусу, эң сонуну үрөн болот.»*** хадиси аркылуу болсо бейиш тамактарынын жыттарынын сонундугун кабар берет. [Kütüb-i Sitte-14, s. 448/3]

Тамактардын даамын сезишибизде жыттын өтө чоң салымы бар. Мисалы, бышкан бир какаолуу кекстин жагымдуу болушунун себеби – айланага тараган какао жана ванилла жыты. Ошол сыяктуу, шишкебекте бышкан эттен, апельсинден, помидордон, кофеден же башка бир тамак же суусундуктан ырахат алышыбыздагы себептердин бири ал тамак же суусундуктардын жыты болот. Жыт сезүү органыбыз болбогондо жегендерибизди бир-биринен айырмалашыбыз, ар кандай даамдарды сезишибиз мүмкүн болмок эмес. Бул жагынан жыттын даамдуу нематтардан алынган ырахатты толуктоочу бир тарабы бар.

Бейиштеги жыттардын сонундугу айтылган башка бир хадис болсо мындай:

***... Анан шимал (түндүк) шамалы согуп, аларды жүздөрүнө жана кийимдерине эң сонун жыт түрлөрүн чачат. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 325/562]***

Бир хадисте болсо жыты менен көңүл бурган өсүмдүктөр айтылат:

***Сөзсүз, кына (бойогу жана жыты) бейиш жыттарынын башы... Аллах Таала бейишти жаратканда аны (сонун) райкан жыты менен курчап, райканды болсо кына (жыты) менен толук орогон... [Tezkireti'l Kurtubi, s. 342/619]***

Хадистерде айтылган райкан – сонун жыты менен белгилүү болгон бир өсүмдүк. Бирок биз билген, тааныган жыттар да бейиште такыр башкача, көңүлүбүзгө өтө жага турган абалда болот. (Туурасын Аллах билет.)

Мындан тышкары, бейиштеги жыттар адамдарга ырахат бере турган немат максатында жаратылгандыктан, дүйнөдө көп кездешкен жагымсыз жыттардын эч бири ал жерде болбойт. Жаман жыттар адамдарга дүйнөнүн кемчиликтерин эстеткен, алардын бейишти самашына себепчи болгон дүйнөгө тиешелүү кемчиликтер болуп саналат. Бейиште мындай кемчиликтер алып салынат жана адам руху ырахат ала турган жагымдуу жыттар бүт тарапты каптайт. Пайгамбарыбыз (сав) бир куттуу хадисинде бейиш жөнүндө ***«... Ар тарабынан сонун жыттар жайылат...»*** деп билдирген. [Ramuz el-Ehadis-1, s.170/1]

# БЕЙИШТЕГИ ҮНДҮН ЖАНА МАЕКТЕРДИН СОНУНДУГУ

Дүйнөдө Куран ахлагынан алыс жашаган адамдардын кайгырып, тынчсызданышынын себептеринин башында көңүл оорутуучу, басмырлоочу, күмөн жаратуучу, үмүтсүздүккө түртүүчү, жалган, терс сөздөрдү дайыма угушу турат. Сөздөрүндөгү кичинекей эле бир терс сөз да эң сонун абалды оңтойсуз кылып койот. Ал эми чын жүрөктөн айтылган бир комплимент, кадыр-баркын көтөрүүчү, кубантуучу, ишеним жана үмүт бере турган бир сөз, чын жүрөктөн айтылган сөздөр болсо кээде кишиге айланасындагы нематтардан көбүрөөк маанилүү болот. Дүйнөдө адамдар көңүлүнө жакпаган, терс сөздөрдү көп угушат. Ал эми бейиште болсо мындай сөздөрдүн жок экенин, ыймандуулардын өтө сонун чөйрөлөрдө маңдай-тескей маек курушаарын Аллах бизге кабар берет. Аллахтын сүйгөн жана бейишине кабыл алган чын ниеттүү кулдары менен маек куруудан тышкары, ар кандай жалган, бош жана терс сөздөрдөн алыс болуу ыймандуулар үчүн өтө чоң бир немат болот. Аллах бир аятта мунун кулдары үчүн өтө чоң бир берешендик экенин билдирет:

**Ичинде «бош жана тантык бир сөздү» да угушпайт, жалганды да. Раббиңден бир сыйлык катары жетиштүү бир берешендик (бул). (Небе Сүрөсү, 35-36)**

Пайгамбар Мырзабыз (сав) болсо бейиштеги сөздөрдүн сонундугуна төмөнкүчө көңүл бурган:

***Бейиш кишиси ушундай киши: Аллах анын эки кулагын адамдардын ага болгон жакшы мактоолору менен толтурат. Жана ал болсо аны угат. Тозок кишиси ушундай бир киши: Аллах анын эки кулагын адамдардын аны жамандаган сөздөрү менен толтурат жана ал болсо аларды угат. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 155/2]***

Мындан тышкары, хадистерде ыймандуулардын дүйнөдөгү чын жүрөктөн болгон маектеринин акыретте да уланаары кабар берилет. Бейиште ыймандуулардын өз ара маектешип жатканда дүйнө жашоолорунда кылгандарын эстешээри бир хадисте төмөнкүдөй айтылат:

***Бейиштиктер бейишке жайгашканда бир туугандардан кээ бирлери кээ бирлерин көргүлөрү келет. Бирөөсүнүн диваны экинчисинин диванына, экинчисиники болсо беркинин диванынын жанына барат. Алар табышканда экөөсү тең жазданышат жана дүйнөдө араларында болгон нерселерди сүйлөшүп башташат. Бирөөсү мындай дейт: «Эй бир тууганым, эсиңдеби биз дүйнөдө баланча мечитте Аллахка дуба кылган элек, мына Аллах бизди кечирди.» [Ramuz el-Ehadis-1, s. 29/12]***

## Бейиштеги үндүн кооздугу:

Бейиште үндүн кооздугу да ыймандууларга өзүнчө бир немат катары берилет. Өтө бийик бир үн, шуулдаган, тунук эмес бир музыка, ызы-чуулуу бир жер, өтө бийик үн менен иштеген бир мотордун үнү же бир сирена үнү кыска убакытка эле созулса, бүт баарыбыздын тынчыбызды алат. Айкырган, күчтүү оору же азаптын натыйжасында чыккан үндөр да адамдарга тозокту эстеткен үндөр болуп саналат. Пайгамбарыбыз (сав) хадистерде айтуусу боюнча, бейиште болсо бүт адамдардын өз үнү да өтө кооз болот жана кулактарына келген бүт

үндөр да көңүлүнө жага турган болот. Туурасын Аллах билет. Куттуу хадистерде бейиштеги үндүн кооздугуна төмөнкүдөй көңүл бурулган:

***Бейиште үр кыздардын чогулмай жерлери бар. Үндөрүн көтөрүшөт, жаратылгандар алардын үнүндөй сонун бир үндү ага чейин эч укпаган болушат... [(Tirmizi), Büyük Hadis Külliyatı, s. 409/10099]***

***Бейишке кирген ар бир адамдын башы жана буту жагында эки үр кыз турат жана адамзат менен жиндер уккан эң сонун үн менен ыр окушат... [Ramuz el-Ehadis-2, s. 384/7]***

# БЕЙИШТЕГИ ТҮБӨЛҮК ЖАШОО ЖАНА ЖАШТЫК

Адам өмүрү дүйнөдө орточо 6-7 даана 10 жылдан турат. Бул өтө кыска убакыт. Куранда акырет күнү дүйнө жашоосу жөнүндө өз оюн айткан адамдардын сөздөрү да муну тастыктайт.

**«Жыл санагы менен жер бетинде канча болдуңар?» деди. «Бир күн же бир күндүн бир аз бөлүгүнчөлүк болдук, эсептегендерден сура» дешти. (Мүминун Сүрөсү, 112-113)**

Ал эми бейиште болсо адамдын өмүрү чексиз. Аллах **«Ал жерде биринчи өлүмдөн башка өлүм татышпайт...»** (Духан Сүрөсү, 56) аятында билдиргендей, адам өзү да өлүмсүз болот жана айланасындагы немат-жакшылыктар да түбөлүккө уланат. Түбөлүк деп оңой гана айтып койгон түшүнүк жөнүндө жакшылап ойлонуу керек. Себеби бул жерде жүз, миң же миллион жыл эмес, эч бүтпөгөн бир мөөнөт айтылып жатат. Ошондуктан бейиште эч ким дүйнөдөгүдөй убакытты санап, ойлонбойт. Өмүр түгөнбөйт да, азайбайт дагы. Аллах бул чындыкты бир аятта төмөнкүдөй кабар берет:

**Бактылуулар болсо, эми алар бейиште. Раббиңдин каалоосунан тышкары, асмандар менен жер турганда, ал жерде түбөлүк болушат. (Бул) эч түгөнбөгөн бир берешендик. (Худ Сүрөсү, 108)**

Башка бир аятта болсо Аллах бейиш калкы жөнүндө **«Айланасында өлүмсүздүккө жеткен жаштар айланып турат;»** (Вакыа Сүрөсү, 17) деп, жаштык менен өлүмсүздүктүн бейиште бир немат болooруна көңүл бурат.

Бейиштеги түбөлүк жашоо хадистерде төмөнкүчө кабар берилет:

***Тозок калкына: «дүйнөдөгү таштардын санынчалык тозокто болосуңар» деп айтылганда, аны менен көңүлдөрү жеңилдемек. Бейиш калкына да: «таштардын санынчалык болосуңар» деп айтылганда, кайгырышмак. Бирок аларга түбөлүктүүлүк мукаддер (саны дайындалып, тагдыр кылынган) кылынды. [Ramuz el-Ehadis-2, s.358/6]***

***... Ал жерге кирген кишиге нематтар муктаждык сезбестен келет. Ал жерде түбөлүк жашайт. Өлбөйт, кийими эскирбейт жана жаштыгы да кетпейт. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 200/6]***

***... ал жерге кирген бактылуу болот, бактысыз болбойт, түбөлүктүү болот, өлбөйт. Кийгендери да эскирбейт, жаштыгы да түгөнбөйт. [Büyük Hadis Külliyatı-5, s.408/10088]***

Инжилде болсо түбөлүк жашоо жөнүндө мындай деп жазылган:

*Жанын сүйгөн аны жоготот. Бирок бул дүйнөдө жанын унуткан аны түбөлүк жашоо үчүн сактайт. (Иоанн, 12-бөлүм, 25)*

*... өзүңөрдү өтө ыйык болгон ыйманыңардын негизинде өнүктүргүлө... силерди түбөлүк жашоого жеткире турган мээримин күтүп өзүңөрдү Аллахтын сүйүүсүндө сактагыла. Олку-солку болгон кээ бирлерге мээримдүүлүк кылгыла. Кээ бирлерди оттон алып калып куткаргыла... Куткаруучубуз жалгыз Аллах силерди жыгылуудан сактап, Өзүнүн улуу даңкынын алдына чоң кубаныч ичинде кемчиликсиз чыгарууга кудуреттүү... (Иуданын каты, 20-24)*

*... араңарда кийимдерине кир жугузбаган бир канча киши бар, алар актар ичинде мени менен бирге басышат. Себеби ошого ылайыктуулар. Жеңүүчүлөр ушундай ак кийимдерди кийет. Мындайдын атын жашоо китебинен эч качан өчүрбөйм... (Иоаннга келген аян, 3-бөлүм, 4-5)*

*... Дүйнө курулгандан бери силер үчүн даярдалган падышачылыкты мураска алгыла... Булар түбөлүк азапка туш болушат, тууралар (чынчылдар) болсо түбөлүк жашоого жетишет. (Матфей, 25-бөлүм, 34-46)*

Дүйнөдө бир адам канчалык сулуу, канчалык бай, канчалык ден-соолугу чың болбосун, баары бир сөзсүз бир күн өлүм келет. Ошондуктан дүйнө шарттарында бүт баарынан бай болсо да, ал мүлктөрдүн бир күнү бүтүшү аларды кемчиликтүү кылат. Дүйнөдө немат-жакшылыктардын кемчиликтүү болушунун бир сыры ал нематтардын бейиштеги чыныгыларын самашыбыз үчүн. Дүйнөдөгү бүт сулуулуктар, алган ырахаттарыбыздын баары бир жагынан кемчиликтүү, экинчи жагынан болсо убактылуу, утурумдук. Ал эми бейиште болсо бул нематтар убакыт менен себептерден көз-карандысыз жаратылган. Ошондуктан бейиште нематтар дайыма бар болот. Аяттарда Аллах бейиштеги нематтардын үзгүлтүксүз, дайыма бар болушун төмөнкүдөй сүйүнчүлөйт:

**Раббилери аларга Өз Кабатынан бир мээримди, бир ыраазычылыкты жана алар үчүн тынымсыз бир немат-жакшылык болгон бейиштерди сүйүнчүлөйт. Ал жерде түбөлүк жашашат. Күмөнсүз Аллах Кабатында чоң сыйлык бар. (Тообо Сүрөсү, 21-22)**

**Ал жерде түбөлүк жашашат, андан чыккылары келбейт. (Кехф Сүрөсү, 108)**

## Бейиштеги түбөлүк жаштык:

Куран ахлагынан алыс жашаган адамдар жаш кезинен эле улгайуудан коркуп жашашат. Бир тараптан, улгайганда ооруп, алсыз болуп калаарын ойлоп, экинчи тараптан болсо ошол кезде мени карай турган бирөө болобу деп көңүлү түйшөлөт. Ушул сыяктуу ойлордон улам көп адамдар улгайууга өтө пессимисттик көз-караш менен карашат.

Адам денесинде 20 жаштардан баштап клеткалардын жаңылануу ылдамдыгы жайлап, тери мурдакы ийкемдүүлүгүн жоготуп баштайт. Бир канча жыл өткөн соң теринин улгайып баратканы даана көрүнүп баштайт. Бул адамдарды өтө кайгыга салат. Жаштыктарынын көз алдында колунан чыгып бараткабына кайгырышат. Албетте, бул ыймансыз (атеист) адамдарга тиешелүү. Себеби ыймандуулар убактылуу дүйнө жашоосунда туш болгон бүт кемчиликтер, оорулар жана алсыздыктарда Аллахка тобокел кылышат (таянышат). Бир ибадат катары колундагы бүт себептерди жасайт, бирок дин ахлагынан алыс жашаган адамдардай коркуп, тынчсызданбай өмүр сүрөт. Ошондой эле, дүйнөдөгү сулуулуктардын атайын кемчиликтүү жаратылганын, чыныгы жашоонун акыреттеги түбөлүк жашоо экенин билип, бейишке жетүү аракети жана үмүтү менен жашашат.

Дүйнө жашоосу утурумдук, убактылуу бир мекен. Аллах бүт нематтардын чыныгыларын акыретте жаратат жана чын ыкластуу (чын ниеттүү) кулдарына тартуулайт. Бейиште адамдар дайыма жаш, сулуу, ден-соолугу чың жана энергиялуу болушат.

Дүйнө шарттарында бир адам канчалык узун өмүр сүрбөсүн, улгайуу белгилери канчалык кеч келбесин же канчалык ден-соолугу чың болбосун, баары бир өмүрү бир күн

сөзсүз түгөйт. Куран аяттарында жана Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде болсо, бейиш нематы (сыйы) катары жаштыктын түбөлүккө уланаары айтылат:

***Бейиште сурмалуу жана сакалсыз абалда Йусуф (а.с.) сулуулугунда, Аййуб (а.с.) сүйүүсүндө жана отуз жаштардагы бир улан-кыздар болуп киресиңер. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 249/15]***

***Адамдар, жаш баладан улгайган кишиге чейин баары, отуз үч жаштагы жаштар абалында, Адам (а.с.) табиятында жана Йусуф (р.а.) сулуулугунда, Аййуб (а.с.) адеп-ахлагында сурмалуу жана жасанып тирилишет.(Жана ошол абалда бейишке киришет.) [Ramuz el-Ehadis-2, s. 507/6]***

Отуздун тегерегиндеги жаштар адамдын кулк-мүнөзү жетилип калынтанып, жүзү, сүйлөө калыбы, кыймыл-аракети жагынан жаштыктын эң жакшы доору болуп саналат. Бирок, бейиштеги энергиялуулук менен жаштыктын да дүйнөдөгүдөн такыр башкача экенин унутпаш керек. Себеби дүйнө шарттарында жаш бир адам да көп алсыздыктар ичинде жашайт. Аллах бейиш калкын акыретте ар кандай кемчиликтен алыс жаңы бир табиятта жараткан. Аллах бул бейиш нематын бир аятта төмөнкүчө кабар берген:

**Айланаларында (жаштыгы жана энергиялуулугу) түбөлүктүү кылынган сулуу кыз-жигиттер айланып турушат; сен аларды көргөндө чачылган берметтер экен деп ойлойсуң. (Инсан Сүрөсү, 19)**

## Бейиш калкынын бирдей куракта (жашта) болушу:

Бейиш калкынын бирдей жашта болушу Аллахтын өтө чоң бир сый-нематы. Жаштагы айырма дин ахлагынан алыс жашаган адамдар арасында көбүнчө жылуу мамиле түзүлө албашына себеп болот. Көбүнчө бир курактагы адамдар өз ара жылуу мамиле түзө алганы үчүн топторго бөлүнүшөт. Албетте, Мусулмандарда мындай болбойт. Мусулмандар кандай куракта болбосун, бир-бири менен өтө жакшы түшүнүшүп, өздөрүнөн кичине же чоң болсун бүт адамдар менен эч кыйынчылыксыз достук кура алышат. Бейиште Мусулмандардын бирдей куракта жаратылышы болсо Аллах тартуулаган өзүнчө бир немат-жакшылык болот. Пайгамбарыбыз (сав) бир хадисинде бейиш калкынын жашынын түбөлүккө өзгөрбөшүн кабар берет:

***Бир адам бейиштик болуп өлсө, чоң же кичине, жашы кандай гана болбосун, отуз жаштагы бир адам болуп бейишке кирет жана анан бул жаш түбөлүккө өзгөрбөйт. Тозоктогуларда да ушундай. [(Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 450/5]***

Куранда бейиштиктердин бир куракта болоору айтылган башка аяттар болсо мындай:

**Аларды дайыма кыз бойдон кылып жараттык, жубайларына ашык (жана) бирдей куракта, (Вакыа Сүрөсү, 36-37)**

# БЕЙИШТЕ КӨҢҮЛ КААЛАГАН БҮТ НЕРСЕНИН БОЛУШУ

Ааламдагы бүт нерселер Аллахтын чексиз кудуретин жана чексиз акылын чагылдырат. Аллах дүйнөдө сыноонун бир талабы болгондуктан, бүт нерсени бир мыйзам менен жаратууда жана бүт окуяларды, кубулуштарды адам акылы түшүнө ала турган, кадыресе себеп-натыйжа байланыштары ичинде көрсөтүүдө. Мындан улам адамдар бир мөмө көргөндө, анын бир уруктан өсүп чыккан даракта акырындап жетилген мөмө экендигинен күмөн санашпайт. Албетте, Аллахтын мыйзамы боюнча дүйнөдө мөмөнүн себеби ушул, бирок Аллах кааласа бүт ааламды себептерден көз-карандысыз да жарата алаарын унутпаш керек. Аллах каалаганын каалагандай жана каалаган убакта, өрнөксүз жаратуучу, эч нерсеге муктаж эмес. Ошондуктан Аллах жаратышы үчүн эч кандай себепке, каражатка, этаптарга муктаждык жок. Дүйнөдө бүт нерсенин белгилүү себептерге, табият мыйзамдарына баш ийиши адамдарды жаңылтпашы керек. Аллах бүт бул себептердин Жаратуучусу катары алардан толугу менен көз-карандысыз. Бейиште себептерден көз-каранды кылып жаратуу жоголгондуктан, дарактан үзүп алынган мөмөнүн ордуна жаңысы заматта пайда болуп, эч азайбайт. Себептерди да, натыйжаларды да Аллах жаратат. Мисалы, бир дарактын көлөкөсүн караганыбызда, ал көлөкөнүн себеби күн нурлары деп билебиз. Көлөкө күндүн бир натыйжасы, бирок күндү көлөкөгө себеп кылган – Аллах. Бул бир аятта төмөнкүчө айтылат:

**Раббиңди көрбөдүңбү, көлөкөнү кандай узартканын? Эгер каалаганда, аны өзгөрбөс кылмак. Кийин Биз күндү ага бир далил кылганбыз. Кийин аны кармап Өзүбүзгө акырындап тарттык. (Фуркан Сүрөсү, 45-46)**

Дүйнөдө ушинтип бүт нерсени себеп-натыйжа байланышы менен жаратышы – Аллахтын бир чеберчилиги, жана Раббибиздин мындай чагылуулары чексиз. Аллах бүт нерсени каалаганда, каалагандай жарата алат же каалагандай өзгөртө алат. Ааламды жоктон жараткан Аллах кааласа дүйнөдө биз түшүнүүгө аракет кылган мыйзамдарды жана себептерди алып салат. Чын ыкластуу Мусулмандар бейиште оюна келген, көңүлүнө жаккан бүт нерсени каалай алат, Аллахтын уруксаты менен алар заматта колунда болуп калат. Өздөрү да, айланалары да алардын көңүлүндөгүдөй болот жана каалаганын жасап, эң ырахат ала турган нематтар ичинде жашашат. Болгондо да, алардын эч бири бир муктаждыкты канааттандыруу, бир кемчиликти жоюу максатында да болбойт, Аллахтан бир сый-жакшылык катары бейиш калкы ырахат алышы үчүн гана болот. (Туурасын Аллах билет.)

Бул жөнүндө хадистерде берилген кээ бир мисалдар мындай:

***Бир киши Расулуллах алейхиссалату вассаламдан: «Бейиште ат барбы?» деп сурады. Алейхиссалату вассалам болсо:***

***«Аллах Таала Азрети сени бейишке киргизген болсо, кызыл жакуттан бир ат үстүндө ал жерде кыдыргың келсе, ал сени каалаган жериңе учурат» деди. Анда башкасы болсо:***

***«Бейиште төө барбы?» деп сурады. Бирок ага Алейхиссалату вассалам мурдакыга айткандай сөздү айткан жок. Мындай деди:***

***«Эгер Аллах сени бейишке киргизсе, ал жерде көңүлүң каалаган, көзүң ырахат алган нерселердин баары болот.» [(Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 431/14]***

Хадисте айтылган «көңүлүң каалаган, көзүң ырахат алган нерселердин баары» биздин дүйнөдөгү көз-карашыбыз, кыял күчүбүз менен чектелбейт. Куранда Аллах **«... ал жерде көңүлдөр (напсилер) каалаган жана көздөр ырахат алган бүт нерселер бар. Жана силер ал жерде түбөлүк жашайсыңар»** (Зухруф Сүрөсү, 71) аяты аркылуу ал нематтардын молчулугуна көңүл бурган. Бул жөнүндө башка аяттар болсо төмөнкүдөй:

**... Ал жерде напсиңер (көңүлүңөр) каалаган нерселердин баары силердики жана каалаган нерселериңердин баары да силердики. (Фуссилет Сүрөсү, 31)**

**... Алар напсилери (көңүлдөрү) каалаган (сансыз немат-жакшылыктар) ичинде түбөлүк жашашат. (Анбия Сүрөсү, 102)**

Баарыбыз дүйнөдө каалап, кээде убакыт таба албагандыктан, кээде болсо рисктүү болгондуктан кыла албаган көп нерселер бар. Мисалы, машина же мотоциклди өтө ылдам айдоо кээ бирлерге ырахат тартуулашы мүмкүн; кээ бирлер болсо көп саат бою терең сууга сүңгүү же бийик тоолордо лыжа тебүү, парашют менен жүздөгөн метр бийиктиктен секирүү сыяктуу кооптуу спортторду жасагысы келиши мүмкүн. Бирок булардын баары адам жашоосун рискке салуучу спорт тармактары болуп саналат.

Көп кишилер болсо музыкалык инструменттерди профессионалдуу ойноо, сүрөт тартуу сыяктуу өзгөчө жөндөмдөргө ээ болууну каалайт. Мындай нерселер жөндөмдөн тышкары кээде көп жылдар бою билим алууну талап кылат. Бейиште болсо бир адам каалаган нерсесине жете алгандыктан, каалаганда эч аракет жумшабастан, жөндөм сыяктуу бир себептен көз-каранды болбостон, мындай мүмкүнчүлүккө ээ боло алат. (Туурасын Аллах билет.)

Бир хадисте бейиштеги каалоолордун чексиздиги төмөнкүчө айтылат:

***Раббилери мындай дейт: «...Бул жер силерге мол-мол бере турган бир жерим. Менден эмне кааласаңар сурагыла!»***

***Андан ыраазылыгын сурашат. Ал болсо мындай дейт: «Ансыз да силерди бул жерге Менин ыраазылыгым жайгаштырды. Силерге мындан да мол-мол берем, сурагыла!»***

***Каалоолору бүткөнгө чейин тынымсыз сурашат.***

Куран аяттарында жана хадистерде бейиште Аллахтын каалоосу менен напси (көңүл) каалаган бүт нерсенин мүмкүн болоору айтылууда. Ошондуктан адамдар кыялдана гана алган, бирок дүйнөдө мүмкүн болбогон нерселер да болушу мүмкүн. Мисалы, ат үстүндө учуу дүйнө шарттарында мүмкүн эмес, бирок хадистерде айтылгандай, бул дагы Аллахтын каалоосу менен бейиште мүмкүн болот. Бир хадисте каалаган адамдын уча алаары төмөнкүдөй айтылат:

***Эгер насип болуп, бейишке кирсең «кызыл жакуттан бир атка минейин» десең минесиң. «Учайын десең учасың.» [Ramuz el-Ehadis-1, s. 149/5]***

Башка бир хадисте болсо бейиштеги нематтын көптүгү жөнүндө Пайгамбарыбыз (сав) мындай дейт:

***«Аллах Таала Азрети буюрду: «Мен Азимуъш-Шаън, чын ыкластуу кулдарым үчүн көздөр көрбөгөн, кулактар укпаган жана адамдын ой-кыялына эч келбеген немат-жакшылыктарды даярдадым.» [(Buhari, Müslim, Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 4419/1]***

## Бейиште каалаган нерселердин заматта болуп калышы:

Дүйнөдө сонун бир тамакты каалаган бир адамдын ал үчүн эмгек жана убакыт коротушу керек болот. Эч эмгек жумшабастан, оюна келээр замат алдында тамактардын даяр болуп калуу ыктымалдыгы болсо көңүлүнө өтө жагат. Бирок бул дүйнө шарттарында мүмкүн эмес. Бирок убада кылынган бейиште сатып алуу, эмгек жана убакыт коротуу сыяктуу көп себептер менен этаптар жоюлуп, нематтар адамдын көңүлүнө өтө жага тургандай тартуу кылынат. Бир хадисте бул төмөнкүдөй мисал менен айтылган:

**Бейиште сенин көңүлүң кушту каалайт. Заматта куурулган абалда алдыңа алып келип коюлат. [Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 414/10123]**

Бир риваятта Пайгамбарыбыз (сав)дын төмөнкүдөй бир хадиси кабар берилет:

***... куштун этинен жеш ал кишинин оюна келет жана заматта ар кандай эт тамактар анын алдына барып калат. Бейиш калкы андан каалагандай жейт. Тойгондо куштун сөөктөрү чогулат. Анан учуп, каалагандай бейиште оттоп баштайт. [Tezkire-i Kurtubi-1, s. 58]***

Мындан тышкары, бейиште бир адам эмне кааласа кыла алгандыктан, хадисте да айтылгандай, иштөөгө муктаж болбосо да, айыл-чарбасы менен алектене алат:

***Пайгамбарыбыз (сав) чөл жашоочуларынан бир адам менен сүйлөшүп жатып, суроолоруна төмөнкүдөй жооп бергени риваят кылынат:***

***Бир адам (бейиште) эгин эгүү үчүн Раббисинен уруксат сурайт. Рабби ага айтат: «Сен каалагаңыңдай жашап жаткан жоксуңбу?» Ал мындай дейт: «Ооба. Бирок мен эгин өстүрүүнү жакшы көрөм.» Ага уруксат берилет, ошол замат урук сээп бир заматта эгини өсүп, чоңойуп, кырманы тоолордой түшүмгө толот... [(Buhari), Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 413/10119]***

## Каалагандай келбетти өзгөртө алуу:

Адамдарга жүзү менен денесин каалагандай тандап алуу мүмкүнчүлүгү берилсе, албетте, бүт баары кемчиликсиз көрүнүштө болууну каалайт. Себеби адамдын руху сулуулуктан ырахат ала турган кылып жаратылган жана дайыма эң кемчиликсизин, эң сулуусун издейт. Кичинекей эле бир кемчилик да көзүнө урунуп, көңүлүн бурат. Бирок адам издеген кемчиликсиз сулуулукту дүйнөдө толук эч качан таба албайт. Бир адам дүйнөнүн эң сулуу адамы болсо да, сөзсүз анын алсыздыктары, оорушу жана эң негизгиси өлүмдүү болушу анын сулуулугуна так түшүрөт. Себеби сыноонун бир талабы катары дүйнөдө дээрлик бүт нерсе кемчиликтери менен бирге жаратылган. Ал кемчиликтердин адамдардын акыретти самап, бейиш жашоосун сагынышы жагынан өтө чоң пайда жана сырлары бар. Адамдын көңүлүнө жага турган кемчиликсиздик менен сулуулуктун чыныгы мекени болсо – бул бейиш. Аллах бейиште адамды кемчиликсиз сулуулукта жана ага эң жага турган келбетте жаратат. Болгондо да ал сулуулук бир келбет менен эле чектелбейт. Аллах бейиштеги кулдарына каалаганда, каалаган келбетти тандай алуу мүмкүнчүлүгүн берет жана бейиштегилер каалаганда башка бир сулуу келбетке ээ боло алат.

Пайгамбар Мырзабыз (сав) ыймандуулардын бейиштеги базарларда каалаган келбетке киришээрин бир хадисинде төмөнкүдөй кабар берет:

***Бейиште бир базар бар. Бирок ал жерде алуу да, сатуу да жок. Эркек менен аялдардын келбеттери гана бар. Эркек алардан бир келбетти кааласа, ошол келбетке кирет. [(Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 434/17]***

## Каалаган кишинин балалуу болушу:

Бир адам балалуу болгусу келсе, бул да бейиште жеңилдик жана кемчиликсиздик ичинде болот:

***Ыймандуу адам бейиште балалуу болгусу келгенде; анын бойго бүтүшү, төрөлүшү, чоңойушу бир заматта болот. [Tezkire-i Kurtubi-1, s. 55]***

Мындан тышкары, бейиште балдардын абалы жөнүндө хадистерде минтип айтылат:

***Ыймандуулардын балдары бейиште бир дөбөдө. Алар кыяматка чейин Ибрахим (а.с.) менен жубайы Саранын тарбиясы астында болушат. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 73/2]***

## Түндүн болбошу:

Түн дүйнө жашоосунда адамдар үчүн бир эс алуу убактысы катары жаратылган. Бейиште уйку менен эс алуу муктаждыгы болбогондуктан, түндүн караңгылыгына да муктаждык калбайт. Бейиште түндүн жок экени хадистерде төмөнкүдөй айтылат:

***Бейиште түн жок. Ал жарык менен нурдан турат... [Ramuz el-Ehadis-2, s. 366/4]***

## Уйкунун жоктугу:

Уйку адамдын дүйнөдөгү алсыздыктарынын бири. Бүт адамдар уйкуга муктаж боло турган абалда жаратылышкан жана канчалык кааласа да уктабай койо алышпайт. Болгондо да, дене уйкуга канбаганда, оорударга карата иммунитет начарлап, адам чарчаңкы болуп калат. Бирок уйкуга кеткен убакыт да өтө узун болуп саналат. Адам болжол менен өмүрүнүн үчтөн бирин уйкуда өткөрөт. Бул дүйнөдө ансыз да кыска болгон өмүрүнүн өтө көп бөлүгүн өлүк сыяктуу өткөрөт деген мааниге келет. Куранда да **«Аллах алар өлө турган убакта жандарын алат; өлбөгөндү болсо уйкусунда (бир өлүмгө жолуктурат). Ушундайча, ал жөнүндө өлүм чечими берилгенди (анын рухун) кармап калат, беркисин (беркисинин рухун) болсо белгиленген бир ажалга чейин (денесине) кайра салат...»** (Зүмер Сүрөсү, 42) аяты менен уйкунун бир өлүм сыяктуу экени кабар берилген. Бирок бейиште уйку, чарчоо сыяктуу алсыздыктар жок. Аллах **«Аларга ал жерде эч кандай чарчоо келбейт...»** (Хижр Сүрөсү, 48) аяты менен бул чындыкты кулдарына билдирген. Бир хадисте болсо бейиште уйкунун жок экени төмөнкүдөй айтылган:

***Пайгамбар саллаллаху алейхи ва салламдан: «Бейиш калкы уктайбы?» деп сурашты. Мындай деди: «Уйку өлүмдүн бир тууганы. Бейиш калкы уктабайт.» [Büyük Hadis Külliyatı-5, s.414/10125]***

## Пикир келишпестиктердин болбошу:

Бейиш калкынын эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болсо – бул адеп-ахлактарынын өтө сонун болушу. Бир хадисте бейиштеги ыймандуулардын мүнөзүнүн сонундугу төмөнкүдөй айтылган:

***Мен бейиш бакчаларында, бейиштин үстүндө жана бейиштин астыңкы тарабында бирден сарайга мобул киши үчүн кепилмин: ал чындык өзү тарапта болсо да тирешүүнү***

***токтотот, тамашалап болсо да калп айтпайт жана адамдар(га өрнөк болуу) үчүн адеп-ахлагын жакшыртат. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 152/6]***

Абийирин колдонгон, Аллахтан коркуп тартынган кишилердин арасында бүт адамдар өзүн өтө жакшы сезет. Сонун адеп-ахлак жок бир жерде болсо уруш-талаш, кызганычтык, талаш-тартыш, ачуулануу, кекенүү, шылдыңдоо, таарынуу бар болот. Куран ахлагынан алыс жашаган адамдар мындай жаман мүнөздөрүнөн улам өз колдору менен тозокту эске салган бир маанайды, шартты пайда кылышат.

Бейпил, бактылуу, ишенимдүү бир шарттарда достукта, бир туугандыкта, толеранттуулук менен жашоо мүмкүнчүлүгү бар туруп, дүнүйөлүк ач көздүк менен, каалоолоруна алданып, өтө чоң нематтан куру кол калышат. Мусулмандар үчүн болсо дүйнөдө сабырдуу, токтоо, акылдуу, бир калыптуу, кечиримдүү, боорукер, жакшы адеп-ахлактуу болуунун терең бир ыймандык ырахаты бар. Бир ыймандуу адам мындай сонун өзгөчөлүктөрдү өзүндө көргөндө өзүнчө бир ырахат алып, башка ыймандууларда көргөндө алардан да өзүнчө бир ырахат алат. Түбөлүккө чейин улана турган мындай ыраазылык, ырахаттануулар бейиште да барган сайын өсөт. Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын хадистеринин бирөөсүндө бейиштеги мындай чөйрө төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

***... Жүрөктөрү бир адамдын жүрөгү сыяктуу. Араларында карама-каршылык, душмандык жок... [Kütüb-i Sitte-14, s. 449/3]***

Ушуга окшош башка бир хадисте болсо бейиш калкынын адеп-ахлагы мындайча айтылат:

***Алардын адеп-ахлагы бир адамдын адеп-ахлагындай. [Tezkireti'l Kurtubi, s. 329/579]***

Аллах Куранда бейишине ылайык көргөн ыймандуу кулдары жөнүндө **«Алардын көкүрөктөрүндө кекенүүдөн (эмне бар болсо баарын) алып салдык, бир туугандар катары тактылар үстүндө маңдай-тескей.»** (Хижр Сүрөсү, 47) деп, алардын чыныгы жана чын көңүлдүү достугуна көңүл бурат.

## Кайгы, кыйынчылык сыяктуу жагымсыз нерселердин болбошу:

Кайгы, кыйынчылык сыяктуу адамдарга азап берген маанайлар дин ахлагынан алыс жашаган адамдарда көп кездешет. Аллахтын бүт нерсени бир тагдырда, жакшылык менен жаратканын унуткан ал кишилер терстей, кыйынчылыктай көрүнгөн окуялардан коркуп, паникага түшүшөт. Аллахка тобокел кылышпаганы үчүн көңүлү чөгүп, муңданышып, ал тургай, ден-соолугуна зыян бере тургандай катуу кайгыга түшүшөт. Чындыгында болсо адам өзүнө эмненин жакшылык, эмненин жамандык экенин биле албайт, Аллах гана билет. Бир аятта бул чындык төмөнкүдөй билдирилет:

**... (Кэзде) бир нерсени жаман көрүшүңөр мүмкүн. Чынында ал силер үчүн жакшылык. Ошондой эле (кэзде) силер жакшы көргөн нерсе өзүңөргө жамандык болуп чыгат. Аллах билет, силер билбейсиңер. (Бакара Сүрөсү, 216)**

Дүйнөдө кыйынчылыктай көрүнгөн бир нерсе акыретте кишинин бейишке киришине себеп боло турган бир жакшылыкка айланышы мүмкүн. Муну билген ыймандуулар дүйнөдө алдыларынан чыккан кыйынчылыктай көрүнгөн терс көрүнүштөрдү ыймандарынын күчү менен өздөрүнөн алыстатышат. Аллахка моюн сунуунун, Ал жараткан бүт нерседен ыраазы

болуунун бейпилдиги ичинде, алдынан чыккан ар бир окуяны Аллах жараткан бир жакшылык деп карайт. Ушул себептен бейишти үмүт кылган ыймандуулар дүйнөдөгү эч нерсени жамандык деп санабайт. Бейиште болсо Аллахтын мээрими менен түбөлүккө чейин кайгы, азап, санаа сыяктуу сезимдерден алыс жашашат. Хадистерде бейиштеги бул немат-жакшылык мындайча кабар берилет:

***... Бүт кайгылар бүтөт. Тозок калкынын кайгысынан тышкары... [Ramuz el-Ehadis-2, s. 342/15]***

***... алар мындай дешет: «Биз түбөлүктүүбүз, эч качан кыйроого туш болбойбуз, биз бактылуу кишилербиз, эч качан кайгырбайбыз... [(Tirmizi), Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 409/10099]***

***... Ал жерде эч кандай санаа жана коркунуч жок... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 170/1]***

Инжилде болсо бул мындайча айтылат:

*... «Ак кафтан кийинген бул кишилер кимдер, кайдан келишти?»... Мага айтты «Булар ошол кыйынчылыктар өтүп келгендер... Ошон үчүн Аллахтын тактысынын алдында турушат... Такты үстүндө отурган, чатырын алардын үстүнө тартат... Аллах алардын көздөрүнөн бүт жаштарды өчүрөт.» (Иоаннга келген аян, 7-бөлүм, 13-17)*

Аллах Куранда ыймандуулардын бейпил жашоосун төмөнкүдөй кабар берет:

**Аллах Өз берешендигинен аларга бергендеринен кубаныч ичинде болушат. Аларга арттарынан али келе электерге алардын эч коркпой турганын жана кайгырбай турганын сүйүнчүлөөнү каалашат. (Али Имран Сүрөсү, 170)**

**«Бизден кайгыны алып, жок кылган Аллахка мактоолор болсун; күмөнсүз Раббибиз чындыгында кечиримдүү, шүгүрдү кабыл кылуучу» дешет. (Фатыр Сүрөсү, 34)**

**Эми Аллах аларды мындай бир күндүн жамандыгынан коргогон жана аларга жаркыраган бир нур жана бир кубаныч берген. (Инсан Сүрөсү, 11)**

**Неmattын жаркыраган кубанычын сен алардын жүзүндө таанылысың. (Мутаффифин Сүрөсү, 24)**

Жогоруда да айтылгандай, дүйнөдөгү нерселердин дээрлик баары сыноонун бир талабы катары атайын кемчиликтүү жаратылган. Ыймандуулар дүйнөдө туш болгон бүт кыйынчылыктарга сонун сабыр кылышып, Аллахка тобокел кылышат (таянышат). Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде киши бейишке киргенде гана чыныгы бейпилдикке жетээрин кабар берген:

***Бейишке кирген гана бейпилдикке жетет. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 138/13]***

Башка бир хадисинде болсо Пайгамбарыбыз (сав) бейиштеги бейпил жашоону төмөнкүчө сүрөттөйт:

***Бейиш түбөлүк бир мекен катары жаркыраган бир нур, бүт тарапка жайылган бир жыт, өтө сонун курулган бир сарай, агып турган бир дарыя, жетилген бир мөмө, көк майсаң, кубаныч, салкындыктын, жаңынын мекени. [Ölümden Sonra Diriliş, s.47]***

# БЕЙИШ КАЛКЫНЫН АЛЛАХКА ЖАКЫНДЫГЫ

*Бейиштегилердин Аллахтын Улуу Затынын чагылышын көрө алышы*

Буга чейин айтылган бүт бул нематтардан тышкары, Аллахка болгон жакындыгы бейиш калкынын эң чоң жана эң негизги немат-сыйы болот. Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын көп хадистеринде бейиштеги ыймандуулардын Аллахтан бир тартуу катары Анын Затынын бир чагылуусун көрө алаары айтылат:

***Бейиш калкы бейишке киргенде Аллах Табарака ва Таала мындай дейт: «Силерге мындан тышкары кылышымды каалаганыңар башка бир нерсе барбы?»***

***«Сен биздин жүздөрүбүздү аппак кылган жоксуңбу? Тозоктон куткарып бизди бейишке киргизген жоксуңбу; (Мындан да көп жакшылык эмне болушу мүмкүн?)» дешет.***

***Анан парда алып салынып, аларга Раббилери Тааланы көрүүдөн да жагымдуу эч нерсе берилбегенин түшүнүшөт. [Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 415/10130]***

***«Эй Аллахтын Расулу (Элчиси)! Раббибизди көрөбүзбү?»***

***«Булутсуз ачык айлуу түндө айды көрүү үчүн түртүшүп талашасыңарбы?»***

***«Жок.»***

***«Булутсуз бир күндө күндү көрүү үчүн бир-бириңерди түртүп, бир-бириңерге жолтоо болосуңарбы?»***

***«Жок.»***

***«Раббиңерди да мына ошондой кыйынчылыксыз, апачык көрөсүңөр.» ... [(Buhari, Müslim, Tirmizi), Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 416/10133]***

Бир риваят боюнча болсо Пайгамбарыбыз (сав) бул жөнүндө мындай деген:

***Бейиш калкы бейишке киргенде кылган иштеринин даражасына карап ал жерге жайгашышат. Анан аларга дүйнө күндөрүнөн жума күнүндөй бир убакыт Раббилерин зыярат кылууга уруксат берилет. Аларга Аллахтын Аршы көрсөтүлөт. Аларга бейиш бакчаларынан бир бакча да көрүнөт. Аларга нур минбарлар, бермет минбарлар, жакут минбарлар, изумруд (жалтырак, жашыл, кымбат баалуу таш) минбарлар, алтын минбарлар жана күмүш минбарлар курулат. Эң төмөнкү даражалуу кишилер да – араларында төмөн даражалуу эч ким жок- мускус (жыпар) жыйындысынын үстүндө отурат. Күрсү ээлеринин алардан жогорураак мажлиси бар экенин көрүшпөйт... Ал мажлисте Аллахтын жанында болуп, Аны көрбөй турган эч ким болбойт... [(Tirmizi), Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 409-410/10100]***

***... Адн бейишинде бейиштиктер менен Раббилерин көрүшү арасында Аллахтын жүзүндөгү улуулук пардасынан (рыдауъл-кибрийа) башка нерсе жок. [(Buhari, Müslim, Tirmizi), Cennet 3, 2530]***

Бейиш калкынын Аллахтын алдында туруудан сезген бакыты болсо бир хадисте төмөнкүдөй айтылган:

***Бейиш калкы Аллахтын алдына эки жолу барат... Алардын ар бири ал мажлисте кылган иштерине жараша бермет, жакут, изумруд, алтын жана күмүштөн минбарлар үстүндө отурушат. Кубанычтан көздөрү эч качан мынчалык нурданган эмес болот... Буга кайра жетүү үмүтү менен эртеси күндүн күтүп орундарына кайтышат. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 120/3]***

## Аллахтын ыраазылыгына жеткен болушу:

Аллах бейиште ыраазы болгон кулдарына чексиз немат-жакшылыктар тартуулайт. Бирок ыймандуу момундар үчүн Аллахтын ыраазылыгына жетүү баарынан өйдө болот. Ыймандуулар дүйнөдө мал-мүлктөрүн, жандарын, колдогу бүт мүмкүнчүлүктөрүн Аллахка жакындоо жана Анын ыраазылыгына жете алуу үчүн сарпташып, бүт өмүрүн Ага арнашат. Бейиште болсо өмүрлөрүнүн ушул максатына жетүүнүн чексиз бакытын сезишет. Бир аятта Аллахтын ыраазылыгына жетүүнүн канчалык чоң немат экени төмөнкүдөй айтылат:

**Аллах ыймандуу эркектерге жана ыймандуу аялдарга ичинде түбөлүк кала турган, астынан дарыялар аккан бейиштерди жана Адн бейиштеринде сонун үйлөрдү убада кылган. Аллахтан болгон ыраазылык болсо баарынан өйдө. Улуу кутулуу жана бакыт мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 71-72)**

Куранда ыймандуулардын бейиште бүт тараптан ыраазы болоору болсо төмөнкү аяттарда кабар берилет:

**Эй мутмаин (көңүлү толгон) напси, Раббиңе (Аны) ыраазы кылган жана (Андан) ыраазы болгон абалда кайт. Эми пенделеримдин арасына кир. Бейишиме кир. (Фежр Сүрөсү, 27-30)**

**Раббилери Кабатында алардын сыйлыгы – ичинде түбөлүк жашай турган астынан дарыялар аккан Адн бейиштери. Аллах алардан ыраазы болду, алар да Андан ыраазы болушту. Мына ушул Раббиңден «ичи титиреп корккон адам» үчүн. (Бейййне Сүрөсү, 8)**

Бир хадисте бейиш калкынын Аллахтан ыраазы болоору төмөнкүдөй айтылат:

***«Эй Раббибиз, айт! Буйругуңа даярбыз! Жакшылыктар Сенин колуңда!» дешет. Раб Таала:***

***«Ыраазы болдуңарбы?» деп сурайт. Алар:***

***«Эй Раббибиз! Ыраазы болбошко эмне акыбыз бар! Сен бизге макулуктарыңдан (жаратkандарыңдан) эч бирине бербеген немат-жакшылыктарды бердиң!» дешет. [(Buhari, Müslim, Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 456-457/13]***

## Тозоктон кутулуунун кубанычы:

Албетте, бейиш нематтарынын ар бири өз-өзүнчө өтө куттуу жана баалуу. Өзгөчө тозоктун бар болушу бейиш калкынын ал нематтардан алган ырахатын эсе эсе көбөйтөт. Себеби акыретте бейиш менен тозоктон тышкары адамдар бара турган башка бир жер жок. Ошондуктан Аллах бейишине кабыл албаган бир кишинин бараар жери – тозок.

Аллах дүйнөдө адамдарга жакшы менен жаманды, жагымдуу менен жагымсызды, көңүлгө жаккан менен жакпаганды бирдей көрсөтүүдө. Бул болсо ыймандуулардын салыштырышына жана сулуулуктан алган ырахатынын өсүшүнө себеп болууда. Бейиште болсо Аллах бейиш калкына эгер каалашса тозоктогулардын абалын көрсөтүп, алардын бейиштен алган ырахатын күчөтүшү мүмкүн. (Туурасын Аллах билет.) Бейиш калкынын тозок азабынан Аллахтын мээрими менен кутулуудан сезген кубанычы бир хадисте төмөнкүдөй кабар берилет:

***Бейиш калкынын баары тозоктогу өз ордун көрүп «Аллах мага хидаят бербей койсо кантмекмин?» дейт жана бул ага шүгүр болот... [Ramuz el-Ehadis-2, s. 342/1]***

Ыймандуулар жеткен мындай улуу мээрим менен нематты кабар берген башка бир хадис болсо төмөнкүдөй:

***... Бейишке кирип, тозоктон кутулуу неmattын толук болушунан. [Ramuz el-Ehadis-2, s. 449/6]***

Бейиш калкынын мындай кубанычы Куранда төмөнкүдөй кабар берилет:

**... «Бизди буга жеткирген Аллахка мактоолор болсун. Эгер Аллах бизге хидаят бербегенде (туура жолго салбаганда), биз туурага жетмек эмеспиз. Ант болсун, Раббибиздин элчилери акыйкат менен келишти» дешет. Аларга: «Мына ушул кылган иштериңер үчүн сыйлык катары мураскор кылынган бейишиңер» деп айтылат. (Аьраф Сүрөсү, 43)**

Ошондой эле, ыймандуулар эгер кааласа тозок калкынын сабак болчу абалын, дүйнөдө кылгандарына кандай жаза алганын да көрө алышат. Аллах Куранда бейиш калкынын тозок калкы менен маегин төмөнкүчө кабар берет:

**Алар бейиште; бир-биринен сурашат. Кылмышкер-күнөөкөрлөрдөн; «Силерди бул тозокко түртүп-айдаган эмне?» Алар: «Биз намаз кылчу эмеспиз» дешти. «Жакырды тойгузчу эмеспиз. (Негизсиз ишенимдерге жана каалоолорго) Чумкуп кеткендер менен биз да чумкуп кетчүбүз. Дин (сурак жана жаза) күнүн жалган дечүбүз. Аягында йакин (анык бир чындык болгон өлүм) бизге келип жетти.» (Мүдессир Сүрөсү, 40-47)**

# БЕЙИШ – АЛЛАХТЫН АДИЛЕТТҮҮЛҮГҮНҮН БИР ЧАГЫЛУУСУ

## Бүт адамдардын дүйнөдө кылгандарынын жаза же сыйлыгын алышы

Бир аятында Аллах **«Ал, амал (иш-аракеттер) жагынан кайсыңардын жакшыраак болоорун сыноо үчүн өлүмдү жана жашоону жаратты...»** (Мүлк Сүрөсү, 2) деп адамдын жаралуу максатын кабар берет. Башка бир аятында болсо бул максатты билбеген, бош жана максатсыз өмүр сүрүүнү көздөгөн адамдарды **«Биз силерди бош бир максат үчүн жаратты жана чындыгында Бизге кайра кайтпайбыз деп ойлодуңар беле?»** (Мүминун Сүрөсү, 115) деп суракка алаарын билдирет. Адам дүйнөдөгү өмүрү бою Куранга ылайык жашоого, ар бир ою менен иштеринде Аллахтын ыраазылыгын көздөөгө, абийирин колдонууга, жакшы мүнөздө болууга, чын ниеттен сооптуу иштерди кылууга милдеттүү. Чындык апачык болуп турса да, жаралуу максатынан алыс жашаган адамдар өздөрүнө такыр башка максаттарды коюшат. Чындыгында болсо, адамдын кылгандарынын баары, сүйлөгөн бүт сөздөрү, ал тургай, акылына келген ойлордун баары акыретте алдына коюлуу үчүн «иш-аракет дептерине» жазылууда. Аллах Куранда **«... кылгандарыңарга сөзсүз жоопкер болосуңар»** (Нахл Сүрөсү, 93) жана **«Кылып жаткандары себептүү ар бирине даражалар бар...»** (Энъам Сүрөсү, 132) аяттары аркылуу билдиргендей, адамдар ар бир кылганынын акысын сөзсүз акыретте алышат. Бул чындык бир хадисте төмөнкүчө кабар берилет:

***Бушайман болгон адам Аллахтын мээримин күтөт. Өзүн сүйгөн (бой көтөргөн) болсо Аллахтын азабын күтөт. Бүт адамдар Аллахтын алдына өлүмүнөн мурда кылган иштери менен келет. Жана албетте иш-аракеттерди жасагандар жыйынтыгына жараша өкүм кийишет... Ким кыпынчалык жакшылык кылса аны көрөт. Ким кыпынчалык жамандык кылган болсо, аны көрөт. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 237/15]***

Куранда бул жагдай кабар берилген аяттардын бир канчасы төмөнкүдөй:

**Периштелер жакшы мамиле менен жандарын алышканда: «Салам силерге» дешет. «Кылгандарыңардын сыйлыгы катары бейишке киргиле.» (Нахл Сүрөсү, 32)**

**Ар бир напси (адам) кылган жакшылыктарын (алдында) даяр (турганын) көргөн жана кандай жамандык кылса аны (жамандыгы) менен өзү арасында алыс бир аралык болушун каалаган ал күндү (ойлонгула)... (Али Имран Сүрөсү, 30)**

**Силердин жаныңардагы түгөнөт, Аллах Кабатындагы болсо түбөлүктүү. Сабыр кылгандардын сыйлыгын жасагандарынын эң сонуну менен Биз сөзсүз беребиз. Эркек болсун, аял болсун, бир момун (ыймандуу) катары ким ыкластуу бир амал (иш-аракет) жасаса, албетте, Биз аны сонун бир жашоо менен жашатабыз жана алардын акысын кылгандарынын эң сонуну менен сөзсүз беребиз. (Нахл Сүрөсү, 96-97)**

Инжилде бүт адамдардын кылганынын акысын алаары жазылган:

*Аллах «бүт баарына кылгандарынын акысын берет.» Тынымсыз жакшылык жасап бийиктик, кадыр-барктуулук менен өлүмсүздүктү көздөгөндөргө түбөлүк жашоо берет. Ал*

*эми өзүмчүлдөрдүн, чындыкка моюн сунбай адилетсиздиктин артынан ээрчигендерге азап менен ачууну жаадырат. (Павелдин Римдиктерге каты, 2-бөлүм, 6-8)*

Аллах жерде жана асманда болуп жаткан бүт нерсени көрөт, ар бир сөздү, шыбырды угат жана бүт адамдардын кылган иштеринен кабардар. Эч нерсе Андан жашыруун калбайт. Аллахтын бизге күрөө тамырыбыздан да жакыныраак экенин, ар бир сөзүбүздү, ичибизден ойлонгон бүт ойлорубузду билээрин, көргөн бүт нерселерибизди Аллахтын дайыма бүт тарабынан көрүп тураарын жакшы түшүнүү керек. Себеби Аллах акырет күнү адамдардын **«эч күтпөгөн нерселерин»** (Зүмер Сүрөсү, 47) да алдына койот. Адамдар көпчүлүктүн арасында же жалгыз кезинде кылгандарынын баарынын, ооздорунан чыккан ар бир сөздүн, ойлоруна келген ар бир ойдун, балким ичибизде жашыруун бойдон калат деп ойлогон бүт нерсенин акыретте бир жазасы же сыйлыгы бар. Бул Аллахтын чексиз адилеттүүлүгүнүн бир чагылуусу. Бул чындыкты билдирген аяттардын бири мындай:

**Ар бирөөңөргө кылгандарыңарга жараша даражалар бар; ошентип кылгандары аларга толугу менен төлөнөт жана алар зулумдукка туш болушпайт. (Ахкаф Сүрөсү, 19)**

## Бейиштин даража даража болушу:

Куранда айтылган **«Аллах Кабатында алар даража даража...»** (Али Имран Сүрөсү, 163) аятынан да көрүнүп тургандай, бейишке кире турган адамдар да такыбаларынын (Аллахтан коркуу) даражасына жараша сыйлык алышат. Бул абал бир хадисте төмөнкүдөй айтылат:

***... Бейишти да кылган иштерине жараша бөлүштүрүшөт. (Көп иштерди жасаган көп үлүш алат.) [Ramuz el-Ehadis-1, s. 198/17]***

Албетте, бир адам бейиштин кайсы даражасында болбосун, андан сөзсүз ыраазы болот, себеби Аллах бейиштеги бүт кулдарына ыраазылык убада кылган. Раббибиз чын ыкластуу кулдарынын Андан ыраазы болуп бейишке киришээрин билдирет (Бейййне Сүрөсү, 8). Бирок дүйнөдө бир эле нематтан ар ким ар кандай ырахат алган сыяктуу, акыретте да нематтардан алынган ырахаттын даражасы ар түрдүү болушу мүмкүн. Туурасын Аллах билет. Мисалы, бүт адамдар сонун пейзажды караганда андан ырахат алат, бирок араларынан Аллахка эң жакыны, Аллахтын кудуретин жакшыраак түшүнө алган кишилер ал сулуулуктан көбүрөөк ырахат ала алышат. Аллах бийик даражаларга ылайыктуу кулдарынын өзгөчөлүктөрүн бир аятында төмөнкүдөй кабар берет:

**Ыйман келтиргендер, хижрат кылгандар жана Аллах жолунда мал-мүлктөрү менен жана жандары менен жехд (аракет) кылгандардын Аллах Кабатында бийик даражалары бар. «Кутулууга жана бакытка» жеткендер мына ушулар. (Тообо Сүрөсү, 20)**

Хадистерде болсо бейиштеги даражаларга төмөнкүдөй көңүл бурулган:

***Бейиште жүз даража бар. Бирөөсү бүт ааламдарды ичине батырат. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 125/8]***

***Бейиш жүз даража. Токсон тогузу акылдууларга тиешелүү. Калган бирөөсү болсо калгандарга. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 200/11]***

***Бейиш калкы гурфелерде (бейиш сарайы) жашагандарды (ахли гураф) көрүшөт. Горизонтто чыгыштан батышты көздөй кеткен берметтей жалтыраган жылдыздарды***

***көргөнүңөр сыяктуу. Араларындагы сыпаттык айырма (гурфа калкын) ошондой жогоруда көрсөтөт. [Buhari, Müslim, Cennet 11, 2831]***

Ошондой эле, хадистерде айтылышы боюнча, ал даражалардан эң бийик даражаны Фирдавс бейиши түзөт:

***Бейиш жүз даража. Катары менен келген эки даражанын арасы жер менен асман арасындай. Фирдавс эң бийиги болуп, бейиштин ортосунда турат. Жана анын үстү Аршы Рахман. Бейиштин дарыялары ошол жерден чыгат. Аллахтан тилегениңерде Фирдавс бейишин тилегиле. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 200/4]***

Мындан тышкары, хадистерде Адн бейиши да айтылат. Пайгамбар Мырзабыз (сав) бир хадисинде Адн бейиши жөнүндө мындай дейт:

***Фирдавс бейиштери төртөө: экөөсүнүн зыйнаттары, идиштери жана ичиндегилер алтындан. Экөөсүнүн болсо зыйнаттары, идиштери жана ичиндегилер күмүштөн. (Адн) Бейишиндегилер менен Аллахтын жүзү арасында бир Ридайы-Кибрийа (улуулук пардасы) гана бар. Жана ал дарыялар (сүт, бал, шарап жана суу дарыялары) Адн бейишинен чыгып, анан калгандарына жайылат. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 272/4]***

Пайгамбарыбыз (сав) башка бир хадисинде болсо Адн бейишинин көркөм сулуулугун төмөнкүдөй сүрөттөйт:

***... Бир кирпичи ак берметтен, бир кирпичи кызыл жакуттан, бир кирпичи болсо жашыл изумруддан. Ылайы таза мускус (жыпар), шагыл таштары жалтырак, баалуу, чөптөрө заапаран (шафран). [Dünya Ötesi Yolculuk, s. 295]***

Бейиштин ар даражасындагы киши өзүнө жараша ырахат алат. Бирок бейиш калкынан бир киши үстүңкү даражадагы киши алган ырахаттан улам өзүндө бир кемчилик сезбейт. Куранда Аллах ыймандуулардын бейиште **«ыраазы кылынган»**дыгын (Фежр Сүрөсү, 28), Аллахтан **«ыраазы»** (Беййине Сүрөсү, 8) болушканын жана ал жерде **«кайгыга»** түшпөшүн (Али Имран Сүрөсү, 170) билдирет. Бейиш калкынын ар бир даражасынын канчалык нематтарга толо экени бир хадисте төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

***Бейиш калкынын эң төмөнкү даражасындагы кишинин сексен миң кызматчысы, жетимиш эки жубайы болот. Мындан тышкары, ал үчүн бермет, изумруд жана жакуттан жасалган бир чатыр тигилет жана анын узундугу Жабийе (Дамаск аймагында бир шаардын аты) менен Санъа (Йеменде бир шаардын аты) арасындай болот. [(Tirmizi), Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 412/10114]***

Төмөнкү хадисте бейиш даражалары жөнүндө мындай деп айтылган:

***Бейиш калкынын эң төмөнкү даражасындагы киши бейиштерин, аялдарын, нематтарын, кызматчыларын жана төшөктөрүн карайт. Миң жылдык жолдон көрүп аларды кыдырата карай алат. Аллах Кабатындагылардын эң кымбаттуулары болсо эрте менен кечинде Аллахтын жамалын көрө алышат. [(Tirmizi), Büyük Hadis Külliyatı-5, s. 412/10115]***

Ислам аалымдарынан Бедиуззаман Саид Нурси болсо бейиш жөнүндөгү терең ой жүгүртүүлөрүнүн бирөөсүндө адамдын «ыйманы» урматында гана бейиштеги бийик даражаларды үмүт кыла алаарына көңүл бурган:

***... Адам ыймандын нуру менен ала-йы иллийинге (бейиштеги эң жогорку даражага) чыгат; бейишке ылайыктуу бир баркка жетет. [Gençlik ve Ölüm, s. 435]***

Чын ниеттүү бир Мусулмандын аракети дайыма Аллах Кабатында бейиштин эң жогорку мартабасына ылайык боло алуу болушу керек. Камил (кемчиликсиз, толук) ыймандуу болуу жана Аллахка жакындыкта дайыма эң көбүн каалоо Аллахтын ыраазылыгына туура келет.

# БЕЙИШ КАЛКЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Көп аяттар намаз, орозо, зекет сыяктуу белгилүү ибадаттардан тышкары, жакшы адеп-ахлак жөнүндө түшкөн. Аллах адамдарга өздөрүнүн да жакшы адеп-ахлакта жашашын жана башка адамдарга да муну кеңеш кылышын буйруган. Аллахтын буйрук менен кеңештерин уккан жана бүт адамдар жакшы адеп-ахлакта жашаган коомдордо бейиш жашоосуна окшош бир маанай орун алат.

Мусулмандар Аллахтын чын ыкластуу кулдары. Ар бир ойлорунда, кыймылдарында жана сөздөрүндө Аллахтын ыраазылыгын көздөшөт жана Андан коркуп-тартынуу менен иш-аракет жасашат. Шайтан шыбыраган тымызын, ачык терс нерселерге эч мүмкүндүк бербеген, акылы жана абийири таза кишилер. Акыретке да ошол таза абийирлери менен барышат.

Аллах **«ал Раббисине тазаланган (ак ниеттүү) бир жүрөк менен келген эле.»** (Саффат Сүрөсү, 84) аяты менен Мусулмандардын рухтарындагы ушул тазалыкты билдирип, **«Ичтеринде түбөлүк жашай турган астынан дарыялар аккан Адн бейиштери да (алардыкы). Жана мына ушул тазалангандын сыйлыгы.»** (Таха Сүрөсү, 76) аяты менен бейишин ушул кулдарына убада кылган.

Чын ниеттүү Мусулмандар ач көздүк, кек саноо, кызганычтык сыяктуу жаман мүнөздөрдөн тазаланып, жүрөктөрүн Аллахка байлап жашашат. Аллах **«Булар ыйман кылгандар жана жүрөктөрү Аллахты эстөө менен тынчтангандар (ыраазы болгондор)...»** (Рад сүрөсү, 28) аяты менен билдирген кишилер жана **«Ыйман келтирип, салих (чын жүрөктөн жакшы) иштерди кылгандар жана «Раббилерине жүрөктөрү ыраазы болуу менен байлангандар», мына ушулар болсо бейиш калкы. Ал жерде түбөлүк болушат.»** (Худ Сүрөсү, 23) аятында билдирилгендей, бейиш менен сүйүнчүлөнүшүүдө. Башка аяттарда болсо Аллах «**Эй мутмаин (көңүлү толгон) напси, Раббиңе (Аны) ыраазы кылган жана (Андан) ыраазы болгон абалда кайт. Эми пенделеримдин арасына кир. Бейишиме кир.»** (Фежр Сүрөсү, 27-30) деп, дүйнөдө тазаланып напсиси (көңүлү) мутмаин (ыраазы) болгон кулдарын бейишине чакырат.

Аллах ыраазы болгон мындай өзгөчөлүктөрдөгү ыймандуулардын ойлору менен иштери ыймандарынын тереңдигин көрсөтөт. Аллахты сүйүп жана Андан коркуп жашаганы үчүн ар бир сөзү, ар бир иши сонун болот. Алардын мындай сонун, жакшы болушу – Аллахка чын ниеттен кулчулук кылышынан келип чыккан бир нур. Ал кишилер Аллах **«... Алардын рүку кылгандарын, сажда кылгандарын көрөсүң; алар Аллахтан бир фазл (берешендик жана ихсан) жана ыраазычылык каалашат. (Алардын) Белгилери жүздөрүндөгү сажда изи. Алардын Тоороттогу мүнөздөрү ушундай: Инжилдеги мүнөздөрү болсо: бир эгинге окшош; өнүп чыккан, анын кубаттандырган, анан калыңдашкан, анан бутагында түздөлүп бийик өскөн (жана бул) эгин сепкендерге жагат...»** (Фетих Сүрөсү, 29) аятында билдиргендей, жүздөрүндөгү сажда издеринен таанылышат.

Адамдарды Аллахтын берешендиги менен өтө сонун (жылуу) жана маанилүү көз менен карашат. Сөздөрү Аллахтын ыраазылыгына туура келет жана сөздөрү дайыма сонун. Аллах **«Аллахтын кандай мисал бергенин көрбөдүңбү: жакшы бир сөз жакшы бир дарак сыяктуу, анын тамыры бекем, бутактары болсо асманда. Раббиңдин уруксаты менен дайыма жемишин берет...»** (Ибрахим Сүрөсү, 24-25) аяттарында билдиргендей, айткан сөздөрү дайыма жакшы натыйжаларды берет. Баш ийүүчү, сөз угуучу, ынтымактуу, чын

ниеттүү жана жылуу мамиледе болушат. Ушул себептен сонун бир жашоо ичинде достукту, сүйүүнү эң жогорку деңгээлде сезип жашаган адамдар болушат. Аларга дүйнөдө мындай немат, жакшы жашоону берген Аллах. Акыретте болсо Аллах бул нематтардын түбөлүктүүсүн берет.

Пайгамбарыбыз (сав) да көп хадисинде бейишке кирген кишилердин сонун адеп-ахлагына көңүл бурган. Алардын бири мындай:

***... Бейишке киришине эң көп себеп болгон нерселер эмне? Аллахтан коркуу жана сонун адеп-ахлак... [Ramuz el-Ehadis-1, s.12/8]***

Пайгамбарыбыз (сав) бир хадисте бейишке ылайыктуу боло алуу үчүн эске тутуу керек болгон нерселерди да айткан:

***... Аллахтан уялууну, кабырларда чирүүнү унутпашыңар, ичиңерди жана андагыларды унутпашыңар, башты жана баштагыларды унутпашыңар. Ким акырет сыйын кааласа, дүйнө зыйнатын таштасын. Мына ошондо кул «Аллахтан чындап уялган» болот. Ошондо Аллахтын достугуна жеткен болот. [Ramuz el-Ehadis-2, s. 343/2]***

Сонун адеп-ахлак өзгөчөлүктөрү катары Пайгамбарыбыз (сав) «адилеттүү», «мээримдүү», «сабырдуу», «жоомарт», «таза», «өз намысын коргогон, намыстуу» жана «туура сөздүү (чынчыл)» болууну хадистеринде көп эскерткен.

Мындан тышкары, Пайгамбарыбыз (сав) бейишке жете алуу үчүн «жашыруун жана ашкере (ачык) сооптуу иштерди жасоону», «сөздү жагымдуу кылып айтууну», «байлыкта да, жокчулукта да Аллахка шүгүр кылып, мактоо айтууну», «садака берүүнү», «Аллахка эч нерсени шерик кошпоону», «билим алууну», «Аллахтан коркууну», элчиге «моюн сунууну», «текебердиктен (бой көтөрүүдөн)» сактанууну, «жакыр болсо да намысын коргоп тилемчилик жана уятсыздыкка барбоону», «чынчыл соодагер» болууну, Аллахтан «ыраазы болууну» жана «Аллах үчүн, дини үчүн жакшы, сооптуу иштерди кылууну» эскерткен.

Пайгамбарыбыз (сав) көңүл бурган бул нерселердин баары Куранда Аллахтын ыраазылыгына, сүйүүсүнө жетүү үчүн талап кылынган момун өзгөчөлүктөрү катары билдирилет.

Инжилде болсо бейишке ылайыктуулардын өзгөчөлүктөрү төмөнкүдөй айтылат:

*... Асмандардын падышалыгы ошолордуку... Алар ыраазы кылынышат. Жумшак мүнөздүүлөр кандай бактылуу! Алар жер жүзүн мураска алышат. Чынчылдыкты самап суусагандар кандай бактылуу! Алар тойгузулушат. Мээримдүүлөр кандай бактылуу! Алар мээрим табышат. Жүрөгү тазалар кандай бактылуу! Алар Аллахты көрүшөт. Тынчтыкты түзгөндөр кандай бактылуу!... Чынчылдык үчүн зулумдук көргөндөр кандай бактылуу! Асмандардын падышалыгы алардыкы. Кубангыла, кубанычтан толкундангыла! Себеби асмандардагы сыйлыгыңар чоң... (Матфей, 5-бөлүм, 2-12)*

Башка Инжил тексттеринде болсо бейишке кире тургандардын өзгөчөлүктөрү төмөнкүдөй айтылат:

*Иса жолго чыгып жатканда, бирөө чуркап жанына келди. Алдына тизелеп отуруп ага: «Жакшы мугалимим, түбөлүк жашоого жетүү үчүн эмне кылышым керек?» деп сурады. Иса ага: «Мени эмне үчүн жакшы деп жатасың?» деди. «Жакшы бирөө гана бар, Ал Аллах. Анын буйруктарын билесиң: «Адам өлтүрбө, зына (ойноштук) кылба, уурулук кылба, жалган күбөгө өтпө, эч кимдин акысын жебе, энеңе атаңа урмат көрсөт.» Киши «Мугалимим, булардын баарын жаш кезимден бери орундатып келатам» деди. Ага сүйүү менен караган Иса: «Бир*

*гана кемчилигиң бар» деди. «Бар, эмнең бар болсо сат, акчасын жакырларга бер; ошентип асманда казынаң болот. Анан келип, мени ээрчи.» (Марк, 10-бөлүм, 17-21)*

*... Бир-бириңерди бир туугандай сүйгүлө. Боорукер жана кичи пейилдүү болгула. Жамандыкка жамандык менен, сөккөнгө сөгүү менен эмес, тескерисинче жакшылык менен жооп бергиле. Себеби жакшылыкты мураска алуу үчүн чакырылдыңар. «Жашоону сүйүгүсү жана жакшы күндөрдү көргүсү келген тилин жамандыктан, эриндерин болсо алдамчы сөздөрдөн алыс тутсун. Жамандыктан тартынсын жана жакшылык кылсын. Эсендикти издеп анын артынан барсын. (Петирдин биринчи каты, 3-бөлүм, 8-11)*

*... Чынчылдыктын, Аллах жолунун, ыймандын, сүйүүнүн, сабырдын жана моюн сунуучулуктун артынан чурка. Ыйман жолунда улуу күрөштү улант. Түбөлүк жашоону бекем карман. Ошол үчүн чакырылдың жана көп күбөлөр алдында улуу ишенимди апачык кабыл алдың. Азыркы учурдагы байларга мактанбагыла, убактылуу байлыкка үмүттөнбөгүлө деп айт. Ырахат алышыбыз үчүн бизге бүт нерсени молчулук менен берген Аллахтан үмүт кылышсын. Аларга жакшылык кылгыла, жакшылык менен бай болгула, жоомарт жана бөлүшүүнү жактыргандардан болгула деп айт. Ушундайча чыныгы жашоого жетүүгө келечек үчүн өздөрүнө бекем пайдубал боло турган бир казынаны чогулткан болушат. (Павелдин Тимотейге биринчи каты, 6-бөлүм, 11-19)*

# БЕЙИШ КУБАНЫЧЫН СЕЗҮҮ

*М*усулмандар үчүн дүйнөдө эң негизги немат-жакшылыктардын бири акыретте бейишке жете алуу үмүтү болот. Аллах дүйнөнү Мусулмандар бейишти эңсей турган кылып жараткан. Аллахтын жана акыреттин бар экенине ыйман кылгандардын (ишенгендердин) баары дүйнөдөгү немат-жакшылыктарда дайыма бейишти эстеп, ал нематтардын убактылуу экенин билип бейиштеги чыныгыларын каалайт. Мындай адамдын бейишке жетүү каалоосу жана андан сезген кубанычы кыймыл-аракеттеринен, сөздөрүнөн, дин ахлагын жашоого болгон чын ниеттүү аракеттеринен сезилет.

Ыймандуулар бейишке жетүү үмүтү менен жашагандыктан, дайыма толкунданып жашашат. Толкундануу менен бирге Раббибиз теңдешсиз немат-жакшылыктарына мураскор кыла турган кишилерге убада кылынган бейишке сүйүнүп кубанышат.

Инжилде бейиш кубанычы төмөнкүдөй айтылат:

*Ал күнү сүйүнгүлө, кубанып секиргиле! Себеби асмандагы сыйлыгыңар чоң... (Лука, 6-бөлүм, 23)*

Инжилдин башка бир жеринде болсо өтө аз кишинин бейишке ылайык болоору айтылат:

*Бирөө ага... «Кутулгандардын саны аз болобу?» Иса ал жердегилерге мындай деди: «Тар эшиктен кирүүгө аракет кылгыла. Силерге мындай деп айтам, көп киши ичкери киргиси келет, бирок кире албайт. (Лука, 13-бөлүм, 23-24)*

Ыйман алып келген акыл жана абийир менен, бейишти жакшылап ойлоно алган бир адам руханий тереңдигине жараша ал нематты билип жашайт. Бейиштин маанисине, эч нерсеге салыштыргыс баалуулугуна көңүл бурулган хадистердин кээ бирлери мындай:

***Бейиштен бир камчылык жер дүйнө менен анын ичиндегилерден жакшыраак. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 132/9]***

***Бейиште жаачалык бир жер күн чыгып, баткан нерседен (дүйнөдөн) жакшыраак. [(Buhari, Müslim, Tirmizi), Kütüb-i Sitte-14, s. 429/2]***

Бул китепте Куран аяттарынан жана хадистерден алып сүрөттөп өткөндөй, бейиштеги бүт нерселер дүйнөдөгүгө эч салыштыргыс сонун жана кемчиликсиз болот. Бейиштеги мындай жогорулук, кемчиликсиздик адам дүйнөдөгү жашоосу бою издеп, жете албаган бир жакшылык болот. Ошондуктан бейишти эңсеп-сагынуу жана ага ылайык боло алуу үмүтүн сезип жана Раббибиздин бейиш убадасына сүйүнүп жашоо өзүнчө бир өтө чоң немат-жакшылык болот.

# УБАКЫТТЫН САЛЫШТЫРМАЛУУЛУГУ ЖАНА ТАГДЫР

«Зат абсолюттук жана түбөлүктүү» деген гипотезалар жана убакыт түшүнүгү жөнүндөгү бир катар ишенимдер адамдардын бейиш, тозок, тагдыр сыяктуу темаларды түшүнүшүнө тоскоол болгон негизсиз (далилсиз, жалган) ишенимдер болуп саналат. Булардын зат темасына алдыда «Заттын чыныгы жүзү көрсөткөн улуу акыйкат» аттуу бөлүмдө токтолобуз. Бул бөлүмдө болсо убакыттын адамга гана тиешелүү, салыштырмалуу бир кабылдоо (элес, сезим) экендигин жана Аллах Кабатында бүт нерсенин бир көз ирмем ичинде жаратылганын карайбыз. Мисалы, бир адам бир бөлмөгө кирип, ал жерде креслодо отурган бир адамды көргөндө бир салыштыруу жасап, «бул киши менден мурда бөлмөгө кирди» деген тыянакка барат. Эгер мындай салыштыруу болбогондо, убакыт сезими да болмок эмес эле. Башкача айтканда, эгер адамдын эс-тутуму болбогондо, мээси мындай жоромолдорду жасай алмак эмес, жана натыйжада убакыт сезими да пайда болмок эмес. Себеби бир адам мээсинде отуз жылга тиешелүү кээ бир маалыматтар чогулгандыгы үчүн «мен отуз жаштамын» дейт. Эгер эс-тутуму болбосо, артында мындай убакыт аралыгы бар экенин ойлобой, жашап жаткан бир «көз ирмеми» менен гана жашай бермек.

Мындан тышкары, мээбиз белгилүү бир катарга тизүү ыкмасына көнүп калгандыктан, дүйнөдө убакыт дайыма алга жылат деп ойлойбуз. Чындыгында болсо бул мээбиздин ичинде чыгарылган бир тыянак жана ошондуктан толугу менен салыштырмалуу нерсе. Чындыгында болсо убакыттын кандай өтүп жатканын, же өтүп-өтпөй жатканын эч качан биле албайбыз. Бул дагы убакыттын абсолюттук бир чындык эмес экенин, бир сезим (кабылдоо, элес) гана экенин көрсөтөт.

Убакыттын бир сезим (элес) экени 20-кылымдын эң улуу физиги кабыл алынган Эйнштейн чыгарган «Жалпы салыштырмалуулук теориясы» менен да тастыкталган. Линкольн Барнетт *Аалам жана Эйнштейн* аттуу китебинде бул жөнүндө мындай деп жазат:

Абсолюттук космос менен бирге Эйнштейн чексиз өтмүштөн чексиз келечекти көздөй аккан адашпаган жана өзгөрбөгөн бир универсалдуу убакыт теориясын да четке какты. Салыштырмалуулук теориясын түшүнбөстүктүн негизги себеби адамдардын убакыт сезиминин да түс сезими сыяктуу бир элес экендигин кабыл алгылары келбегендигинен пайда болууда... Космос заттык нерселердин ыктымалдуу катары болгон сыяктуу, убакыт да – окуялардын ыктымалдуу бир катары. Эйнштейндин төмөнкү сөздөрү убакыттын өзгөчөлүгүн эң жакшы түшүндүрөт: «Бир адамдын жашоосу бизге бир тизмектелген окуялардын ичинде курулган сыяктуу көрүнөт. Бул тизмектен эсибизге келген окуялар «мурдараак» жана «кийинчерээк» өлчөөсүнө жараша тизмектелген сыяктуу. Ушул себептен бир адам үчүн мен-убактысы, б.а., субъективдүү (жекече) убакыт бар. Бул убакыт өзүнчө өлчөнө албайт. Окуялар менен сандар арасында ушундай бир байланыш курамын, чоң бир сан мурдакы бир окуяга эмес, кийинки бир окуяга тиешелүү болот. (Lincoln Barnett, *Evren ve Einstein*, Varlık Yayınları, 1980, ss. 52-53.)

Убакыт бир элес (сезим), демек толугу менен кабылдагандан (сезгенден) көз-каранды, б.а. салыштырмалуу бир түшүнүк. Убакыттын салыштырмалуулугу түштө апачык көрүнөт. Түшүбүздө көргөнбөрүбүз канчалаган саатка созулгандай сезилгени менен, кээде чындыгында бир канча секундага гана созулган болот.

## Өтмүш, ушул учур жана келечек чындыгында бир убакыт:

Аллах убакыттан көз-карандысыз. Анын Кабатында бүт нерсе бир көз ирмемде болуп бүткөн. Адамдар убакыттан көз-каранды болгондуктан, окуяларды өтмүш, ушул учур жана келечек процесси ичинде көрүшөт. Чындыгында болсо, биз өтмүш деп ойлогон окуялар биз үчүн болуп бүткөн, келечек деп ойлогон окуялар болсо биз үчүн келечекте боло турган окуялар. Аллах үчүн өтмүш, келечек, ушул учур баары бир. Мына ушул себептен эч нерсе Аллахтан жашыруун болбойт. Аятта бул чындык төмөнкүчө билдирилген:

**Эй уулум, (кылган ишиң) чындап бир сары кычы өсүмдүгүнүн данынчалык (кичинекей) болуп, чоң аска таштын ичинде же болбосо асманда же жердин түбүндө болсо да Аллах аны таап келет (ачыкка чыгарат). Шексиз Аллах Латиф, (баарынан) кабардар. (Локман Сүрөсү, 16)**

Чындыгында болсо, көп адамдар өтүп жаткан бир убакыт бар, өмүрүм өтмүш, ушул учур жана келечек деген бөлүмдөргө бөлүнөт деп ойлойт. Ушул себептен мындай кишилер акыреттин бар болушу, бейиш, тозок, сурак күнү сыяктуу жагдайлардын качан, кандайча жана кантип болоорун оңойчулук менен түшүнө алышпайт. Аллах Кабатындагы убакыт түшүнүгү менен адамдар моюн сунган убакыт арасында бир байланыш кура алышпайт. Бирок жаратылган бүт жандыктардын, ар бир окуянын жана бүт нерсенин бир фильм лентасын түзгөн кадрлар сыяктуу, бир-бирден бир учурда жаратылганын билүү муну түшүнүүнү жеңилдетет.

Аллах бүт адамдардын өтмүшүн, келечегин жана баштарына келген бүт окуяларды бардык майда-чүйдөсүнө чейин толук билет. Ал эми адам болсо сыноо мекени болгон бул дүйнө жашоосунда убакытты тынымсыз өтүп жаткан, мурдасы жана кийини бар бир нерсе деп ойлойт. Чындыгында болсо, мурда-кийин, өтмүш-келечек деген нерселер жок. Бүт баары, бүт адамдар, бүт жандыктар бир учурда жашап, бүт убакыттар, бүт доорлор, бүт кылымдар, бүт даталар жана ал тургай, бүт күндөр, бүт сааттар жана көз ирмемдер бир учурда болуп жатат. Адам өзүнүн чектүү мүмкүнчүлүгү менен муну көрө албай жатса да, бул анык бир чындык.

Аллах Кабатында бүт окуялардын бир көз ирмемде болуп бүткөнүн төмөнкүдөй бир мисал менен түшүндүрсөк болот: алдыңызда чоң бир шаардын сүрөтү турат деп элестетиңиз. Сүрөттө шаардын проспекттери, көчөлөрү, ал көчөлөрдө бараткан машиналар, оңдо солдо тизилген имараттар жана адамдар тартылган дейли. Жана ал сүрөттө шаардын бир четинен экинчи тарабына бара жаткан бир адамдын сүрөтү тартылган деп элестетиңиз. Ал адам үчүн шаардын бир четинен экинчисине чейинки аралык белгилүү бир алыстыкта жана ал аралыкты басып өтүшү үчүн белгилүү бир убакыт талап кылынат. Ал адам ошол белгилүү бир убакыттан кийин гана көздөгөн жерине жете алат. Бир учурда эки жерде тең болушу мүмкүн эмес. Бирок түз бир тегиздиктеги ал сүрөттү карап турган бир киши катары сиз үчүн абал башкача. Сиз сүрөттү бир караганда шаардын бир учунан экинчи тарабына чейинки бүт нерсени бир убакта көрө аласыз, жана болгондо да ал үчүн эч убакыт талап кылынбайт.

Заманбап илим тарабынан тастыкталган, убакыттын психологиялык бир элес (сезим) экенин, окуяга, мейкиндикке жана шарттарга жараша ар кандай сезилиши мүмкүн экенин көп Куран аяттарынан көрүүгө болот. Мисалы, бир адамдын бүт өмүрү Куранда айтылышы боюнча, өтө кыска бир убакыт:

**Силерди чакыра турган күн Ага мактоо айтуу менен жооп бересиңер жана (дүйнөдө) абдан аз убакыт турдук деп ойлойсуңар. (Исра Сүрөсү, 52)**

**Күндүздүн бир саатынан башка эч өмүр сүрбөгөн сыяктуу аларды бир жерде топтой турган күндө алар бир-бирлерин таанышат... (Йунус Сүрөсү, 45)**

Кээ бир аяттарда адамдардын убакытты ар кандай сезээрине, адамдын чындыгында өтө кыска бир убакытты өтө узундай же тескерисинче узун убакытты кыскадай сезиши мүмкүн экендигине ишарат кылынат. Адамдардын акыреттеги сурагы учурундагы маектер мунун бир мисалы:

**«Жыл санагы менен жер бетинде канча болдуңар?» деди. «Бир күн же бир күндүн бир аз бөлүгүнчөлүк болдук, эсептегендерден сура» дешти. «Аз (убакыт) гана болдуңар, чындыгында билген болгонуңарда» деди. (Мүминун сүрөсү, 112-114)**

Башка кээ бир аяттарда болсо убакыттын ар кайсы шартта ар кандай ылдамдыкта өтөөрү кабар берилет:

**... Чындыгында, сенин Раббиңдин кабатында бир күн силер санап жаткан миң жыл сыяктуу. (Хаж Сүрөсү, 47)**

**Периштелер жана Рух (Жабраил) Ага узундугу элүү миң жыл болгон бир күндө чыгышат. (Мераж Сүрөсү, 4)**

**Асмандан жерге (чейинки) ар бир ишти Ал курчап жөнгө салат. Кийин (иштер) силер санап жаткан миң жылга тете бир күндө кайрадан Ага көтөрүлөт. (Сежде Сүрөсү, 5)**

Бул аяттар убакыттын салыштырмалуу экенин апачык айтууда. Илим тарабынан 20-кылымда алынган бул жыйынтыктын мындан 1400 жыл мурда кабар берилиши болсо – албетте, Курандын убакыт менен мейкиндикти толугу менен ороп-курчап турган Аллахтын сөзү экендигинин далилдеринен бирөөсү гана.

Инжилде убакыттын салыштырмалуулугун айткан бир сүйлөм мындай:

*Сүйүктүү бир туугандарым, муну унутпагыла, Раббиң көз алдында бир күн миң жыл жана миң жыл бир күн сыяктуу. (Петирдин экинчи каты, 3-бөлүм, 8)*

Төмөнкү аятта баяндалган жагдай да убакыттын чындыгында психологиялык бир сезим экендигинин маанилүү бир далили:

**Же асты үстүнө айланган, эч ким жашабаган бир шаарга жолуккан сыяктууну (көргөн жоксуңбу?) Айтты эле: «Аллах бул жерди өлүмүнөн кийин кантип тирилтет болду экен?» Буга жооп катары Аллах аны жүз жыл өлүү абалда койду, кийин аны тирилтти. (Жана ага) Айтты: «Канча болдуң?» Ал: «Бир күн же бир күндөн аз болдум» деди. (Аллах ага:) «Жок, жүз жыл болдуң (уктадың), бирок тамагыңды жана суусунуңду**

**кара, али бузула элек; эшегиңди бир кара; сени инсандарга өрнөк-далил кылуубуз үчүн (муну мындай кылдык). (Эшектин) Сөөктөрдү кара кандайча аларды бириктиргенибизди, кийин аларга эт кийгизгенибизди? деди. Ага (кишиге) баары белгилүү болгондон кийин ал айтты: «(Эми) Чындыгында Аллахтын бардык нерсеге кудуреттүү экендигин билдим.» (Бакара Сүрөсү, 259)**

Аяттан көрүнүп тургандай, демек убакытты абсолюттук нерсе деп айтуу такыр акылга сыйбайт.

Пайгамбарыбыз (сав) бир хадисинде убакыттын салыштырмалуулугуна төмөнкүдөй көңүл бурган:

***... Силер бейишке элдин байларынан (кыямат күнү менен) жарым күн мурда киресиңер, бул дүйнө жылы менен беш жүз жыл. [Ramuz el-Ehadis-1, s. 7/6]***

## Бейиш калкы тагдырда белгилүү:

Булардын баары көрсөткөн дагы бир чындык болсо мындай: эч бир көз ирмем, эч бир кадр, эч бир окуя, эч бир жандык жок болгон жок жана жок болбойт. Телевизордо көргөн бир тасмабыз фильм лентасында сакталуу турат, ар кандай кадрлардан түзүлгөн жана ал кадрларды биз көрбөсөк алар жок деген мааниге келбейт. Биздин «өтмүштө болгон» же «келечекте болот» деген окуялар да ушул сыяктуу.

Бирок бул жерде бир нерсени туура түшүнүү өтө маанилүү. Ал сахналардын эч бири бир эскерүү же бир элес сыяктуу эмес. Алардын баары азыр биз жашап жаткан көз ирмем сыяктуу жандуу. Баары тирүү, жандуу бойдон турат. Биз Аллах бизге берген кабылдоолор (сезимдер) менен чектелгенибиз үчүн гана, аларды өтмүш, болуп бүткөн окуялар деп ойлойбуз. Бирок Аллах кааласа, бизге ал көрүнүштөрдү көрсөтүп, ал окуяларга тиешелүү кабылдоолорду (көрүү, угуу, тийүү, даам жана жыт сезүү сезимдерин) берип, бизге ал окуяларды кадимкидей жашатышы мүмкүн.

Акыреттин, түбөлүк жашоонун, бейиш менен тозоктун бар экенинен кабарсыз же аларды жокко чыгарып жашаган бир катар кишилер өлгөн соң кайра тирилтилээрине ушул себептерден улам ишенишпейт. Чындыгында болсо, ал кишилер да түбөлүктүүлүктүн ичинде бир убакыт тилкесинде жашап жатышат жана ошого жараша бүт адамдардын бара турган жери –бейиш же тозок- белгилүү. Ушул учурда адамдардын бир бөлүгү бейиште, бир бөлүгү болсо тозокто. Бул чындык Куранда айтылат; бейиш менен тозок жөнүндөгү көп аяттарда өткөн чак же учур чак колдонулуп, алардын чындыгында бир көз ирмем экендигине көңүл бурулат:

**Чындыгында, бүгүн бейиш калкы – «кубаныч жана бакыт толо» бир алаксуу (жашоо) ичинделер. Өздөрү жана жарлары көлөкөлөрдө, тактылар үстүндө жазданышкан. (Йасин Сүрөсү, 55-56)**

**Раббилеринен коркуп-тартынгандар бейишке топ топ киргизилишти. Аягында ал жерге келишкенде, эшиктери ачылды жана аларга (бейиштин) кароолчулары айтышты: «Силерге салам болсун, кош жана таза келдиңер. Түбөлүк калуучулар катары ага киргиле.» (Алар) Айтышты: «Бизге берген убадасында бекем болгон жана бизди бул жерге мураскор кылган Аллахка мактоолор болсун. Бейиштен каалаган жерибизде конок боло алабыз. (Чын ыкластуу) Иштерди жасагандардын сыйлыгы – кандай сонун.**

**Периштелердин да Арштын айланасын торошкон абалда Раббилерин мактоо менен аруулап жаткандыгын көрөсүң. Араларында чындык менен өкүм чыгарылды жана: «Ааламдардын Раббисине мактоолор болсун» деп айтылды. (Зүмер Сүрөсү, 73-75)**

**Кылмышкер-күнөөкөрлөр отту көрүштү, эми анын ичине өздөрүнүн киришээрин да түшүнүштү; бирок андан качуунун эч бир жолун таба алышпады. (Кехф Сүрөсү, 53)**

Убакыттын салыштырмалуу экени бизге өтө маанилүү бир чындыкты көрсөтөт: бул салыштырмалуулук өтө өзгөрүп турат, биз үчүн миллиарддаган жылга созулган бир убакыт тилкеси башка бир чен-өлчөмдө бир секундага гана созулушу мүмкүн. Ал тургай, ааламдын башынан аягына чейин өткөн өтө узун убакыт мөөнөтү башка бир чен-өлчөмдө бир секунда да эмес, бир «көз ирмемге» гана созулушу мүмкүн.

Көп адамдар түшүнө албаган, материалисттер болсо түшүнүп туруп түшүнмөксөн болгон тагдыр чындыгынын маңызы мына ушунда. Тагдыр – бул Аллахтын өтмүш жана келечектеги бүт окуяларды билиши. «Боло элек окуялар» - биз үчүн гана боло элек окуялар. Аллах болсо убакыт менен мейкиндиктен көз-каранды эмес, аларды Өзү жараткан. Ушул себептен Аллах үчүн өтмүш, келечек жана ушул учур баары бир, жана баары болуп бүткөн. Себеби тагдыр Аллахтын илими жана бүт убакытты бир учурда билген, бүт убакыт менен мейкиндикти башкарган Аллах үчүн бүт нерсе тагдырда жазылган жана бүткөн.

Буга Пайгамбарыбыз (сав)дын бир куттуу хадисинде төмөнкүдөй көңүл бурулган:

***Бейиш калкы өздөрүнүн аттары, аталарынын жана урууларынын аттары менен белгилүү. Кыямат күнүнө чейин алардын саны көбөйтүлбөйт жана азайтылбайт. Тозок калкы да өздөрүнүн аттары, аталарынын жана урууларынын аттары менен белгилүү. Кыямат күнүнө чейин алардын саны да көбөйтүлбөйт жана азайтылбайт... [Ramuz el-Ehadis-1, s. 155/3]***

Өлүм, бейиш, тозок, акырет сыяктуу темалар, убакыттын жоктугун түшүнүү менен бирге «Аллах каерде», «кабыр жашоосу канча убакытка созулат», «бейиш менен тозок каерде», «бейиш менен тозок азыр барбы» деген сыяктуу маанилүү суроолордун жообу оңой гана табылган болот. Аллахтын ааламды кандай система менен жоктон жаратканы түшүнүктүү болот. Бул сырдын урматында «качан» жана «каерде» деген сыяктуу суроолордун да мааниси жоголот. Себеби убакыттын жоктугун түшүнгөндө, бүт баарынын бир көз ирмемде болуп жатканын көрөбүз; эч нерсени күтүүнүн кереги жок, убакыт өтпөйт, бүт баары ансыз да болуп бүткөн.

Бул сырды түшүнгөндө, ыймандуу киши бейиште болушунун дүйнөдөгү тайманбастыгы, сабыры, боорукердиги, акылмандыгы, туруктуулугу, бекемдиги, сүйүүсү, жан аябастыгы үчүн экенин түшүнөт. Бул теманы ыйман менен, акыл менен, баам-парасат менен, сүйүү менен баалап түшүнгөн киши эсинде калган маалыматтары менен акыретке барганда жакшы кулк-мүнөзүнө жана мамилелерине сыйлык катары бейиштин берилишинен да өзүнчө бир ырахат сезет. Туурасын Аллах билет.

# ЗАТТЫН ЧЫНЫГЫ ЖҮЗҮ КӨРСӨТКӨН УЛУУ АКЫЙКАТ

Чексиз адилеттүү Раббибиз ар бир адамдын дүйнө жашоосунда кылгандарынын жаза же сыйлыгын акыретте берет. Аллах Исра Сүрөсүнүн 71-аятында муну **курма данегиндеги жипчедей да адилетсиздик кылбастан берээрин** билдирген. Бул Аллах Куранда билдирген апачык бир чындык. Бирок кээ бир адамдар өлүмдөн кийинки жашоонун бар экенине, б.а. бейиш менен тозокко ишенишпейт. Кээ бирлер болсо сөз жүзүндө акыреттин бар экенин кабыл алып, бирок буга жүрөгүнөн чындап ишене албайт. Аллах Курандын көп аяттарында акыреттин бар экендигинен күмөн санаган адамдардын абалын төмөнкүчө кабар берген:

**... Биз акыретке ыйман келтиргенди, андан күмөн санагандан айырмалоо үчүн (ага мындай чакыруу мүмкүнчүлүгүн бердик). (Саба Сүрөсү, 21)**

**Абайлагыла; алар Жаратуучуларына жолугуу жөнүндө терең шектенишүүдө. Абайлагыла, чындыгында Ал бардык нерсени ороп-курчоочу. (Фуссилет Сүрөсү, 54)**

**Сенден Аллахка жана акырет күнүнө ишенбеген, жүрөктөрү күмөнгө түшүп, олку-солку болуп шектенгендер гана уруксат сурашат. (Тообо Сүрөсү, 45)**

**Жок, алардын акырет жөнүндөгү маалыматтары «чогулуп бекемделди», жок, алар андан бир күмөн ичинде; жок, алар ал жөнүндө сокур. (Немл Сүрөсү, 66)**

Кээ бир адамдар заттын чыныгы жүзү жөнүндө туура эмес пикирде болгону үчүн бейиш менен тозоктун бар экенинен күмөн санашат. Затты абсолюттук (көз-карандысыз, өзүнчө бар болгон бир) нерсе деп ойлогон мындай адамдар заттан тышкары эч нерсе жок деп кабыл алышат. Б.а. ал адамдардын оюу боюнча, көздөрүнө көрүнбөгөн, колдору менен кармап катуулугун сезбеген нерселер жок. Чындыгында болсо, бул чоң бир жаңылыштык. Аллах Рум Сүрөсүнүн 7-аятында да кабар бергендей, мындай адамдар **«Дүйнө жашоосунун тышкы (көрүнгөн) тарабын гана билишет жана акыреттен болсо капылет (кабарсыз) болушат (түшүнүшпөйт).»**

Аллах бир аятта чындыкты тануучулардын акыреттен **«каапырлардын мазардагылардан үмүтүн үзгөнү сыяктуу»** (Мүмтехине Сүрөсү, 13) үмүт үзүшкөнүн билдирет. Бул алардын затка өтө маани берээринин бир далили. Адамды эттен, сөөктөн, б.а. заттан гана турат деп ойлошкондуктан, сөөккө айланган бир адамдын кайрадан тирилтилээрине эч ишене алышпайт. Чындыгында болсо, тириле турган сөөктөр эмес.

Заттык дүйнө гана бар деп ишенген бул кишилер бейиш менен тозокту бул дүйнөнүн ичинде бир жерге жайгаштыра албагандыктан, акыреттин бар экенине да ишенишпейт. Кээ бирлери ушул себептен бейиш менен тозок үчүн космосто бир жер издей турганчалык адашышкан. Ушул себептен улам, б.а. заттык дүйнөнүн жана ааламдын бир жеринен таба албагандыктан, Аллахтын, периштелердин жана жиндердин бар экенине да ишенишпейт. Чындыгында болсо, Аллахты, акыретти жокко чыгарышынын негизин түзгөн зат жөнүндөгү

ишенимдери чоң жаңылыштык. Алардын жаңылыштыкта экени бүгүнкү күндө илим тарабынан апачык аныкталды.

Илим тарабынан далилденгендей, биз көрүп-сезген дүйнө – көп адамдар ойлогондой заттан турган бир жер эмес. Тышкы дүйнөдө зат бар; бирок биз көргөн, кармаган, сезген нерселерибиздин баары – ар бир адамдын мээсинин артындагы, өтө кичинекей бир кабылдоо (сезүү) борборунда жаратылган бир кабылдоолор (элестер, сезимдер) жыйындысы. Аллах биздин сыртыбызда заттык бир дүйнө жаратkан жана ал дүйнө Аллах Кабатында түбөлүккө чейин жок болбойт. Бирок биз ал заттык дүйнөнү беш сезимибиз аркылуу гана көрүп-сезе алабыз, б.а. чыныгысын эч качан көрүп-биле албайбыз. Бул маанилүү чындыкты жакшыраак түшүнүү үчүн илимий түшүндүрмөсүнө кыскача токтололу.

## Заттык дүйнө – сүрөттөлүштөрдүн жыйындысы гана

Азыр колуңузда кармап турган китепти көзүм менен көрүп жатам деп ойлосоңуз, анда жаңылып жатасыз. Себеби көргөн көзүңүз эмес. Көздөрүңүз сырттан келген нурду өткөрүп берүү кызматын гана аткарган бир орган. **Көргөн мээңиз.**

Көзүңүзгө келген фотондор көзүңүздүн артындагы кээ бир клеткалар тарабынан бир катар химиялык процесстер натыйжасында электрдик сигналга айландырылат. Ал электрдик сигнал түз мээнин арткы тарабында жайгашкан көрүү борборуна жетет. Көрүү борбору – бир канча сантиметр кубдук өтө кичинекей бир жер. Электрдик сигнал ал жерге жеткенде, колуңузда кармап турган китебиңиздин сүрөттөлүшүн пайда кылат. Б.а. сиз азыр бул китепти мээңиздин артында көрүп жатасыз. Сиз көрүп жаткан – заттык (материалдык) бир китеп эмес, «жылмакайлык жана катуулук сезими» берилген, мээңиздеги бир китеп сүрөттөлүшү гана.

Китеп басылган кагазды да ушул сыяктуу көрүп-сезесиз. Манжаларыңыздагы нерв клеткаларынан мээге жиберилген электрдик сигналдар мээңиздеги тийүү борборунда тийүү сезимине айланат. Б.а. жылмакай кагазга тийген жана сезген манжаларыңыз эмес; бул сезим да мээңизде бир кабылдоо (сезим) катары пайда болот.

Адам мээсинин сыртындагы ааламга болсо эч качан жете албайт. Көргөн, уккан, тийген, даамын сезген нерселердин баары мээсиндеги кабылдоолор (сезимдер) гана. Адам өзүнүн сыртында, алыста деп ойлогон нерселер – чындыгында анын мээсинин ичинде. Б.а. бүт аалам, дүйнө жашоосунун баары, жылдыздардан бөлмөсүндөгү гүлгө чейин бүт баары адамдын башынын (мээсинин) ичинде жаратылат. Ар бир адам мээсинде пайда болгон ааламды көрүп, мээсинде пайда болгон ааламга тийип, мээсиндеги ааламдын үнүн угат.

Аллах Өзү жараткан заттар ааламын ар бир адамга мээсинде бир сүрөттөлүш абалында көрсөтүп, ал сүрөттөлүшкө бекемдик, катуулук берип сүрөттөлүштү чындыктай сездирүүдө. Көптөгөн кылым мурда Имам Раббани, Мухйиддин Араби сыяктуу улуу Ислам аалымдары тарабынан да түшүндүрүлгөн бул улуу чындык 20-кылымда илимий ачылыштар менен далилденди.

## Заттын чыныгы жүзү жана акырет

Заттын өзүн көрүп жатам деп ойлогону үчүн бейиш менен тозоктун бар экенинен күмөн санагандар үчүн бул жерде айтылгандар өтө маанилүү. Бүт ааламдын мээсинде бир сүрөттөлүш экенин түшүнгөн бир адам бейиш менен тозоктун чыныгы маңызын түшүнөт. Ошондой эле, Аллахтын дүйнөнү адамдын мээсинде кантип жаратканын түшүнгөн бир адам бейиш менен

тозоктун кантип жаратылаарын да түшүнө алат. Себеби ал адам дүйнөдө да, акыретте да заттын чыныгысын эч качан көрүп-кармай албашын түшүнөт. Көрүп-сезген нерселеринин баарынын ага элес (сезим) катары көрсөтүлүп жатканын аңдап-түшүнгөндө, бейиш менен тозокту көзү менен көрүп, колу менен кармабаганы үчүн жокко чыгарышы маанисиз болуп калат.

Мындан тышкары, Аллахтын чексиз илимин, улуу чеберчилик менен жаратуусун жакшыраак көрө алат. Себеби Аллах сүрөттөлүшкө бекемдик менен катуулук берип, сүрөттөлүштү заттай кылып жаратууда. Ал сүрөттөлүш ушунчалык чындыктай жана ушунчалык чыныгысына окшош болгондуктан, миңдеген жылдан бери көп адамдар мээлеринин ичиндеги бир элести көрүп жатышканын байкай алышкан эмес. Ал тургай, мээлериндеги сүрөттөлүштү көрүп жатышып, сырттагы чыныгысын көрүп жатабыз деп; бөлмө алардын ичинде турса, өздөрүн бөлмөнүн ичиндебиз деп ойлошкон. Ошол сыяктуу, мээлериндеги жылдыз сүрөттөлүшүн өздөрүнөн миллиондогон километр алыста деп ойлоп жаңылышкан. Миңдеген жылдан бери миллиарддаган адамдын капкараңгы баш сөөгүнүн ичинде, чыныгысынын дал өзүндөй, кемчиликсиз, жаркыраган дүйнөлөрдү жараткан Улуу Аллах, албетте, ушул сыяктуу бейиш менен тозокту да жаратууга кудуреттүү.

Аллах дүйнөнүн сүрөттөлүшүн көрсөтүп жаткан бир адамга өлгөн соң сүрөттөлүштү өзгөртүп; ага акыреттин сүрөттөлүшүн көрсөтүп баштайт. Бул бир парда ачылып, артынан такыр башка бир сүрөттөлүштүн чыгышы сыяктуу бир өтүү болот. Мисалы, креслосунда отуруп инфарктка кабылган бир адам үйүнүн бөлмөсүнүн сүрөттөлүшүн көрүп жатып, бир заматта жанын алууга милдеттендирилген периштелердин сүрөттөлүшүн көрүшү жана андан соң сурагына жана түбөлүк мекенине киргизилишине күбө болушу мүмкүн.

Аллах өлүм учурундагы адам жөнүндө мындай деп билдирет:

**Жан тамакка келип такалганда, ал кезде силер (бир гана) карап-турасыңар. Биз ага силерден жакыныраакпыз; бирок көрбөйсүңөр. (Вакыа Сүрөсү, 83-85)**

Вакыа Сүрөсүндөгү бул аяттарда да кабар берилгендей, өлгөн адамдын денеси жакындарынын жанында турганы менен, ал киши чындыгында алардын жанында болбойт. Себеби ал эми такыр башка бир ааламдын сүрөттөлүштөрүн көрүп жаткан болот.

Аллах Куранда кабар бергендей, бейиш менен тозок ушул учурда ансыз да жаратылган жана бар. Мисалы, Аллах Хадид Сүрөсүндө мындайча кабар берет:

**Раббиңерден болгон бир кечиримге жана бейишке (жетүү үчүн) «аракет кылып-жарышкыла», (ал бейиш) кенендиги асман менен жердин кеңдигиндей болуп, Аллахка жана Пайгамбарына ыйман кылгандар үчүн даярдалган. Мына ушул Аллахтын берешендиги, аны каалаганына берет. Аллах өтө берешен. (Хадид Сүрөсү, 21)**

Нежм Сүрөсүндөгү аяттарда болсо Раббибиз Пайгамбар Мырзабызга дүйнөдө жашап турган кезинде Меъва-Бейишинин жанындагы Сидретъул-Мүнтеханын көрсөтүлгөнүн кабар берет. Бул аяттар да бейиштин ушул учурда жаратылган абалда бар экендигинин апачык бир далили:

**Сидретүъл-Мүнтеханын жанында. Меъва-Бейиши анын жанында. Сидрени жапкан жаап турганда, көз жылып-адашкан жок жана (чектен) чыкпады. Ант болсун, ал Раббиңдин эң чоң аяттарынын бирөөсүн көрдү. (Нежм Сүрөсү, 14-18)**

Бирок Аллах бизге көрсөткөн сүрөттөлүштө азыр дүйнө жашоосу гана бар. Аллах кааласа ар бир адамга бейиш жана тозоктун сүрөттөлүшүн көрсөтүп баштайт. Аллах кээ бир аяттарында бейиштин жакындатылганын кабар берет. Башкача айтканда, ансыз да бар болгон бейиш адамга жакындаштырылып анын «экранына» алып келиниши мүмкүн. Бул – дүйнөгө тиешелүү сүрөттөлүш алыстатылып, акырет сүрөттөлүшүнүн жакындатылышы сыяктуу болушу мүмкүн. (Туурасын Аллах билет.) Ал аяттар төмөнкүдөй:

**Бейиш болсо такыба (адам)дар үчүн алыста эмес, (ал күнү) жакындатылган. (Каф Сүрөсү, 31)**

**Тозок оту алоолоп жалындаганда, бейиш да жакындатылганда, (эми ар бир) напси (адам) эмне даярдаганын билип-көрөт. (Таквир Сүрөсү, 12-14)**

## Бедиүззаман бейиш менен тозоктун элес катары жаратылганын түшүндүргөн

Өткөн кылымдын эң улуу Ислам аалымы Устат Бедиүззаман Саид Нурси да бейиш менен тозок жөнүндөгү баяндарында бейиш менен тозоктун –дал дүйнө жашоосу сыяктуу- элес катары жаратылганын айткан. Мисалы, төмөндөгү сөзүндө бейиш калкы элес катары жаратылганы үчүн, Аллахтан бир немат-жакшылык катары, бир учурда бир канча жерде боло алышаарын айткан:

***Мобул бозомук, караңгы, тар дүйнөдө күндүн көп күзгүлөрдө бир учурда дал өзүндөй көрүнүшү сыяктуу, ошондой: нурдуу бир зат бир учурда көп жерлерде дал өзүндөй болушу – Он алтынчы сөздө далилденгендей- мисалы, Азрети Жабраил Алейхиссалам миң жылдызда бир учурда Аршта (Аллахтын улуулугу көрүнгөн жер) да, Пайгамбар алдында да, Аллахтын алдында да бир учурда болушу; Азрети Пайгамбар Алейхиссалату Вассаламдын хаширде (кыяматтан кийин бүт адамдар чогула турган майдан) бир учурда эң көп Пайгамбардын жолунан жүргөн өтө такыба адамдар менен көрүшүшү жана дүйнөдө эсепсиз макамдарда бир учурда көрүнүшү жана олуядан башка нурга жеткендердин бир убакта көп жерлерде көрүнүшү жана карапайым адамдардын түшүндө кээде бир мүнөттө бир жылдай иштерди көрүшү жана күбө болушу жана бүт адамдардын жүрөк, рух, кыял жагынан бир учурда көп жерлер менен байланышта болушу маалым жана белгилүү болгондуктан... албетте нурдуу, шартсыз, кенен жана түбөлүктүү болгон бейиште денелери рух күчүндө жана кыял ылдамдыгында болгон бейиш калкы бир убакта жүз миңдеген жерде болуп, жүз миң үр кыздар менен маектешип, жүз миң түрдө ырахат алуу; ал түбөлүктүү бейишке, ал чексиз мээримге ылайыктуу жана Чынчыл Кабар берүүчү (б.а. Пайгамбар А.С.М.) кабар бергендей чындык жана акыйкат. Бирок, мобул кичинекей акылыбыздын таразасы менен ал кереметтүү акыйкаттарды тартууга болбойт. (Сөздөр, 502)***

Бедиүззаман бул сөзүндө көңүл бурган чындык ыймандуулар үчүн улуу бир кубанычтуу кабар. Аллахтын каалоосу менен бейиш калкы бир учурда бир канча денелүү болуп, көптөгөн

каалоолорун бир учурда орундата алышат. Китептин мурдакы бөлүмдөрүндө айтылгандай, Пайгамбар Мырзабыз (сав) да бул улуу сүйүнчүнү бизге хадистери аркылуу кабар берген.

Албетте, дүйнөдө мейкиндик менен заттан көз-каранды болгон бир адамга муну түшүнүү мүмкүн эмес. Бирок Аллахтын чексиз илими жана чексиз акылы менен жаратылган бейиште Аллах адамды –дүйнөдөгү сыяктуу- мейкиндик менен заттан көз-карандысыз кылып жаратат, мындан тышкары, Өзүнөн бир сый катары дүйнөдө биз көз-каранды болгон себептер менен мыйзамдардан да башкача бир шарттарда жашатат. Ал жерде бейишке ылайыктуу кулдарына чексиз нематтарынан тартуулайт.

### Жыйынтык

Чын жүрөктөн ишенген (ыйман кылган) бир адам үчүн Аллахтын бейиш менен тозоктун бар экенин кабар бериши жетиштүү; Аллахтын сөзүнө жана Куранда билдирген чындыктарга ыйман кылган бир момун буларга, эч күмөн санабастан, чындап ыйман кылат (ишенет). Чыныгы момундар бул бөлүмдө баяндалган чындыктарды билишпесе да, акыреттин бар экенине ыйман кылышат. Бирок акырет жөнүндө күмөн санагандарга акыреттин бар экенин түшүндүрө алуу, алардын түшүнүшүнө көмөкчү болуу үчүн бул жерде айтылган маалыматтар өтө маанилүү. Бейиш менен тозокту көзү менен көрбөгөнү үчүн ишенбеген, күмөн санаган адамдар бул жашоосунда да материалдык (заттык) дүйнөнүн өзүн эч качан көрө албашын түшүнүшкөндө, акыретке болгон көз-караштары өзгөрөт. Бул дүйнөдө заттын өзүн көрбөй туруп, анын чындык экенинен күмөн санабай жаткан сыяктуу эле, Аллах Кабатында түбөлүккө чейин жок болбой турган заттык бир дүйнөнүн бар экенинен да күмөн санай алышпайт.

Заттын чыныгы жүзү темасы чындыкты тануучулардын колдорунан бейиш менен тозоктун бар экенин тануу үчүн колдонгон «далилдерин» алып койот. Бул тема аларга түшүндүрүлгөн соң да акыретти жокко чыгарууну улантышкан болсо, чындыктарды да көрмөксөн болуп каапырдыкты тандаган болушат. Бирок алардын баары чындыктарды кабыл ала турган, күмөндөрүнөн тазалана турган бир учур келет. Чындыкты тануучу жана күмөн саноочулардын бүт баары сөзсүз Аллах менен акыреттин бар экенине ыйман кыла турган бир учурга жолугат. Ал учур дүйнө жашоосунун сүрөттөлүшү алынып, периштелердин сүрөттөлүшү көрсөтүлгөн өлүм учуру болот. Сурагын көрүп тозокко айдалганда болсо, тозок менен бейиш жөнүндө эч биринин эч кандай күмөнү калбайт.

Чексиз адилеттүү Раббибиз Духан Сүрөсүндөгү аяттарда мындайча кабар берет:

**Аны кармап, тозоктун ортосуна айдагыла. Анан кайнак суунун азабынан башынан ылдый куйгула; (азапты) тат; себеби сен (өз оюңда) жогору, кадырлуу элең. Чынында бул силер күмөндө болгон нерсеңер. (Духан Сүрөсү, 47-50)**

# ЖАЛГЫЗ АБСОЛЮТТУК ЗАТ – АЛЛАХ

Аллахтан башка нерселерге күч таңуулап, алардын Аллах жараткан сүрөттөлүш нерселер экенин унутуп, ширк (Аллахка шерик кошуу) менен жашаган адамдар канчалык чоң жаңылыштыкта экенин да акыретте түшүнүшөт. Аллах Куранда адамдардын дүйнө

жашоосунда ширк кошкон нерселеринин алардан алыстап көздөн кайым болгонун көрүшөөрүн кабар берет:

**Кара, өздөрүнө кандай жалган айтышты жана пландап ойлогондору да алардан жоголуп-алыстады. (Энъам Сүрөсү, 24)**

**... «Аллахтан башка сыйынгандарыңар кайда?» «Алар бизди таштап-жоголушту» дешет... (Аьраф Сүрөсү, 37)**

**... Чындыгында алар өздөрүн кыйроого түртүштү, ойлоп чыгарган нерселери да алардан алыстап жоголушту. (Аьраф Сүрөсү, 53)**

**... алар чыныгы кожоюну болгон Аллахка кайтарылышат. Жалгандан ойлоп чыгаргандары болсо алардан жоголуп алысташат. (Йунус Сүрөсү, 30)**

**«Аллахтан башка (сыйынгандарыңар).» «Бизди таштап жоголуп кетишти. Жок, биз мурда эч нерсеге сыйынчу эмес экенбиз» дешти. Аллах каапырларды мына ушундай жаңылтып-адаштырат. (Момун Сүрөсү, 74)**

Момун Сүрөсүндөгү аятта да айтылгандай, бул адамдар өлгөн соң, б.а. дүйнөгө тиешелүү сүрөттөлүштөр өзгөргөн соң, дүйнө жашоосунда сыйынгандарынын бир сүрөттөлүш экенин түшүнүшүп, **«биз мурда эч нерсеге сыйынчу эмес экенбиз»** деп жатышкан болушу мүмкүн. Акылдуу жана абийирлүү адамдар болсо ансыз да акыретте түшүнө турган бул чындыкты жакшылап ойлонуп, дүйнөдө жашап турган кезде, б.а. кеч кала электе түшүнүшү зарыл.

## АЯТТАРДА БЕЙИШ

**(Эй Мухаммед) ыйман келтирип салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандарды сүйүнчүлө. Чындыгында алар үчүн астыларынан дарыялар аккан бейиштер бар. Аларга ырыскы катары ал түшүмдөрдөн ар жедирилгенде: «муну мурда да жегенбиз» дешет. Бул аларга (дүйнөдөгүгө) окшош кылып тартылат. Ал жерде алар үчүн таптаза жубайлар бар жана алар ал жерде түбөлүк жашашат. (Бакара Сүрөсү, 25)**

**Жана: «Эй Адам, сен жана жубайың бейиште жайгаш. Экөөңөр тең андан, кайсы жеринен кааласаңар, көп-көп жегиле; бирок мобул даракка жакындабагыла, болбосо заалымдардан болосуңар» дедик. (Бакара Сүрөсү, 35)**

**Ыйман келтирип, чын ыкластуу иштерди кылгандар болсо (алар) бейиш калкы, ал жерде түбөлүк болушат. (Бакара Сүрөсү, 82)**

**... Алар отко чакырышат, Аллах болсо Өзүнүн уруксаты менен бейишке жана кечиримге чакырат. Ал адамдарга аяттарын түшүндүрөт. Сабак алып, ойлонушаар. (Бакара Сүрөсү, 221)**

**Айткын: «Силерге мындан жакшысын кабар берейинби? Коркуп-тартынгандар үчүн Раббилеринин Кабатында ичинде түптүү жашай турган, астынан дарыялар агып турган бейиштер, таптаза жубайлар жана Аллахтын ыраазылыгы бар. Аллах кулдарды толугу менен көрүп туруучу.» (Али Имран Сүрөсү, 15)**

**Раббиңерден болгон кечиримге жана туурасы асмандар менен жердей болгон бейишке (жетүү үчүн) жарышкыла; ал муттакилер (Аллахтан корккондор) үчүн даярдалган. (Али Имран Сүрөсү, 133)**

**Мына ушулардын сыйлыгы – Раббилеринен кечирим жана ичинде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштер. (Мындай) Кылгандарга кандай сонун бир жооп (сыйлык бар). (Али Имран Сүрөсү, 136)**

**Же силер Аллах араңардан жихад кылгандарды (аракет кылгандарды) аныктап-айырмалабастан жана сабыр кылгандарды да аныктап-айырмалабастан бейишке киребиз деп ойлодуңарбы? (Али Имран Сүрөсү, 142)**

**Ар бир напси (жан) өлүмдү татат. Кыямат күнү, албетте, сыйлыктарыңар кемчиликсиз берилет. Ким оттон алыстатылып жана бейишке киргизилсе, эми ал чындап кутулууга жеткен болот. Дүйнө жашоосу алдамчы мета (пайдалануу) гана. (Али Имран Сүрөсү, 185)**

**Раббилери аларга (дубаларын кабыл алып) жооп берди: «Күмөнсүз, Мен эркек болсун, аял болсун, силерден бир (сооптуу) иш кылгандын ишин текке кетирбейм. Силер бири-бириңердensиңер. Хижрат кылгандардын, мекендеринин сүрүлүп-чыгарылгандардын жана (Менин) жолумда кыйноого кабылгандардын, согушуп өлтүрүлгөндөрдүн сөзсүз жамандыктарын жашырам жана аларды астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизем. (Бул) Аллах Кабатынан бир акы (сооп). (Ал) Аллах, акынын (сооптун) эң сонуну – Анын Кабатында.» (Али Имран Сүрөсү, 195)**

**... Раббилеринен коркуп-тартынгандар; алар үчүн Аллах Кабатында, бир майрам катары, астыларынан дарыялар аккан, ичинде түбөлүк жашай турган, бейиштер бар. Жакшылык кылгандар үчүн Аллахтын Кабатындагылар жакшыраак. (Али Имран Сүрөсү, 198)**

**... Ким Аллахка жана элчисине моюн сунса, аны астынан дарыялар аккан, ичинде түбөлүк жашай турган бейиштерге киргизет. Улуу кутулуу жана бакыт мына ушул. (Ниса Сүрөсү, 13)**

**Ыйман келтирип, чын ыкластуу иштерди кылгандарды астынан дарыялар аккан, ичинде түбөлүк жашай турган бейиштерге киргизебиз. Анда алар үчүн таптаза жубайлар бар. Жана аларды «ысык да эмес, суук да эмес, дал көңүлдөгүдөй көлөкөгө» киргизебиз. (Ниса Сүрөсү, 57)**

**Ыймандуулардан шылтоосу жок (мүмкүнчүлүгү болуп туруп) отургандар менен Аллах жолунда мал-мүлктөрү менен жана жандары менен жихад кылгандар (аракет кылгандар) тең эмес. Аллах мал-мүлктөрү менен жана жандары менен жихад кылгандарды (аракет кылгандарды) отургандарга караганда даражасы жактан жогору кылган. Баарына жакшылыкты (бейишти) убада кылган; бирок Аллах жихад кылгандарды (аракет кылгандарды) отургандарга караганда улуу бир сыйлык менен жогору кылган. (Ниса Сүрөсү, 95)**

**Ыйман кылып, чын ыкластуу иштерди кылгандар, Биз аларды астынан дарыялар аккан, ичинде түбөлүк жашай турган бейиштерге киргизебиз. Бул Аллахтын чыныгы убадасы. Аллахтан да убадага бекемирээк ким бар? (Ниса Сүрөсү, 122)**

**Эркек болсун, аял болсун ишенүү (ыйман) менен ким ыкластуу бир иш жасаса, алар бейишке киришет жана алар бир "уруктун сыртындагы бүчүрчөлүк" да адилетсиздикке туш болушпайт. (Ниса Сүрөсү, 124)**

**Ант болсун, Аллах Исраил урпактарынан сөз (убада) алган эле. Алардан он эки ишенимдүү-көзөмөлчү жиберген элек. Жана Аллах аларга: «Чынында Мен силер менен биргемин. Эгер намазды кылып, зекетти берип, элчилериме ишенип, аларды жактап-колдосоңор жана Аллахка сонун бир карыз берсеңер, шексиз силердин жамандыктарыңарды жаап, силерди чындап астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизем. Мындан кийин силерден ким каапырдык кылса, чынында түптүз жолдон адашыптыр.» (Маида Сүрөсү, 12)**

**Эгер Ахли китап (китеп берилгендер) ыйман кылып тартынышканда, албетте, алардын жамандыктарын жашырмакпыз жана аларды «нематтарга толо» бейиштерге киргизмекпиз. (Маида Сүрөсү, 65)**

**Ант болсун «Күмөнсүз, Аллах – Мариям уулу Месих» дегендер каапыр болушту. Чындыгында болсо Месихтин айтканы (мындай:) «Эй Исраил урпактары, менин да Раббим, силердин да Раббиңер болгон Аллахка ибадат кылгыла. Себеби Ал Өзүнө шерик кошконго бейишти арам кылган, анын бара турган жери от. Зулумдук кылгандарга жардамчы жок.» (Маида Сүрөсү, 72)**

**Ошентип Аллах айткандарына сый катары ичинде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштерди берди. Бул жакшылык кылуучулардын акысы. (Маида Сүрөсү, 85)**

**Аллах айтты: «Бул чынчылдарга чындыкты айтуулары пайда алып келүүчү күн. Алар үчүн ал жерде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштер бар. Аллах алардан ыраазы болду, алар да Андан ыраазы болушту. Улуу кутулуу жана бакыт – мына ушул.» (Маида Сүрөсү, 119)**

**Ыйман келтирип, чын ыкластуу иштерди жасагандар бейиштин калкы. Биз эч кимге күчү жеткенден ашыкчасын жүктөбөйбүз. Ал жерде (бейиште) түбөлүк жашашат. Биз алардын көкүрөктөрүндөгү жаман көрүүлөрдүн баарын алып салганбыз. Астыларынан дарыялар агат. «Бизди буга жеткирген Аллахка мактоолор болсун. Эгер Аллах бизге хидаят бербегенде (туура жолго салбаганда), биз туурага жетмек эмеспиз. Ант болсун, Раббибиздин элчилери акыйкатты айтып келишкен» дешет. Аларга: «Мына ушул кылган иштериңер үчүн сыйлык катары мураскор кылынган бейишиңер» деп айтылат. Бейиш калкы от калкына (мындай) дешет: «Бизге Раббибиздин убада кылганынын акыйкат экенин көрдүңөрбү?» Алар болсо: «Ооба» дешет. Андан соң араларынан жар салган бирөө (мындай) дейт: «Аллахтын каргышы заалымдарга болсун.» Эки тарап арасында бир тосмо жана Аьраф үстүндө баарын жүздөрүнөн тааныган адамдар бар. Бейишке кире тургандарга: «Салам силерге» дешет, алар али кирбеген бирок (кирүүнү) абдан каалап үмүт кылгандар. Көздөрү тозок калкы тарапка бурулганда болсо: «Раббибиз бизди заалымдар коому менен бирге кылба» дешет. (Аьраф Сүрөсү, 42-47)**

**«Аларга Аллах мээрим бербейт деп ант ичкендериңер ушул адамдар беле? (Бейиштегилерге болсо) Киргиле бейишке. Силер үчүн коркуу жок жана кайгырбайсыңар.» От калкы бейиш калкына кайрылат: «Бизге бир аз суудан же Аллах силерге берген ырыскыдан бергиле.» Мындай дешет: «Чындыгында Аллах буларды чындыкты тануучуларга арам кылган (тыюу салган).» (Аьраф Сүрөсү, 49-50)**

**Раббилери аларга Өз Кабатынан бир мээримди, бир ыраазычылыкты жана алар үчүн тынымсыз бир немат-жакшылык болгон бейиштерди сүйүнчүлөйт. Ал жерде түбөлүк жашашат. Күмөнсүз Аллах Кабатында чоң сыйлык бар. (Тообо Сүрөсү, 21-22)**

**Аллах ыймандуу эркектерге жана ыймандуу аялдарга ичинде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштерди жана Адн бейиштеринде сонун үйлөрдү убада кылган. Аллахтан болгон ыраазылык болсо баарынан өйдө. Улуу кутулуу жана бакыт мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 72)**

**Аллах алар үчүн чексиз жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштер даярдады. Улуу «кутулуу жана бакыт» мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 89)**

**Алга чыккан мухажирлер менен ансар жана аларды жакшылап ээрчигендер; Аллах алардан ыраазы болду, алар да Андан ыраазы болушту жана (Аллах) аларга ичинде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштер даярдады. Улуу «кутулуу жана бакыт» мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 100)**

**Эч күмөнсүз, Аллах момундардан жандарын жана мал-мүлктөрүн акысына аларга бейишти берүү үчүн сатып алган. Алар Аллах жолунда согушушат, өлтүрүшөт жана өлтүрүлүшөт; бул Тооротто, Инжилде жана Куранда Анын үстүндөгү чыныгы убада. Аллахтан да убадасына бекемирээк ким бар? Демек кылган бул соодаңардан улам сүйүнүп-сүйүнчүлөшкүлө. Улуу «кутулуу жана бакыт» мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 111)**

**Ыйман кылгандар жана чын ыкластуу иштерди жасагандар болсо, Раббилери аларды ыймандары үчүн астынан дарыялар аккан, нематтарга толо бейиштерге багыттайт (туура жолго салат). Ал жердеги дубалары: «Аллахым, Сен кандай Улуксуң» жана ал жердеги каалоо-тилектери: «Салам»; дубаларынын аягы болсо: «Чындыгында, мактоолор ааламдардын Рабби Аллахка тиешелүү.» (Йунус Сүрөсү, 9-10)**

**Жакшылык кылгандарга андан да жакшысы жана көбү бар. Алардын жүзүн каралык да, басмырлануу да оробойт, мына ошолор бейиш калкы; ал жерде түбөлүк жашашат. (Йунус Сүрөсү, 26)**

**Ыйман келтирип, салих (чын жүрөктөн жакшы) иштерди кылгандар жана «Раббилерине жүрөктөрү ыраазы болуу менен байлангандар», мына ушулар болсо бейиш калкы. Ал жерде түбөлүк болушат. (Худ Сүрөсү, 23)**

**Бактылуулар болсо, эми алар бейиште. Раббиңдин каалоосунан тышкары, асмандар менен жер турганда, ал жерде түбөлүк болушат. (Бул) эч түгөнбөгөн бир берешендик. (Худ Сүрөсү, 108)**

**Алар Адн бейиштерине киришет. Аталарынан, жубайларынан жана урпактарынан «ыкластуу иштерди» кылгандар да (Адн бейиштерине кирет). Периштелер аларга ар бир эшиктен кирип (мындай дешет:) «Сабыр кылганыңар үчүн салам силерге. (Дүйнө) Мекени(нин) аягы кандай сонун.» (Рад Сүрөсү, 23-24)**

**Такыба (Аллахтан корккон) адамдарга убада кылынган бейиш; анын астынан дарыялар агат, жемиштери менен көлөкөлөрү түбөлүктүү. Бул коркуп-тартынгандардын (бактылуу) натыйжасы, каапырлардын аягы болсо от. (Рад Сүрөсү, 35)**

**Ыйман кылып чын ыкластуу иштерди кылгандар Раббилеринин уруксаты менен астынан дарыялар аккан, ичинде түбөлүк жашай турган бейиштерге киргизилишти. Ал жерде бир-бирлерине болгон тилек-каалоолору: «Салам». (Ибрахим Сүрөсү, 23)**

**Чындап такыбалуулар (Аллахтан корккондор) бейиштерде жана булак баштарында. Ал жерге тынчтыкта жана коопсуздукта киргиле. Алардын көкүрөктөрүндө кекенүүнүн (баарын) алып салдык, бир туугандар болуп тактылар үстүндө маңдай-тескей (отурушат). Ал жерде аларга эч чарчоо келбейт жана алар ал жерден чыгарылышпайт. (Хижр Сүрөсү, 45-48)**

**(Аллахтан) Тартынгандарга: «Раббиңер эмне түшүрдү?» деп айтылганда, «жакшылык» дешти. Бул дүйнөдө жакшы мамилелер кылгандарга жакшылык бар; акырет мекени болсо жакшыраак. Такыбалуулардын (Аллахтан корккондордун) мекени кандай сонун. Адн бейиштери; ага киришет, анын астынан дарыялар агат, ичинде алар каалаган нерселердин баары бар. Аллах такыбалууларга мына ушундай сыйлык берет. Периштелер жакшы мамиле менен жандарын алышканда: «Салам силерге» дешет. «Кылгандарыңардын сыйлыгы катары бейишке киргиле.» (Нахл Сүрөсү, 30-32)**

**Күмөнсүз, ыйман келтирип жакшы иштерди кылгандар болсо; Биз чынында эң жакшы иштерди жасагандардын сыйлыгын жоготууга учуратпайбыз. Алар; астынан дарыялар аккан Адн бейиштери алардыкы, ал жерде алтын билериктер менен жасанышат, жеңил жибектен жана өтө кылдат жасалган атластан жашыл көйнөктөр кийишет жана тактылар үстүндө орноп-таянышат. (Бул) Кандай сонун сооп жана кандай сонун колдоо. (Кехф Сүрөсү, 30-31)**

**Ыйман келтирип чын ыкластуу иштерди кылгандар... Фирдаус бейиштери алар үчүн бир «конок мекени». Ал жерде түбөлүк жашашат, ал жерден чыккылары келбейт. (Кехф Сүрөсү, 107-108)**

**Бирок тообо кылган, ыйман кылган жана чын ыкластуу иштерди кылгандар (башка); мына ошолор бейишке киришет жана эч бир зулумдукка туш болушпайт. Адн бейиштери (аларга болот), Рахман (Аллах аны) Өз кулдарына кайыптан убада кылган. Күмөнсүз, Анын убадасы орундалат. Анда «бош бир сөз» угушпайт; саламды гана (угушат). Эрте менен, кечинде алардын ырыскылары ал жерде (турат). Ал бейиш; Биз кулдарыбыздан такыбалууларды (Аллахтан корккондорду) (ага) мураскор кылабыз. (Марийам Сүрөсү, 60-63)**

**«Ким Ага ыйман кылып (ишенип) чын ыкластуу иштерди кылып Ага келсе, мына ошолор үчүн болсо жогорку даражалар бар. Ичтеринде түбөлүк жашай турган астынан дарыялар аккан Адн бейиштери да (алардыкы). Жана мына ушул тазалангандын сыйлыгы.» (Таха Сүрөсү, 75-76)**

**Анын уңулдаган добушун да угушпайт. Алар напсилери (көңүлдөрү) каалаган (сансыз немат-жакшылыктар) ичинде түбөлүк жашашат. (Анбия Сүрөсү, 102)**

**Күмөнсүз Аллах ыйман кылып чын ыкластуу иштерди кылгандарды астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизет. Чындап Аллах бүт каалаганын жасайт. (Хаж Сүрөсү, 14)**

**Эч күмөнсүз Аллах ыймандууларды жана чын ыкластуу иштерди кылгандарды астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизет, ал жерде алтындан билериктер менен жана берметтер менен жасанышат; ал жердеги кийимдери жибек(тен). Алар сөздүн эң**

**сонунуна жеткирилишкен жана макталган туура жолго жеткирилишкен. (Хаж Сүрөсү, 23-24)**

**Ал күнү мүлк бир гана Аллахка тиешелүү. Ал араларында өкүм берет. Эми ыйман кылып чын ыкластуу иштерди кылгандар; немат-жакшылыктарга толо бейиштердин ичинде. (Хаж Сүрөсү, 56)**

**(Жер жүзүнүн өкүмдарлыгына жана акыреттин немат-жакшылыктарына) мураскор боло турган мына ошолор. Алар Фирдаус (бейиштери)не мураскор болушат; ичинде түбөлүк жашашат. (Мүминун Сүрөсү, 10-11)**

**Кааласа, сага мындан жакшыраак болгон астынан дарыялар аккан бейиштер берген жана сен үчүн сарайлар жасаган (Аллах) кандай Улук. (Фуркан Сүрөсү, 10)**

**Айткын: «Ушул жакшыраакпы, же такыбалууларга убада кылынган түбөлүк бейишпи? Алар үчүн бир сыйлык жана акыркы мекен. Ичинде түбөлүк жашай тургандар катары ал жерде каалагандарынын баары алардыкы; бул Раббиңдин бир убадасы.» (Фуркан Сүрөсү, 15-16)**

**Ал күнү бейиш калкы жашай турган жер мындан жакшы, эс ала турган жери мындан кооз. (Фуркан Сүрөсү, 24)**

**Мына ошолор сабыр кылганы үчүн (бейиштин эң сонун жеринде) бөлмөлөр менен сыйланышат жана ал жерде амандык тилеги жана салам менен тосуп алынышат. Ал жерде түбөлүк жашашат; жайгашкан орундары, түшкөн мекендери кандай сонун. (Фуркан Сүрөсү, 75-76)**

**«Мени немат-жакшылыктарга толтурулган бейиштин мураскорлорунан кыл,» (Шуара Сүрөсү, 85)**

**(Ал күнү) Бейиш такыбалууларга жакындатылат. (Шуара Сүрөсү, 90)**

**Ыйман кылып чын ыкластуу иштерди кылгандар; аларды ичинде түбөлүк жашоочулар кылып, астынан дарыялар аккан бейиштин бийик сарайларына сөзсүз жайгаштырабыз. (Чын ыкластуу) Иштерди кылгандардын сыйлыгы кандай сонун. (Анкебут Сүрөсү, 58)**

**Ошентип ыйман кылып, чын ыкластуу иштерди жасагандар; эми алар «бир бейиш бакчасында» «кубаныч ичинде коноктолушат». (Рум Сүрөсү, 15)**

**Ким чындыкты танса, эми анын каапырдыгы өз зыянына; ким чын ыкластуу бир ишти жасаса, эми алар өздөрү үчүн (бейиштеги жерлерин) төшөп даярдашууда. (Бул**

**Аллахтын) Өз берешендигинен ыйман кылып чын ыкластуу иштерди кылгандарга сыйлык бериши үчүн. Күмөнсүз, Ал каапырларды сүйбөйт. (Рум Сүрөсү, 44-45)**

**(Бирок) Чындап ыйман кылып чын ыкластуу иштерди жасагандар болсо; алар үчүн немат-жакшылыктарга толо бейиштер бар. Ал жерде түбөлүк жашашат. Аллахтын убадасы чындык. Ал улуу жана кудуреттүү, өкүмдар жана даанышман. (Локман Сүрөсү, 8-9)**

**Андай болсо, ыймандуу адам фасыкка (бузукуга) окшош болобу? Алар бирдей болушпайт. Ыйман кылган жана чын ыкластуу иштерди кылгандар болсо, эми алар үчүн кылгандарыңарга сыйлык катары бир коноктолуу жери катары жашай турган бейиштери бар. (Сажда Сүрөсү, 18-19)**

**Анан Китепти кулдарыбыздан тандагандарыбызга мураска бердик. Эми алардын кээ бири өз напсисине (өзүнө) зулумдук кылат, кээ бири орто бир жолдо, кээ бирлери болсо Аллахтын уруксаты менен жакшылыктарда жарышып алдыга чыгат. Мына ушул улуу берешендиктин өзү. Адн бейиштери (алардыкы); ал жерге киришет, ал жерде алтындан билериктер менен жана берметтер менен жасанышат. Жана ал жерде алардын кийимдери жибек(тен). «Бизден кайгыны кетирип жок кылган Аллахка мактоолор болсун; күмөнсүз Раббибиз чындыгында кечиримдүү, шүгүрлөрдү кабыл кылуучу. Ал бизди Өз берешендигинен (түбөлүк) жашай турган бир мекенге жайгаштырды; бул жерде бизге бир чарчоо келбейт жана бул жерде бизге бир тажоо да келбейт» дешет. (Фатыр Сүрөсү, 32-35)**

**Ага: «Бейишке кир» деп айтылды. Ал болсо: «Менин коомум да бир билгенде кана» деди. «Раббимдин мени кечиргенин жана коноктолгондордон кылганын.» (Йасин Сүрөсү, 26-27)**

**Мына бүгүн эч кимге (эч) бир нерседе зулумдук кылынбайт жана силер да кылгандарыңардын акысын аласыңар. Чындыгында, бүгүн бейиш калкы – «кубаныч жана бакыт толо» бир алаксуу (жашоо) ичинделер. Өздөрү жана жарлары көлөкөлөрдө, тактылар үстүндө жазданышкан. Ал жерде жапжаңы мөмөлөр алардыкы жана каалагандарынын баары алардыкы. Өтө боорукер Раббиден аларга айтылган «Салам» да (бар). (Йасин Сүрөсү, 54-58)**

**Бирок чын ыкластуу кулдар башка. Мына ошолор; алар үчүн белгилүү бир ырыскы бар. Ар түрдүү мөмөлөр. Алар даам татышат. Немат-жакшылыктарга толгон (наим) бейиштерде. Маңдай-тескей тактылар үстүндө (отурушат). Булактан (куюлган) чөйчөктөр менен айланаларында айланышат. Аппак, ичкендерге ырахат (тартуулаган бир ичимдик). Анда баш балээси да, акылдарын жоготуу да жок. Жана жандарында көздөрүн жубайларына гана бурган ири көздүү аялдар бар. Алар сакталган бир жумуртка сыяктуу (сулуу жана жылмакай). (Саффат Сүрөсү, 40-49)**

**Бул бир зикир. Күмөнсүз такыбалуулар (Аллахтан корккондор) үчүн албетте бара турган сонун бир мекен бар. Адн бейиштери; эшиктер аларга ачылган. Ичинде жазданып-сүйөнүшкөн; ал жерде көптөгөн мөмө менен шарап каалашат. Жана жандарында көздөрүн жубайларына гана бурган бир курактагы аялдар бар. Сурак күнү силерге убада кылынган мына ушул. Күмөнсүз, бул Биздин ырыскыбыз, эч түгөнбөйт дагы. (Сад Сүрөсү, 49-54)**

**Бирок Раббилеринен коркуп-тартынгандар болсо; аларга бийик сарайлар бар, алардын үстүндө болсо бийик сарайлар курулган. Алардын астында дарыялар агып турат. (Бул) Аллахтын убадасы. Аллах убадасынан кайтпайт. (Зүмер Сүрөсү, 20)**

**Раббилеринен коркуп- тартынгандар бейишке топ топ киргизилишти. Аягында ал жерге келишкенде, эшиктери ачылды жана аларга (бейиштин) кароолчулары айтышты: «Силерге салам болсун, кош жана таза келдиңер. Түбөлүк калуучулар катары ага киргиле.» (Алар) Айтышты: «Бизге берген убадасында бекем болгон жана бизди бул жерге мураскор кылган Аллахка мактоолор болсун. Бейиштен каалаган жерибизде конок боло алабыз. (Чын ыкластуу) Иштерди жасагандардын сыйлыгы – кандай сонун. Периштелердин да Арштын айланасын торошкон абалда Раббилерин мактоо менен аруулап жаткандыгын көрөсүң. Араларында чындык менен өкүм чыгарылды жана: «Ааламдардын Раббисине мактоолор болсун» деп айтылды. (Зүмер Сүрөсү, 73-75)**

**Аршты көтөргөндөр жана айланасындагылар Раббилерин мактоо менен тасбих кылышып, Ага ыйман кылышууда жана ыймандууларга кечирим тилешүүдө: «Раббибиз, мээрим жана илим жагынан бүт нерсени ороп-курчадың, тообо кылгандар жана Сенин жолуңду ээрчигендерге кечирим кыл жана аларды тозоктун азабынан корго. Раббибиз, аларды Адн бейиштерине киргиз, аларга (муну) убада кылдың; аталарынан, жубайларынан жана урпактарынан чын ыкластууларды да. Чындыгында Сен улуу жана кудуреттүүсүң, өкүмдар жана даанышмансың. Жана аларды жамандыктардан сакта. Ал күнү Сен кимди жамандыктардан сактаган болсоң, чындыгында Ага мээримдүүлүк кылган болосуң. Улуу «кутулуу жана бакыт» мына ушул. (Момун Сүрөсү, 7-9)**

**Ким бир жамандык кылса, ошого тең гана жаза тартат; ким –эркек же аял болсун- бир ыймандуу катары чын ыкластуу бир ишти жасаса, мына ошолор ичинде сансыз ырыскы тартуу кылынуу үчүн бейишке киришет. (Момун Сүрөсү, 40)**

**Күмөнсүз: «Биздин Раббибиз Аллах» деп анан туптуура жолдо жүргөндөр (бар эмеспи); аларга периштелер түшүп (айтышат:) «Коркпогула жана кайгырбагыла, силерге убада кылынган бейиш менен кубангыла. Биз дүйнө жашоосунда да, акыретте да силердин досторуңарбыз. Ал жерде напсиңер (көңүлүңөр) каалаган нерселердин баары силердики жана каалаган нерселериңердин баары да силердики. Өтө кечиримдүү, өтө боорукер (Аллах)тан бир сый катары. (Фуссилет Сүрөсү, 30-32)**

**Мына Биз сага ушундай арапча бир Куран вахий кылдык; шаарлардын энесин (болгон Мекке калкын) жана айланасындагыларды эскертишиң үчүн жана эч күмөн болбогон чогулуу күнүн (кабар берип аларды) эскертишиң үчүн да. (Ал күнү алардын) Бир бөлүгү бейиште, бир бөлүгү алоолоп күйгөн оттун ичинде. (Шура Сүрөсү, 7)**

**(Ал күнү) Заалымдарды кылгандарынан улам коркуп, титиреп жатканын көрөсүң; ал (кылгандары) аларды басып калды. Ыйман келтирип ыкластуу иштерди жасагандар болсо бейиш бакчаларында. Раббилери Кабатында эмне кааласа баары алардыкы. Мына улуу пазилет (жакшылык жана жогорулук) ушул. Аллах ыйман келтирип, чын ыкластуу иштерди кылган кулдарына мына ушундай сүйүнчү кабар берет. Айт: «Мен бул (эмгегим) үчүн жакындарга сүйүүдөн башка силерден эч кандай акы сурабайм.» Ким бир жакшылык кылса, Биз андагы жакшылыкты көбөйтөбүз. Чындыгында, Аллах кечиримдүү, шүгүр кылганга жакшылыгынан берүүчү. (Шура Сүрөсү, 22-23)**

**«Эй кулдарым, бүгүн силер үчүн коркуу жок жана силер кайгырбайсыңар. Алар Менин аяттарыма ыйман кылгандар жана Мусулмандар. Силер жана жубайларыңар бейишке киргиле; кубаныч ичинде коноктолосуңар. Алардын айланасында алтын идиштер жана кумуралар менен айланып турушат; ал жерде көңүлдөрү эңсеген жана көздөр ырахат алган бүт нерселер бар. Жана силер ал жерде түбөлүк жашайсыңар. Кылгандарыңар үчүн мураскор болгон бейишиңер мына ушул. Ал жерде силер үчүн көптөгөн мөмөлөр бар; алардан жейсиңер.» (Зухруф Сүрөсү, 68-73)**

**Такыбалуулар (Аллахтан корккондор) болсо; сөзсүз алар коопсуз бир макамда. Бейиштерде жана булактарда, жеңил жибектен жана өтө жасалгаланган атластан (сатинден) (кийимдер) кийишет, маңдай-тескей (отурушат). Мына ушундай; жана Биз аларды чоң көздүү үр кыздар менен үйлөндүрдүк. Ал жерде коопсуздук ичинде, ар түрдүү мөмөлөрдү каалашат; ал жерде биринчи өлүмдөн башка өлүм татышпайт. Жана (Аллах) аларды тозок азабынан коргогон. Сенин Раббиңден бир берешендик катары. Улуу «бакыт жана кутулуу» мына ушул. (Духан Сүрөсү, 51-57)**

**Күмөнсүз: «Биздин Раббибиз – Аллах» деп, анан туура жолдо жүргөндөр (бар эмеспи); эми алар үчүн коркуу жана кайгы-капа да жок. Мына ошолор бейиш калкы; кылгандарынын сыйлыгы катары ичинде түбөлүк жашашат. (Ахкаф Сүрөсү, 13-14)**

**Мына ушулар; кылгандарынын эң сонунун кабыл алабыз жана жамандыктарынан кечебиз; (булар) бейиш калкы ичинде. (Мына ушул) Аларга убада кылынган чыныгы бир убада. (Ахкаф Сүрөсү, 16)**

**Аларды туура жолго салат (хидаят берет) жана абалдарын оңдоп-түзөлтөт. Жана аларды сүрөттөп-тааныткан бейишке киргизет. (Мухаммед Сүрөсү, 5-6)**

**Күмөнсүз, Аллах ыйман кылып чын ыкластуу иштерди жасагандарды астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизет. Чындыкты тануучулар (каапырлар) болсо**

**пайдаланышат жана айбандар жегендей жешет; от алар үчүн бир коноктолуу жери. (Мухаммед Сүрөсү, 12)**

**Такыба ээлерине (Аллахтан коркdone) убада кылынган бейиштин мисалы (мындай): ичинде бузулбаган суудан дарыялар, даамы өзгөрбөгөн сүттөн дарыялар, ичкендер үчүн ырахат берүүчү шараптан дарыялар жана таза балдан дарыялар бар жана ал жерде алар үчүн мөмөлөрдүн ар түрдүүсүнөн жана Раббилеринен бир кечирим бар. (Мындай сыйланган бир адам) Оттун ичинде түбөлүк кала турган жана ичегилерин «майдалап үзүүчү» кайнак суудан ичирилген адамдардай болобу? (Мухаммед Сүрөсү, 15)**

**Ыймандуулардын жүрөктөрүнө ыймандарына ыйман кошуп-көбөйтүшсүн деп, «коопсуздук сезими менен бейпилдик» түшүрүүчү Ал. Асмандардын жана жердин аскерлери Аллахтыкы: Аллах билүүчү, өкүмдар жана даанышман. (Булардын баары) Ыймандуу эркектерди жана ыймандуу аялдарды ичинде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизиши жана жамандыктарын жашырып-кечириши үчүн. Мына ушул Аллах Кабатында «улуу кутулуу жана бакыт». (Фетих Сүрөсү, 4-5)**

**Сокурга кыйынчылык (жоопкерчилик) жок, чолокко да кыйынчылык жок, оорулууга да кыйынчылык жок. Ким Аллахка жана Элчисине моюн сунса, (Аллах) аны астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизет. Ал эми ким жүз бурса, аны оор бир азап менен азаптандырат. (Фетих Сүрөсү, 17)**

**Бейиш болсо такыба (адам)дар үчүн алыста эмес, (ал күнү) жакындатылган. Силерге убада кылынган ушул; (чын көңүлдөн Аллахка) багытталып бурулган (Исламдын өкүмдөрүн) аткарган, көрбөсө да Рахмандан «ичи титиреп корккон» жана «чын көңүлдөн Аллахка багытталган» бир жүрөк менен келгендер үчүн. Ага аман-эсен жана тынчтык (салам) менен киргиле. Бул түбөлүктүүлүк күнү. Ал жерде каалаган нерселеринин баары алардыкы; Кабатыбызда андан да көбү бар. (Каф Сүрөсү, 31-35)**

**Күмөнсүз муттакилер (Аллахтан коркdone) Раббилеринин аларга бергенин алышып, бейиштерде жана булактарда. Себеби алар мындан мурда ихсан (сонун иштерди) кылышкан. (Зарият Сүрөсү, 15-16)**

**Эч күмөнсүз, такыбалуулар (Аллахтан коркdone) бейиштерде жана немат-сый ичинде; Раббилеринин бергендерине кубанып, бактылуу (жүрүшөт). Раббилери аларды «алоолоп күйгөн тозоктун» азабынан коргогон. «Кылгандарыңар үчүн ырахаттанып жеп, ичкиле.» Тыкандык менен тизилген тактылар үстүндө сүйөнүшкөн. Жана Биз аларды чоң-жейрен көздүү үр кыздарга үйлөндүрдүк. (Тур Сүрөсү, 17-20)**

**Аларга каалап-эңсеген мөмөлөрүнөн жана эттен көп-көп бердик. Ал жерде чөйчөк кагышып-ичишет, анда «бош жана тантык бир сөз» да, күнөөгө кирүү да жок. Алар үчүн (кызмат кылган) кыздар айланасында айланып турушат; (ар бири) седепте сакталган бермет сымал таптаза, жаркыраган. Кээ бири кээ биринен сурашат; мындай дешти: «Биз**

**чындыгында мурда үй-бүлөбүз (жакын туугандарыбыз) арасында да санаа болуп-коркчубуз. Эми Аллах бизге берешендик кылды жана «клеткаларга чейин жетүүчү кууруй турган» азаптан сактады. Күмөнсүз, биз мындан мурда Ага дуба (кулчулук) кылчубуз. Чындыгында Ал жакшылыгы көп, өтө боорукер.» (Тур Сүрөсү, 22-28)**

**Ант болсун, аны башка бир түшүүдө да көргөн эле. Сидретүъл-Мүнтеханын жанында. Меъва-Бейиши анын жанында. Сидрени жапкан жаап турганда, көз жылып-адашкан жок жана (чектен) чыкпады. Ант болсун, ал Раббиңдин эң чоң аяттарынын бирөөсүн көрдү. (Нежм Сүрөсү, 13-18)**

**Эч күмөнсүз, муттакилер (Аллахтан корккондор) бейиштерде жана дарыя (айлана)сында. (Камер Сүрөсү, 54)**

**Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Раббиңдин макамынан корккон адам үчүн болсо эки бейиш бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Ар кандай «назиктиктерге жана кооздуктарга» (же ар түрдүү коюу дарактарга) ээ. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Экөөсүндө тең агып турган эки булак бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Экөөсүндө тең ар мөмөдөн эки жуп бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Астылары өтө жасалгаланган атластан төшөктөр үстүндө жазданышат. Эки бейиштин тең мөмөсүн-алуу (ал жердегилерге) жакын (оңой). Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Ал жерде көздөрүн жубайларына гана бурган аялдар бар, булардан мурда аларга бир адам да, бир жин да тийген эмес. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Алар жакут менен маржан сымал. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Ихсандын (жакшылыктын) акысы ихсандан башка нерсе болобу? Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Бул экөөнөн башка дагы эки бейиш бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Болушунча жапжашыл. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Ичтеринде тынымсыз атылып-агып турган эки булак бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Ичтеринде (ар түрдүү) мөмө, теңдешсиз курма жана теңдешсиз анар бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Ал жерде мүнөздөрү сонун, жүздөрү сулуу аялдар бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Чатырлар ичинде корголгон ур аялдар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Булардан мурда аларга бир адам да, бир жин да тийген эмес. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Жашыл жаздыктарга жана өтө кооз төшөктөргө жазданышат (сүйөнүшөт). Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар? Улуу жана берешен Раббиңдин аты кандай Улук. (Рахман Сүрөсү, 45-78)**

**Жарышып алдыга чыккандар болсо алга чыккан алдыңкылар. Мына ошолор жакындаштырылгандар (мукарреб). Нематтарга толо бейиштер ичинде; көпчүлүгү өтмүш (үммөттөрдөн), бир азы кийинкилерден. «Өтө кылдат баалуу таштардан жасалган» тактылар үстүндө. Маңдай-тескей жазданышкан болот. Айланаларында өлүмсүздүккө жеткен жаштар айланып турат; булагынан (толтурулган) кумуралар, көөкөрлөр жана чөйчөктөр (рюмкалар), андан баштары да оорубайт жана өздөрүн жоготуп акылдары да буланбайт. Каалап-тандай турган мөмөлөр, жандары тарткан куш эти. Жана чоң көздүү үр кыздар, корголгон берметтер сыяктуу; кылгандарына сыйлык катары (аларга тартууланат); ал жерде «тантык жана бош бир сөз» да угушпайт, күнөөгө кирүү да жок. Бир сөз гана (угушат:) «Салам, салам.» «Асхаб-ы Йемин», кандай (куттуу ал) «Асхаб-ы Йемин.» Оор бутактары ийилген алча (даректары). Үстү-үстүнө тизилген мөмөлөрү төгүлгөн банан дарактары. Жайылып-созулган көлөкөлөр, токтобой аккан суу(лар); жана (дагы) көптөгөн мөмөлөр арасында түгөнүп-азайбаган жана тыюу салынбаган (мөмөлөр). Бийиктерге салынган төшөктөр. Чындыгында Биз аларды жаңы бир жаратуу менен куруп-жараттык. Аларды дайыма кыз бойдон кылып жараттык, жубайларына ашык (жана) бирдей куракта, «Асхаб-ы Йеминдер» үчүн. (Булардын) Көпчүлүгү өтмүш (үммөт)төрдөн, көпчүлүгү кийинкилерден. (Вакыа Сүрөсү, 10-40)**

**Эгер ал (өлө турган киши) жакын кылынгандардан (мукарребдерден) болсо, анда бейпилдик, сонун ырыскы жана немат-жакшылыктарга толо бейиш (анык болот). Жана эгер «Асхаб-ы Йеминден» болсо, анда «Асхаб-ы Йеминден» сага салам. (Вакыа Сүрөсү, 88-91)**

**Ал күнү ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдарды нурлары алды жана оң тараптарында чуркап баратканын көрөсүң. «Бүгүн силерге сүйүнчү, ичинде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштер.» «Улуу кутулуу жана бакыт» мына ушул. (Хадид Сүрөсү, 12)**

**Раббиңерден болгон бир кечиримге жана бейишке (жетүү үчүн) «аракет кылып-жарышкыла», (ал бейиш) кенендиги асман менен жердин кеңдигиндей болуп, Аллахка жана Пайгамбарына ыйман кылгандар үчүн даярдалган. Мына ушул Аллахтын берешендиги, аны каалаганына берет. Аллах өтө берешен. (Хадид Сүрөсү, 21)**

**Аллахка жана элчисине баш көтөргөн адамдар менен бир жакшы көрүү (жана достук) байланышы болгон Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген эч бир коом (топ) таба албайсың; алар аталары, балдары, бир туугандары, өз урпактары болсо дагы. Алар ушундай адамдар: (Аллах) жүрөктөрүнө ыйман жазган жана аларды Өзүнөн бир рух менен колдогон. Аларды астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизет; ал жерде түбөлүк жашашат. Аллах алардан ыраазы болгон, алар да Андан ыраазы болушкан. Мына ошолор Аллахтын тобу. Көңүл бургула; күмөнсүз Аллахтын тобу – фелах (үмүттөрү ишке ашып кутулуу) тапкандар мына ошолор. (Мүжаделе Сүрөсү, 22)**

**От калкы менен бейиш калкы бир болбойт. Бейиш калкы – үмүт кылганына жетип бактылуу болушкандар. (Хашр Сүрөсү, 20)**

**Ал болсо силердин күнөөлөрүңөрдү кечирип, силерди астыларынан дарыялар аккан бейиштерге жана Адн бейиштериндеги сонун жайларга жайгаштырат. «Улуу бакыт жана кутулуу» мына ушул. Жана силер жакшы көргөн нерсе (нээмат) да бар: Аллахтын жардамы жана жакында келе турган бир жеңиш. Ыймандууларга сүйүнчүлө. (Сафф Сүрөсү, 12-13)**

**Силерди чогулуу күнү үчүн бир жерде топтой турган күнү; мына ошол алдануу (тегабүн) күнү. Ким Аллахка ыйман кылып чын ыкластуу бир ишти жасаса, (Аллах) анын жамандыктарын жашырат жана ичинде түбөлүк жашай турган астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизет. Улуу «бакыт жана кутулуу (февз)» мына ушул. (Тегабүн Сүрөсү, 9)**

**Ыйман кылып, чын ыкластуу иштерди жасагандарды караңгылыктардан нурга чыгарышы үчүн Аллахтын апачык аяттарын силерге окуган бир элчи да (жөнөттүк). Ким ыйман кылып, чын ыкластуу бир ишти жасаса, (Аллах) аны ичинде түбөлүк жашай турган астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизет. Аллах чындыгында ага кандай сонун ырыскы берди. (Талак Сүрөсү, 11)**

**Эй ыймандуулар, Аллахка чыныгы (насух) бир тообо менен тообо кылгыла. Балким, Аллах силердин жамандыктарыңарды жашырып, астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизээр. Ал күнү Аллах Пайгамбарды жана аны менен бирге ыйман кылгандарды уят кылбайт. Нурлары алдыларында жана оң тараптарында жаркырап-коштойт. «Раббибиз, нурубузду толукта, бизди кечир. Күмөнсүз, Сен бүт нерсеге кудуреттүүсүң» дешет. (Тахрим Сүрөсү, 8)**

**Аллах ыймандууларга болсо Фараондун аялын мисал берди. (Ал) Мындай деген эле: «Раббим мага Өз Кабатыңда, бейиште бир үй жаса; мени Фараондон жана анын кылгандарынан куткар жана мени ал заалымдар коомунан да куткар.» (Тахрим Сүрөсү, 11)**

**Чындыгында муттакилер (Аллахтан корккондор) үчүн Раббилери Кабатында немат-жакшылыктарга толо бейиштер бар. (Калем Сүрөсү, 34)**

**Эми китеби оң колуна берилген адам: «Алгыла, китебимди окугула. Себеби мен чынында суракка кабылам деп ойлогом (түшүнгөм)» дейт. Эми ал ыраазы боло турган бир жашоо ичинде. Бийик бир бейиште. Үзө тургандары (мөмө жана теңдешсиз түшүмдөр) өтө жакын. «Артта калган күндөрү алдын-ала бергендериңерге акы катары ырахаттануу менен жегиле жана ичкиле.» (Хакка Сүрөсү, 19-24)**

**Мына ошолор бейиштер ичинде коноктолгондор. Каапырларга эмне болду, моюндарын сага созуп чуркашат. Оң тараптан жана сол тараптан бөлүк-бөлүк болуп. Алардын баары немат-сыйларга толо бейишке киребиз деп үмүт кылып жатышабы (күсөп жатышабы)? (Мeариж Сүрөсү, 35-38)**

**Ар бир напси (жан) кылгандарына карата бир барымта. Бирок Асхаб-ы Йемин (оң тараптагылар) тышкары. Алар бейиштерде... (Мүдессир Сүрөсү, 38-40)**

**Эми Аллах аларды мындай бир күндүн жамандыгынан коргогон жана аларга жаркыраган бир нур жана бир кубаныч берген. Жана сабыр кылганы үчүн бейиш жана жибек менен сыйлады. Ал жерде тактылар үстүндө жазданып-сүйөнүшөт. Ал жерде (күйгүзүүчү) бир күн да жана тоңдуруучу бир суук да көрүшпөйт. «(Мөмөлөрдүн) Көлөкөлөрү аларга өтө жакын жана үзүлүшү өтө жеңилдетилген.» Айланаларында күмүштөн кристалл чынылар, идиштер айландырылат. Ал күмүштөн кристалл чыныларды белгилүү бир өлчөө менен белгилешкен. Ал жерде аларга бир чөйчөк (рюмка) ичирилет; аралашмасы имбирь. (Ал) Бир булак, ал жерде «селсебил» деп аталат. Айланаларында (жаштыгы жана сергектиги) түбөлүктүү кылынган сулуу кыз-жигиттер айланып турушат; сен аларды көргөндө чачылган берметтер экен деп ойлойсуң. Кайсы тарапты карасаң, бир немат-жакшылык жана зор бир мүлк көрөсүң. Алардын үстүндө жеңил жибек менен тыкан жасалгаланган атластан (сатинден) жашыл кийимдер бар. Күмүштөн билериктер менен жасанышкан. Раббилери аларга таптаза бир шарап ичирген. Күмөнсүз, бул силер үчүн бир сый. Силердин аракет кылышыңар шүгүргө ылайык көрүлдү. (Инсан Сүрөсү, 11-22)**

**Ким Раббиңдин макамынан коркуп, напсисин каалоо-эңсөөлөрдөн тартса, эми күмөнсүз бейиш (ал үчүн) бир турак жай. (Назиат Сүрөсү, 40-41)**

**Бейиш да жакындатылганда, (эми ар бир) напси эмне даярдаганын билип-көрөт. (Теквир Сүрөсү, 13-14)**

**Күмөнсүз жакшылар (эбрар) албетте нематтар(га толо бейиштер) ичинде. (Инфитар Сүрөсү, 13)**

**Тактылар үстүндө карап-көз жүгүртүшөт. (Мутаффифин Сүрөсү, 23)**

**Аларды көргөндө болсо: «Булар албетте жолдон адашкан-бузукулар» дешчү. (Мутаффифин Сүрөсү, 32)**

**Күмөнсүз ыйман кылып, чын ыкластуу иштерди жасагандар болсо; алар үчүн астынан дарыялар аккан бейиштер бар. Улуу «кутулуу жана бакыт» мына ушул. (Бүруж Сүрөсү, 11)**

**Ал күнү ушундай жүздөр бар: нематта (чоң бир бакыт ичинде). Кылган аракеттеринен улам ыраазы. Бийик бир бейиште. Ал жерде маанисиз бир сөз укпайт. Ал жерде токтобостон аккан бир булак бар. Ал жерде бийиктерде курулган тактылар да бар; коюлган (суусундук толо) идиштер, катар катар тизилген жаздыктар, жана салынган төшөктөр. (Гашия Сүрөсү, 8-16)**

**Эй көңүл ток (ыраазы болгон) напси, Раббиңе ыраазы кылган жана ыраазы болгон болуп кайт. Эми кулдарымдын арасына кир. Бейишиме кир. (Фежр Сүрөсү, 27-30)**

**Ыйман кылып, чын ыкластуу иштерди жасагандар болсо; мына ошолор жаратылгандардын эң жакшылары. Раббилери Кабатында алардын сыйлыгы – бул ичинде түбөлүк жашай турган астынан дарыялар аккан Адн бейиштери. Аллах алардан ыраазы болду, алар да Андан ыраазы болушту. Мына ушул Раббиңден «ичи титиреп корккон адам» үчүн. (Беййине Сүрөсү, 7-8)**

# ЖЫЙЫНТЫК

**Б**ул китепте айтылган сонун нерселердин баары бүт баарыбызга бир көз ирмемдей жакын. Өлүмдүн келиши менен бир заматта бүтө турган дүйнө жашоосу акыреттеги түбөлүк жашоонун башталышы болот. Ошондуктан ар көз ирмем, ар секунда акыретке өтүү мүмкүн экенин унутпай, тозокко баруу ыктымалдыгынан коркуу жана ушул себептен бейиштеги чексиз сый-жакшылыктарга жетүү үчүн даярдык көрүү бүт адамдар үчүн өтө маанилүү.

Бирок шайтан адамга Аллах бейиште убада кылган сонун нерселерди, түбөлүк жашоону унуттурууну, ойлондурбай коюуну каалайт. Тескерисинче, көп кемчиликтүү дүйнөдөгү немат-жакшылыктарга ыраазы болууну, ушулар менен бир канча он жыл өмүр сүрүүнү жакын бир пайда катары көрсөтөт. Чындыгында болсо, шайтанга алданбастан, бейиштин өтө жакын экенин дайыма эсте тутуп, чын ниеттен аракет кылуу зарыл.

Бүт чын ыкластуу Мусулмандарга чексиз мээримдүү, чексиз боорукер, чексиз акылдуу жана кудуреттүү, кулдарын сүйгөн, аларды коргоп-колдогон, дүйнөдө жана акыретте алардын жакшылыгын каалаган, аларга дүйнөдө жакшы жана кадыр-барктуу бир жашоо, акыретте болсо бейишти каалаган Аллах кепилдик берген. Ошондуктан бул кубанычтуу немат-жакшылыктарды Мусулмандар эч качан унутпай, бир-бирине бул жакын немат-жакшылыктарды сүйүнчүлөшү керек. Аллах Куранда ыймандуулардын бир-бирине сүйүнчүлөшүн буюрат:

**Эч күмөнсүз, Аллах ыймандуулардан –акысына аларга сөзсүз бейишти берүү үчүн- жандарын жана мал-мүлктөрүн сатып алган... (Тообо Сүрөсү, 111)**

**... (Бул) Тооротто, Инжилде жана Куранда Анын үстүндөгү чыныгы убада. Аллахтан да убадасына бекемирээк ким бар? Демек кылган бул соодаңардан улам сүйүнүп-сүйүнчүлөшкүлө. Улуу «кутулуу жана бакыт» мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 111)**

# ЭВОЛЮЦИЯ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – Жаратылууну (Жаратуучунун бар экенин) жокко чыгаруу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир жалган. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы байыркы Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория боюнча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория боюнча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин курттташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»**[1]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»**[2]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен белоктордун структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (аминокислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдары ачыкка чыккан.[3]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[4]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?[5]

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон белоктордун кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир белок үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир

маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын белоктордун (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон белоктордун жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.[6]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтууга мажбур болгон.[7]

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка

чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан.[8]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

«Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет».[9]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык

бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фоссилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

«Эгер теорияm туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.[10]

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.[11]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул

Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»[12]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, **«түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.**

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[13]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш боюнча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[14]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[15]

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[16]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»[17]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин уланууучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

«Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.[18]

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) белок кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз **атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт**. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

«Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз.[19]

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен

түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир карашты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

**Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим.**

Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат.[20]

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка**
**биздин эч кандай илимибиз жок.**
**Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү,**
**өкүмдар жана даанышмансың.»**
**(Бакара Сүрөсү, 32)**

# Индекс


- İmam-ı Şa’rani, Kısaltılmış Tezkire-i Kurtubi, 1. cilt, Tekin Kitabevi, Konya, 1995.
- İmam Şa’rani, Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahirzaman Alametleri, Muhtasaru Tezkireti’l Kurtubi, Bedir Yayınevi, İstanbul.
- u Prof. Dr. İbrahim Canan, Kütüb-i Sitte, 14. cilt, Akçağ Yayınları, Ankara, 1992.
- Ahmed Ziyaüddin Gümüşhanevi, Ramuz el-ehadis, cilt 1-2, Gonca Yayınevi, İstanbul, 1997.
- Cem'ul-fevaid min Cami'il-usul ve Mecma'uz-zevaid, İmam Muhammed Bin Muhammed Bin Süleyman er-RUDANİ, Büyük Hadis Külliyatı, 5. cilt, İz Yayıncılık, İstanbul.
- Abdülaziz Hatip, Dünya Ötesi Yolculuk, Gençlik Yayınları, İstanbul, Şubat 1994.
- Burhan Bozgeyik, Gençlik ve Ölüm, TÜRDAV a.ş., 2. baskı, Eylül 1995.
- Prof. Dr. Subhi Salih, Ölümden Sonra Diriliş, Kayıhan Yayınevi, İstanbul, 2. baskı.
- Bediüzzaman Said Nursi, Risale-i Nur Külliyatı, Nesil Basım Yayın, İstanbul, 1996.

# Булактар


1. Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, Marcel Dekker, New York, 1977, s. 2.
2. Alexander I. Oparin, Origin of Life, Dover Publications, New York, 1936, 1953 (yeni baskı), s.196.
3. "New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, cilt 63, Kasım 1982, ss. 1328-1330.
4. Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7.
5-. Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40.
6. Leslie E. Orgel, "The Origin of Life on Earth", Scientific American, cilt 271, Ekim 1994, s. 78.
7. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, s. 189.
8. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, s. 184.
9. B. G. Ranganathan, Origins?, The Banner Of Truth Trust, Pennsylvania, 1988.
10. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179.
11. Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, cilt 87, 1976, s. 133.
12. Douglas J. Futuyma, Science on Trial, Pantheon Books, New York, 1983, s. 197.
13. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, To plinger Publications, New York, 1970, 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, cilt 258, s. 389.
14. J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992.
15. Alan Walker, Science, cilt 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, J. B. Lipincott Co., New York, 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, cilt 3, Cambridge University Press, Cambridge, 1971, s. 272.
16. Time, Kasım 1996.
17. S. J. Gould, Natural History, cilt 85, 1976, s. 30.
18. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19
19. Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28.
20. Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s. 43.

**Раббибиз бүт адамдарды бүт нерсенин эң коозунан, эң кемчиликсизинен ырахат ала турган жана аларды өтө самай турган бир рух менен жараткан. Ушул себептен, адам жашоону түшүнө баштагандан баштап мындай кемчиликсиздикке жете алууну дайыма каалайт. Айланасында дайыма сулуулук менен немат-жакшылыктарды издейт. Бирок канчалык кааласа да, ал үчүн канча аракет кылса да, дүйнө жашоосунда эч качан көңүлүндөгү кемчиликсиздикке жете албайт. Себеби Аллах адамдын табиятын бейиште гана тоюп, көңүлүнүн каалоолору ошол жерде гана канааттана турган кылып жараткан. Аллах дүйнө жашоосун болсо атайын кемчиликтүү кылып жараткан. Албетте, дүйнө жашоосундагы мындай кемчиликтердин бир максаты бар. Раббибиздин минтип жаратышынын бир сыры – адамдардын бейиштин кемчиликсиз сулуулугун түшүнүшүнө жана бейишке жете алуу үчүн чын ниеттен аракет кылышына шарт түзүү.**

**Бүт адамдар оорулар, өлүмдөр, согуштар, уруштар, жамандыктар, кемчиликтер, кыйынчылыктар жок бир дүйнөнү эңсейт. Ушул максатта эч көйгөйү жок, бактылуу бир жашоону дүйнө шарттарында түзүүнүн жолдорун издейт. Бирок Аллах Куранда адамдардын андай жашоого бейиште гана жете алаарын кабар берген. Адамдан ал үчүн талап кылынган нерсе болсо өтө оңой. Адам Раббибиз ыраазы боло тургандай өмүр сүрүшү керек. Андан соң –Аллахтын каалоосу менен- өзү каалагандан жана кыялдана алгандан алда качан жогору, кемчиликсиз жана чексиз бакытка толо бир жашоого жетет.**